Альфа жана Омега

# Ыйык Китепти барактап чыгуу

## 40 сабак



Режеп жана Лэйла Айдын

*Альфа жана Омега*

# Ыйык Китепти барактап чыгуу

## 40 сабак



Режеп жана Лэйла Айдын

KITABI-KNIGI.COM

Үй-бүлөңүз үчүн электрондук китептер!
Тиркемени жүктөп, китептерди өзүңүздүн тилиңизде окуңуз.

KITABI-KNIGI.COM

Укук © 2023 Альфа жана Омега тарабынан. Бардык укуктар корголгон.
*alphaomegasilkroad@gmail.com*

Copyright © 2023 for the Kyrgyz edition.
Уруксат менен которулган. Бардык укуктар корголгон.

Төмөндө тизмеленгендерден башка бардык барактар үчүн иллюстрациялар, автордук укук © 2023 Джим тарабынан. Бардык укуктар корголгон. The Good Book Company тарабынан 67, 68, 125, 126, 192, 193 жана 194-беттердеги иллюстрациялар, автордук укук © 2016 Phil Crowter/The Good Book Company Ltd. уруксаты менен колдонулган. Бардык укуктар корголгон.

Бардык автордук укуктар корголгон. Аяттар Библиядан алынган. Инжил ЛС © 2005.

# Киришүү

Бул 40 сабактан турган курс сизге Ыйык Китептин тарыхын тереңирээк билүүгө жардам берет.

Ар бир сабакта сиз жооп бере турган суроолор камтылган. Ар бир суроодон кийинки кашаадагы сан, сабактын аягындагы жооптун санын билдирет. Суроого, даяр жоопту карабай туруп, өзүңүз биринчи жооп берүүгө аракет кылыңыз!

Ар бир сабакта Ыйык Жазуунун үзүндүсүнө шилтемелер бар. Эгерде алар **кара тамга** менен жазылса, аларды таап окуп чыгуу маанилүү. Ал эми алар **кара тамга** менен жазылбаса, анда убактыңыз болгондо окусаңыз болот.

Мен сиздин Ыйык Китептеги эң сонун окуялар тууралуу көбүрөөк билишиңиз үчүн жана аны башкаларга кубаныч менен айтып берип турушуңуз үчүн сыйынам!

# 1-сабак:
# Ыйык Жазуунун Китептери



Бул сабак үчүн сиз Ыйык Китебиңиздин башындагы мазмунун карашыңыз керек.

## Киришүү

- **Ыйык Китеп** — 66 китепти камтыган **китепкана**. Байыркы (Эски) Келишимде 39 китеп жана Жаңы Келишимде 27 китеп бар. Алар ар башка убакта ар кайсы авторлор тарабынан жазылган. Китептер бири-биринен жанрлары боюнча айырмаланат. Библияда тарыхый китептер, поэзия китептери, каттар жана башкалар бар.

  Библияда канча китеп бар? [1]

- **Ыйык Китеп 2 бөлүктөн турат:** Байыркы (Эски) Келишим жана Жаңы Келишим. Келишим макулдашуу дегенди билдирет. Байыркы Келишимде Кудай Өз эли менен ар түрдүү келишимдерди (макулдашууларды) түзгөн. Келишимдин кээ бир мисалдары: Ыбрайым менен, Нух менен, Синай тоосунда Ысрайыл уулдары менен, Дөөт менен түзүлгөн келишим. Жаңы Келишимде Кудай Ыйса Машаяктын каны менен Жаңы келишим түзгөн. Бул келишим Байыркы Келишимдеги бардык келишимдерден жакшыраак. Жаңы Келишимде Байыркы Келишимдеги бардык убадалар аткарылат.

  Ыйык Китеп канча бөлүктөн турат? [2]

  «Келишим» деген эмне? [3]

- **Ыйык Китептин эки бөлүгү тең — биз үчүн жазылган Кудайдын сөздөрү.** Ыйсанын убагында эле Ыйык Китеп — Байыркы Келишим бар болчу. Жүйүттөр аны «Ыйык Жазуу» деп атап, синагогаларда окушкан. Алар анын Кудайдын жетеги менен жазылганына ишенишкен.

  Элчилер өлгөндөн кийин ишенгендер Ыйса жөнүндө жазылган китептерди (Инжил) жана элчилер жазган каттарды чогултушкан. Ыйсанын шакирттеринин убагында эле машаякчылар, элчилердин каттары да Кудайдын жетеги менен жазылганын түшүнүшкөн (2 Петир 3:15–16). Пабыл Тиметейге мындай деп жазган:

*«Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу»* (2 Тиметею 3:16).

Ыйык Жазуу эмнеси менен пайдалуу? [4]

# Эски Келишим

Байыркы Келишимде дүйнөнү, адамдарды Кудай кантип жаратканы жана Өз **элин** кантип тандап алгандыгы тууралуу айтылат. Эски Келишимде Жаңы Келишимде гана аткарыла турган эң сонун убадалар бар.

Байыркы Келишимде ар түрдүү китептер бар: мыйзам китептери, тарых китептери, даанышмандык китептери жана пайгамбарлар китептери.

## Тоорат

Биринчи 5 китеп Тоорат деп аталат.

Ал дүйнө жаралгандан баштап, Кудайдын эли убада кылынган жерди басып алууга даяр болуп калуусу жана Мусанын өлүмүнө чейинки окуяларды камтыйт.

Тоорат бизге төмөнкүлөрдү:

1. Кудай кантип дүйнөнү жаратканын.
2. Адамдар кантип күнөөгө батышканын.
3. Кудай бардык адамдарды жок кылыш үчүн топон суу жибергенин, бирок Нухту жана анын үй-бүлөсүн сактап калганын.
4. Кудай Ыбрайымды Өз элинин атасы кылып тандап алганын, ошондуктан анын урпактары Кудайдын тандалган эли болгонун.
5. Кудай бул элди Муса пайгамбар аркылуу Мисир кулчулугунан куткарганын.
6. Синай тоосунда Кудай алар менен келишим түзгөн: Ал алардын Кудайы болот, алар болсо Анын мыйзамдарын аткарышат.
7. Кудайга баш ийбегендиктен, Кудайдын эли чөлдө 40 жыл жашоого аргасыз болгонун. 40 жыл аяктап калганда Кудай аларды убада кылынган жердин чегине алып барганын.
8. Муса жаңы муунду Кудайдын мыйзамдарына үйрөткөнүн айтып берет.

Кудай Ыбрайымга эң сонун убадаларды берген. Аларды Башталыш 12:1–7-аяттарынан окуй аласыз. Ыйык Китепте бул убадаларды Кудай кантип жүзөгө ашырары айтылат. Байыркы Келишимде Кудайдын убадалары жарым-жартылай гана аткарылган.

Ыбрайымга Кудай эмне берди? [5]

## Эски Келишимдин тарых китептери: Жашыянын башкаруусунан Эстерге чейинки Кудайдын элинин жашоосу

12 тарых китеби бар: алар убадаланган жердеги Кудайдын элинин тарыхы. Алар «Пайгамбарлардын жазмалары 1-бөлүм».

Кудай Өз элине башкаруучуларды жана падышаларды койгон, алар Кудайга тил алчаактык көрсөтүү менен, элдин үстүнөн бийлик жүргүзүүгө тийиш эле. Кудайдын элинин падышаларынын жана башкаруучуларынын көбү Кудайга баш ийбөөнү тандашкан.

Падышалардын ичинен эң зобололуулары Дөөт жана анын уулу Сулайман болгон. Алардын падышачылыгынын убагында Ыбрайымга берилген убадалардын баары аткарылгандай көрүнгөн. Бирок, Кудайдын эли, Ага моюн сунгандын ордуна, башка кудайларга сыйынуу жолун тандашат.

Акыр-аягында Кудай аларды башка жерге кууп жиберет. 70 жылдык сандалуудан кийин, Кудай элинин ичинен бир азы гана убадаланган жерге кайтып келишкен.

Эң зобололуу падышалар кимдер болгон? [6]

Эмне үчүн Кудай элин башка жерге кууп жиберген? [7]

## Даанышмандык китептер

Даанышмандык китептерине 5 китеп кирет: **Аюб, Забур, Сулаймандын Накыл сөздөрү, Насаатчы, Ырдын Ыры**.

Бул китептерде ыймандуу адам кантип жашашы керектигине байланыштуу даанышмандык окутуулар камтылган. Алар бизди даанышмандыкка — кантип ийгиликтүү жашаш керектигин үйрөтөт.

Забурда Кудайга сыйынуу жана даңктоо ырлары бар. Биз аларды

кызматыбызда жана сыйынууларыбызда колдоно алабыз!

Даанышмандык китептери бизди эмнеге үйрөтөт? [8]

Забур эмнеси менен пайдалуу? [9]

## Пайгамбарлардын китептери

Байыркы Келишимдин калган 17 китеби **пайгамбарлар китептери**. Пайгамбарлар Кудайдын кабарчысы болушкан.

Пайгамбарлар китептерин түшүнүү үчүн биз тарыхый китептерди билишибиз керек. Ал эми пайгамбарлар эмне деп жазганын түшүнүү үчүн алар кайсы убакта жазылганын билишибиз керек:

1. Кээ бир пайгамбарлар Ысрайыл падышаларынын убагында жазышкан. Пайгамбарлар, эгерде Кудайдын эли Ага кайрылып келишпесе, алар жазалана тургандыктарын **эскертишкен**.

2. Кээ бир пайгамбарлар китептерин, Кудайдын эли туткунда жүргөн маалда жазышкан. Алар Кудайдын элин, Кудай аларды түбөлүккө четке какпаганын айтып **сооротушкан**.

3. Алардын айрымдары сүргүндөн мекенине кайтып келгенден кийин жазышкан. Алар элди, Кудай алардын шермендечилигин өчүрүп салат деген убада менен **шыктандырышкан**.

Пайгамбарлар аркылуу Кудай өз элине **эскертүү берип , сооротуп жана бекемдеп турган**.

Пайгамбарлар китептерин түшүнүү үчүн эмнени билишибиз керек? [10]

Кудайдын пайгамбарлар аркылуу жасаган 3 нерсеси? [11]

# Жаңы Келишим

Жаңы Келишимде биз Кудай Өзү — Ааламдын Жаратуучусу — кантип биздин дүйнөгө келип, жеткилең адам болуп калганы жөнүндө окуй алабыз. Ыйса — Кудай убада кылган Падыша, куткарылуу алып келген Машаяк. Жаңы Келишимде Байыркы Келишимдеги бардык убадалар аткарылат.

Башкача айтканда, Ыйык Китепте бир гана каарман бар, ал — Ыйса Машаяк.

Күнөө бизди Кудайдан ажыратат. Ыйса биздин күнөө менен болгон көйгөйүбүздү чечүүнүн жолу болуп калды.

Библиянын башкы каарманы ким? [12]

Жаңы Келишимде да ар кыл китептер бар.

## Инжил жана Элчилердин иштери — Жаңы Келишимдин тарыхый китептери

**Инжил** — Ыйсанын жашоосун баяндаган алгачкы 4 китеп. Аларды төрт адам жазган: **Матай, Марк, Лука, Жакан**.

**Машаяктын элчилеринин иштери**. Китеп Лука тарабынан жазылган жана Кудайдын элинин жаңы үй-бүлөсүнүн — Анын жыйынынын жаралышы жөнүндө баяндайт. Анда биз Машаяктын Жакшы Кабары көптөгөн өлкөлөргө кантип тараганын билебиз.

Жаңы Келишимде канча тарыхый китеп бар? [13]

Машаяктын элчилеринин иштерин ким жазган? [14]

## Каттар

Жаңы Келишимдеги 21 кат: Петир, Жакан, Пабыл жана башка элчилерге таандык. Каттар жыйындарды тарбиялоо, кубаттоо жана түздөө максатында жазылган.

Каттарды ким жазган? [15]

### Аян

**Аян** — Ыйык Китептин акыркы китеби. Анда элчи Жакан бизге Ыйса күнөөнү, өлүмдү жана шайтанды жеңгенин ачып берет! **Кудай** жана **Анын эли** Жаңы Жерде чогуу жашашат! Ал жашоо эч качан токтобойт. Бул Кудайдын ыбрайымга берген убадаларынын толук аткарылышы!

Ким Жаңы Жерде адамдар менен чогуу жашайт? [16]

## Практикалык тапшырма

Күн сайын Ыйык Китептен бир нече аят окуңуз. Өзүңүзгө төмөнкү суроолорду бериңиз:

1. Бул жерде Кудай (Ата, Уул, Ыйык Рух) жөнүндө эмне жазылган?
2. Бул үзүндүдө биз адамдар жөнүндө эмнелерди билдик?
3. Баш ийгиле деген буйрукпу, эскертмеби же үлгүбү?
4. Бул үзүндүдөн Кудай бизди эмнеге үйрөтөт?
5. Муну мен ким менен бөлүшө алам?

Жоопторуңузду блокнотко же дептерге жазыңыз.

## Жооптор

1 – 66.
2 – Байыркы (Эски) Келишим жана Жаңы Келишим.
3 – Келишим осуят дегенди билдирет.
4 – Окутуу, ашкерелөө, оңдоо, адилдикке үйрөтүү үчүн.
5 – Сонун убадалар.
6 – Дөөт жана анын уулу Сулайман.
7 – Кудайдын эли Кудайга баш ийбей жашап, башка кудайларга сыйынып кетишкен.
8 – Даанышмандык — ийгиликтүү жашоонун ачкычы.
9 – Биз аны кызматыбызда жана сыйынуубузда колдоно алабыз!
10 – Биз алардын качан жазылганын билишибиз керек.
11 – Пайгамбарлар аркылуу Кудай Өз элин эскертип, сооротуп, кайраттандырган.
12 – Ыйса Машаяк.
13 – 5.
14 – Лука.
15 – Петир, Жакан, Пабыл жана башка элчилер.
16 – Кудай жана Анын эли.

## 2-сабак:

# Эӊ башында



**Башталыш 1:1—2:15** окуңуз (Башталыш китебинин 1-чи бөлүмүнүн 1-чи аяттынан , 2-чи бөлүмү 15-чи аяттына чейин).

## Үч Бирдик

**Башталыш 1:1:** *Эң башында Кудай асман менен жерди жаратты.*

Кудай асман менен жерди жаратканга чейин эмне болгон? [1]

**Башталыш 1:3:** ***Ошондо Кудай:*** *«Жарык болсун!» — деди. Жарык пайда болду.*

Кудай дүйнөнү кантип жараткан? [2]

**Жакан жазган Жакшы Кабар 1:1—3** окуңуз. *«Эң башында Сөз бар болгон, Сөз Кудайда болгон жана Сөз Кудай болгон».*

Башында Кудай менен ким болгон? [3]

**Жакан жазган Жакшы Кабар 1:14—17** окуңуз. «Сөз» деген ким? [4]

**Башталыш 1:2:** ***Жер болсо көрксүз, ээн болчу, түпсүз туңгуюкту*** *караңгылык каптап турчу. Кудайдын Руху суу үстүндө калкып учуп жүрчү.*

Суунун үстүнөн ким калкып учкан? [5]

Ошентип Ыйык Китептин эң биринчи бөлүмүндө биз Үч Бирдикти көрөбүз: Кудай, Уул (Сөз) жана Ыйык Рух.

**Башталыш 1:26–27** окуңуз. Кудайдын биздин бейнебиз жана Өзүбүзгө окшош деп айтканына көңүл буруңуз.

Мындан улам биз Кудайдын бир экенин, бирок башка көз караштан жалгыз эмес экенин көрөбүз.

**Мыйзамды кайталоо 6:4** окуңуз. Кулак сал, Ысрайыл: силердин Кудай-Теңириңер — бир Кудай.

Биз канча кудайга табынып жатабыз? [6]

Биз үч кудайга табынган жокпуз. Биздин Кудайыбыз Бирөө — бирок үч Инсан. Бир Кудайда бири-бирин сүйгөн үч Инсан бар.

Бул романтикалык сүйүү эмес, башкаларды кубанта турган туруктуу, өзүн аябастан берген сүйүү.

Кудай — сүйүү (1 Жакан 4:8). Биз сүйүү көрсөтүшүбүз үчүн, бизге кимдир-бирөө керек. Сүйгөнгө адамыбыз болбосо, сүйүү мүмкүн эмес! Ата, Уул жана Ыйык Рух дүйнө жаралганга чейин эле бири-бирин сүйүшкөн.

**Мыйзамды кайталоо 6:5** окуңуз. Кудай өз элине эмне кылууну буйруйт? [7]

Кудай дүйнөнү жаратканга чейин эмне кылса, ошону кылуубузду айтат. Кудай бизди Аны жана жакындарыбызды сүйүп жашашыбыз үчүн жараткан.

Биз Үч Бирдикти Эски жана Жаңы Келишимде жолуктурабыз. Мисалы:

- Башталыш 18–19-баптарда: Кудай асманда да, жерде да бар. Албетте, Кудай Ата асманда, бирок биз Кудайдын Ыбрайым менен адам катары сүйлөшүп жатканын көрөбүз. Бул кантип болушу мүмкүн? Качан Кудай — бир Кудай, бирок Үч Бирдиктен турарын түшүнгөндө, бул бизге анык болот.
- Жакан 14:16–17-аяттарында Ыйса Атасы Кудайдан шакирттерине Ыйык Рухту жиберүүсүн суранарын айтат.

Ыйык Китептин кайсыл жеринде биринчи жолу Үч Бирдик тууралуу айтылат? [8]

# Адамдар Кудай менен мамиледе болуу үчүн жаратылган.

**Башталыш 1:26–27** окуңуз. Адам жаныбарлардан эмнеси менен айырмаланат? [9]

Кудайдын келбетинде жаратылды деген эмнени билдирет? [10]

Кандай адамдар Кудай алдында кадыр-баркка жана баалуулукка ээ? Чоңдорбу? Байларбы? Күчтүүлөрбү? Акылдууларбы? [11]

Кудай жараткандарды биз четке какпашыбыз керек. Биз жашына, өңүнө, жөндөмдүүлүгүнө, ж.б. карабастан, бардыгын сүйүү үчүн жаратылганбыз.

**Аян 4:11** окуңуз. Эмне үчүн биз Кудайга табынышыбыз керек? [12]

Биз Кудайга табыныш үчүн жаралганбыз. Качан биз Кудайга табынууда болгондо, бул Кудайга жана бизге кубаныч алып келет!

# Адамдын милдети

Кудай Адам ата менен Обо энени Эйден багына жайгаштырып, аларга бүт дүйнөнү берди!



**Башталыш 1:28** окуңуз. Кудай аларга эмне кылууну айтты эле? [13]

Бул эмнени билдирет? Кудай алардын эмне кылышын каалаган? [14]

Эмне үчүн Адам ата жаныбарлардын үстүнөн падышачылык кылышы керек эле? Жаныбарлар эмнеси менен пайдалуу? [15]

Кудай аларга жерди коргош үчүн берген эмес. Ал аларга Музейдегидей сымал, жерде эч нерсени өзгөртпөй сакта деп айткан эмес.

Кудай аларга жерди пайдалануу үчүн жана өздөрүнө жаңы нерселерди ачыш үчүн берген. Кудай Адам ата менен Обо эненин дүйнөнү андан дагы жакшыраак кылышын каалаган.

Адам ата менен Обо эне **бул дүйнөнү Кудайдын бийлиги астында башкаруу үчүн** Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган.

**Башталыш 2:9** окуңуз. Эмнеге Кудай дарактарды көп кылып жараткан? [16]

**Башталыш 2:10—14** окуңуз. Эмнеге Кудай аларды дарыянын жээгине отургузган? [17]

Деңиз менен дарыянын жээгинде кум бар. Эмне үчүн Кудай бизге кумду берген? [18]

**Башталыш 2:12** окуңуз. Кудай алар таба алгыдай кандай жакшы нерселерди жараткан? [19]

Эмне үчүн Кудай бизге асыл таштарды, алтынды берген? [20]

**Башталыш 2:15** окуңуз. Адам ата эмне кылышы керек эле? [21]

Биз эмгектениш үчүн жаралганбыз! Жумушу жок, эртеден кечке эч нерсе кылбай отурган адамды элестетсеңиз. Бул абдан жаман!

Адамдарды жаратып жатып, Кудай өзүбүздү багыш үчүн жер иштетүү менен гана чектелип калбашышыбызды каалаган. Кудай өзүбуз жашап жаткан бул дүйнө менен ырахаттанып, кубанычта

жүрүшүбүздү каалайт. Биз үчүн Кудай жаратып койгон дүйнөдө жыргап жашашыбыз үчүн эмне кылсак болот? [22]

Биз дүйнөнү мындан дагы жакшыраак кылыш үчүн кандайдыр-бир иштерди кылганыбызда, Кудайдын Даңкын кошо алып келген болобуз. Ал эми дүйнөгө зыян келтиргенибизде Кудайды маскаралаган болобуз. Мисалы: таштандыларды ар кайсыл жерге таштап салуу.

## Өз жашооңузда Кудайды кантип даңктайсыз?

# Жооптор

1 – Эч нерсе боло элек болчу, бирок Кудай ар дайым бар болгон.
2 – Ал айтканда пайда болду. Ал Сөз менен жараткан.
3 – Эң башында Сөз Кудай менен болгон.
4 – Ыйса.
5 – Кудайдын Руху.
6 – Бир!
7 – Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен сүй.
8 – Биринчи бөлүмдө.
9 – Биз Кудайга окшош болгондугубуз менен айырмаланабыз.
10 – Биз сүйлөшө алабыз, сүйө алабыз, жаза алабыз, келечекке план түзө алабыз, эң негизгиси – Кудай менен баарлаша алабыз.
11 – Ар бир адам, ал тургай, кичинекей балдар жана майып адамдар да Кудайдын бейнеси катары кадыр-баркка жана баалуулукка ээ.
12 – Анткени, бизди Ал жараткан.
13 – Укумдап-тукумдагыла, жер жүзүн толтургула, жерди ээлегиле
14 – Ал алардын:
- укумдап-тукумдашын;
- мөмөлүү дарактарды, жаңгак дарактарын, жашылчаларды, күрүч, буудай ж.б.у.с өстүрүшүн;
- кофе, шоколад, татымалдарды табышын каалаган.

15 – Жаныбарлар адамдын жашоосунун ар кайсы тармагында пайдалуу:
Сүт менен жумуртка-тамак ашка,
Жүн-кийим менен жылуу жуурканга,
талаадагы соко сүйрөөдө, үй оокатына жардам берүү үчүн арабаны сүйрөөдө, саякаттоодо буюмдарды ташууга (айрыкча жылкылар),
курмандык үчүн (Башталышы 4:4),
тамак үчүн (9:3 — Кудай Нухка эт жесе болорун айткан).
16 – Дарактар бизге:
- даамдуу жемиштерди берүү үчүн;
- от жагыш үчүн отун катары;
- үйлөрдү кура алышыбыз үчүн;
- эмеректерди жана музыкалык аспаптарды жасашыбыз үчүн;
- аларды күзүндө, өзгөчө түстөр өзгөргөндө жагымдуу жалбырактарын карашыбыз үчүн берилген. Бак-дарактар жок жерлер абдан кейиштүү!

17 – Дарыялар адамга иче турган таза суу катары берилген. Адамдар дарыяларды бойлой саякатташчу, анткени башында жол жок болчу. Эйден багы түрмө эмес болчу!
18 – Кумдан сепилдерди кура алышыбыз үчүн!
айнек жасоо үчүн;
Телефондор менен компьютерлер үчүн чиптерди жасай алышыбыз үчүн.
19 – Алтын, жыпар жыттуу чайыр, оникс таш.
20 – Адамдар өздөрүнө көрк кошуш үчүн;
Күйөөлөр аялдарына сүйүү көрсөтүшү үчүн!
Бизде акча болушу үчүн.
Бир күнү компьютерлерди жана телефондорду жасай алышыбыз үчүн.
Бир күнү алар асмандагы ийбадаткананын сүрөтү болчу ийбадатканы коооздош үчүн (Аян 21:18–20).
21 – Бак өстүрүп, ага кам көрүү.
22 – Кудайга даамдуу тамак жасаганыбыз;
үйүбүздү кооз жана ыңгайлуу кылып алганыбыз биз муктаж адамдарга меймандостук көрсөтө алабыз;
жаңы нерселерди ойлоп тапканыбыз абдан жагат.
Сизде дагы кандай идеялар бар?

# 3-сабак:
# Күнөө



## Эйден багы

**Башталыш 3:1–24** чейин окуңуз.

Шайтан Обо энеге жылан түрүндө эмне деген (3:1, 4–5)? [1]

Ал Кудайды айкөл эмес жана адамды алдап жатат деп божомолдойт.

Шайтан чындыкты айттыбы? [2]

Адам ата менен Обо эне мурунтан эле Кудай сыяктуу болгон, алар Анын бейнеси боюнча жаратылган! Эми аларга Кудайдын бейнеси боюнча жаратылбаган бир жандык сүйлөп жатат. Ал аларга анын айткандарын аткарышса, алар Кудайдай болуп калышарын айтат!

Эгер Адам ата күнөө кылбаганда эмне болмок (3:24)? [3]

Шайтан айткан илим алар үчүн жакшы беле? Бул аларды бактылуу кылдыбы? Алар 7-аяттан эмнени үйрөнүшкөн? [4]

2:15-аятта Кудай Адамга кандай жумуш берген? [5]

Жылан аларга сүйлөп баштаганда, алар эмне кылышы керек эле? [6]

Адам ата менен Обо эне Кудайды четке кагышкан. Алар бактылуу болушу үчүн Кудай аларга баарын берген. Бирок бул аздык кылып, алар өзүн-өзү билип жашаш үчүн, Кудайдын ордунда болууну каалашкан.

Бул деген кыйроо! Биз да ошондой кылабыз! Качан биз Кудайга баш ийбей, шайтанды угууну чечкенде, Аны капа кылабыз.

Биз Кудайдын жашообузда бийлик кылышын каалабайбыз. Биз өзүбүз каалагандай жашагыбыз келет.

Аныбыз менен биз Кудайды каардантабыз.

Биз кандайча Адам ата менен Обо энеге окшошпуз? [7]

# Адам ата менен Обо эненин күнөөсүнүн 5 беш кесепети

## 1. Алар уялышкан

**Башталыш 3:7:** Адам ата менен Обо эне күнөө кылганда, абдан туура эмес иш кылышканын дароо түшүнүшкөн. Алар уялышкан. Алар эмне кылышты? [8]

Алар бактылуу эле, алар эми бири-биринен уялышып, өздөрүн жаман көрүп калышты.

## 2. Күнөө алардын бири-бири менен болгон мамилесин бузду

**Башталыш 3:12:** Адам ата эмне кылып жатат? [9]

**Башталыш 3:16:** Адам ата менен Обо эне бири-бирине кандай мамиле кылып калышты? [10]

Тилекке каршы, бул эреже оңой эле таш боор жана өзүмчүл болушу мүмкүн. Бирок бул Кудайдын үй-бүлөлүк жашоо планы эмес.

## 3. Кудай жерди каргады

**Башталыш 3:17–18:** Жер-жемиштердин өсүп чыгып, жемиш беришине күнөө кандай таасир этти? [11]

## 4. Күнөө оору менен өлүмдү алып келди

**Башталыш 3:16–19:** Алардын жашоосу кандай болуп өзгөрүлдү? [12]

Кудай ырайымдуу — Адам ата менен Обо эне дароо өлүшпөйт. Кудайдын адамдарды куткаруу планы бар!

## 5. Күнөө алардын Кудай менен болгон мамилесин бузду

**Башталыш 3:8:** Алар Кудай менен сүйлөшкүсү келеби? [13]

**Башталыш 3:21:** Кудай аларды дароо бакчадан куубайт. Кудай эмне кылды? [14]

Кудай адамдардын күнөөлөрүн Өзүнө алып, алардан шермендечиликти алып салыш үчүн келет. Кудай менен элдешүү дайыма мээримдүү Кудайдын демилгеси менен башталат. Жаныбарлардын өлүмүнө көңүл буруңуз. Адамдардын Кудай менен кайрадан мамилелеше алышы үчүн кимдир-бирөө өлүшү керек болчу.

**Башталыш 3:23:** Кудай эмне кылды? [15]

Мындан ары алар Кудай менен бирге жашай алмак эмес. Күнөө бизди Кудайдан түбөлүккө алыстатат.

Адам менен Обо эненин күнөөсүнүн 5 кесепети кандай? [16]

1.

2.

3.

4.

5.

Күнөө баарын талкалады. Күнөө өлүмгө жана тозокко алып барат. Бирок муну менен баары бүтпөйт!

# Биринчи жана экинчи Адам

Бул баяндын ортосунда Кудай бизге үмүт берет.

**Башталыш 3:15:** Обо эненин тукуму эмне кылат? [17]

Бул эмнени билдирет? [18]

Эски Келишимдин калган бөлүктөрү бул адам ким болорун түшүнүүгө алып барса, Жаңы Келишим бул экинчи Адам ким экенин ачып берет.

**1 Коринттиктерге 15:21–22:** *«Өлүм бир адам аркылуу келген сыяктуу эле, өлгөндөр бир Адам аркылуу тирилишет. Адам атанын айынан баары өлүштү, ал эми Машайак аркылуу баары тирилишет».*

Экинчи Адам ким? [19]

Өлүм бизге кантип келген? [20]

Эмне аркылуу биз жашоо мүмкүнчүлүгүн алабыз? [21]

Эгерде күнөө кылсак, өлүмгө татыктуубуз. Ыйса биз түбөлүк жашай алышыбыз үчүн биздин ордубузга өлүш үчүн келген (**Жакан 3:16**)!...

## Күнүмдүк тапшырма

Ар бир адамга өз күнөөсүн көрүү өтө кыйынга турат. Ошондуктан күнүгө Кудайдан күнөөлөрүбүздү көрсөтсүн деп суранышыбыз маанилүү. Мындай кылуу, бизге Кудайга жаккандай жашоого жардам берет.

**Забур 138:23–24:** *Кудайым, мени сынап, жүрөгүмдү бил; мени сынап, ойлорумду бил. Кара, мен коркунучтуу жолдо эмесминби, мени түбөлүктүү жолдо жетектеп жүр.*

## *Кошумча:* Бирок шайтан менен жамандык кайдан пайда болгон?

**Башталыш 1:31:** Кудай Өзү жараткан нерселердин баары жөнүндө эмне деп айтты эле? [22]

**Колостуктарга 1:15–16:** Бул аяттар Ыйса жөнүндө. Ал эмнени жараткан? [23]

Рухтарды ким жараткан? [24]

Биз Кудайдын жаратуусунан эмес, Жараткандан коркушубуз керек!

Ибилис (шайтандын аты) жана жамандык кайдан пайда болгон? Кудай ар бир адамга Ага баш ийүү же баш ийбөө тандоосун берет. Эгер бизге тандоо укугун бербегенде, роботтордой болмокпуз. Эркин тандоо болбосо, биз Кудайды сүйө алмак эмеспиз.

**Аян 12:7–9:** Михаел деген ким (Жүйүт 1:9)? [25]

Ажыдаар деген ким? [26]

Эң башында эмне болгон? [27]

Кудайга каршы чыккан периштелер жинге айланган. Кудайга ишенимдүү бойдон калган периштелер Кудайга жана Анын элине кызмат кылып келишет (Эвр. 1:14).

Ыйса өзүнүн өлүмү жана тирилүүсү менен шайтанды жеңген. Бирок Шайтан дагы эле Кудайга жана Анын элине каршы күрөшүп келет. Кудай бизге Аны менен жашашыбыз үчүн керектүү курал-жарактарды берген (Эфестиктер 6:10–18). Кудай берген соотту кийип, жашообуздун ар бир күнүндө колдонушубуз керек!

**Аян 20:10:** Ыйса кайтып келгенде, Шайтанга эмне болот? [28]

Күнөө жок кылынды, эми ал жок! Биз Ыйса менен Жаңы Жерде түбөлүккө эч кандай жамандыксыз жашайбыз!

**Бүгүн кандай күнөөлөрүңүз үчүн тообо кылышыңыз керек?**

## Жооптор

1 – **3:1-аят:** *Жараткандын: «Бейиштеги эч бир дарактын жемишинен жебегиле» дегени чынбы?*
**3:4–5:** *Жок, силер өлбөйсүңөр... бирок Кудай силердин анын жемишинен жеген күнү көзүңөр ачылып, жакшылык менен жамандыкты билген Кудайдай болуп каларыңарды билет.*
2 – Жок!
3 – Алар өмүр дарагынан жеп, түбөлүк жашашмак.
4 – Алар жылаңач экенин билишти. Муну билүү алар үчүн жакшы болгон жок. Алар Кудайга азыраак окшош болуп калышты, бул аларды бактысыз кылды.
5 – Кудай ага Эйден багына бак өстүрүп, ага кам көрүү жумушун берген.
6 – Бакчага кам көрүш үчүн алар жыланды өлтүрүп же жок дегенде аны бакчадан кууп чыгышы керек болчу.
7 – Биз Кудайга баш ийбей, Шайтанга баш ийгенде Кудайды капа кылабыз. Биздин үстүбүздөн Кудайдын башкаруусун каалабайбыз. Биз өзүбүз каалагандай жашагыбыз келет.
8 – Алар жылаңач экенин түшүнүштү; анан анжырдын жалбырагынан өздөрүнө алжапкыч тигишти.
9 – Ал Кудайды (**сен** мага берген аял деп) жана Обо энени күнөөлөйт — «бул менин күнөөм эмес — бул анын күнөөсү!»
10 – Эми үй-бүлөнү ким башкарат деген күрөш болот. Ал анын бийлигине нааразы болот.
11 – Жер иштетүү, жашылча-жемиш өстүрүү оор болуп калды.
12 – Алар оору жана өлүм эмне экенин билишти. Алар түбөлүк жашоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышты.
13 – Жок, алар Кудайдан жашынышты.
14 – Ал айыпсыз жаныбарды өлтүрүп, алардын уятын жабат.
15 – Кудай Адам ата менен Обо энени Эйден багынан кууп чыккан.
16 – 1) Алар бири-биринен уялып башташты.
2) Күнөө алардын бири-бири менен болгон мамилесин бузду.
3) Кудай жерди каргады.
4) Күнөө ооруну жана өлүмдү алып келди.
5) Күнөө алардын Кудай менен болгон мамилесин бузду.
17 – Ал шайтандын башын жанчыйт.
18 – Кудай шайтанды жеңүүчүнү жиберет!
19 – Ыйса Машайак.
20 – Адам аркылуу.
21 – Ыйса менен болгон байланыш аркылуу.
22 – Кудай жараткандын баары абдан жакшы болгон.
23 – Көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн нерселердин баары.
24 – Ыйса.
25 – Башкы периште.
26 – Шайтан.
27 – Асманда согуш болгон. Михаел менен анын периштелери Шайтанга жана анын жардамчыларына каршы согушкан. Ошондо Шайтан жана анын жардамчылары асмандан куулуп чыгарылган.
28 – Ал шайтанды тозокко жиберет.

4-сабак:

# Кудай жамандыкты жактырбайт



Базардан чириген жемиштерди сатып алганда эмне кылабыз? [1]

Биз ошол бузулган жемиш сыяктуубуз! Сыртыбыздан ичибиздеги чириктерибиз көрүнбөйт. Сыртыбыздан баарыбыз жакшы көрүнөбүз, бирок Кудай адамдардын бузулганын билет. Кудай биздин жүрөгүбүздү көрүп турат!

**Башталыш 6:5–22** окуңуз.

**Башталыш 1:31:** Кудай Өзү жараткан нерселердин баары тууралуу эмне деген? [2]

**Башталыш 6:6:** Кийинчерээк болуп кеткен нерселерге карата Кудайдын жүрөгү кандай? [3]

Бардык адамдар арам ойлуу болуп калышты. Кудай кандай кылышы керек? [4]

Ал эмне кылды? [5]

Бирок Кудай Ыйык эле эмес, Ал сүйүп туруучу Кудай. Кудай дүйнөнү соттош керек, бирок Ал бардык адамдардын өлүшүн каалабайт.

**Башталыш 3:15:** Кудай кимди жиберүүнү убада кылган? [6]

Адамдар Кудайдын шайтанды жеңүү планынын бир бөлүгү болуп калышты!

**Башталыш 6:8:** Кудай кимди куткарууну чечти? [7]

**Башталыш 6:14:** Кудай Нухка эмне кылууну буйруган? [8]

**Башталыш 6:18–19:** Ким куткарылат? [9]

Ал кайык жөнөкөй кайык эмес, 3000 адам бата турган чоң кеме болчу!

Нух адамдарга топон суу тууралуу айтканда, алар аны шылдыңдап күлүшкөн. Адамдар аны акылынан айнып калды деп ойлошкон!

Акырында аларга эмне болду? [10]

Бул биздин күнөөлөрүбүздүн көйгөйүн чечтиби? [11]

**Башталыш 8:20–22** окуңуз.

Топон суудан кийин Нух эмне кылды? [12]

Кудай Нухка кандай убада берген? [13]

**Башталыш 9:12–16** окуңуз. Кудай Нух менен кандай келишим түзгөн? [14]

Кудайдын Нухка берген кереметтүү убадасы Кудайдын адамзаты үчүн. Жөн гана кээ бири үчүн эмес, БҮТКҮЛ адамзатка карата болгон ырайымын көрсөтөт. Кудай адамдардын өлүшүн каалабайт. Ал баарын сүйөт!

Асмандагы асан-үсөн бизге Кудайдын бардык жаратууларына болгон ишенимдүүлүгүн жана сүйүүсүн эске салат!

# Жаңы Келишим

Кудай бүгүнкү күндө жашап жаткан адамдар жөнүндө эмне дейт?

**Римдиктерге 3:10–18** [15]

**Римдиктерге 3:23** [16]

Бардык адамдар күнөөкөр жана бузуку. Кудай дүйнөнү соттош үчүн келет. Ал бардык бузулган жемиштерди ыргытат.

Матай китебинин 25-бөлүмүндө Ыйса бул жөнүндө мындай дейт:

**Матай 25:31–32:** *Адам Уулу Өз атак-даңкы менен, Өзүнүн бардык периштелери менен келгенде, Өзүнүн даңктуу тактысына отурат. Бардык эл Анын алдына чогулат. Койчу койлорду эчкилерден бөлүп алгандай эле, Ал адамдарды экиге бөлөт.*

Жамандарга Ал эмне дейт **(Матай 25:41)**? [17]

Адамдын башына келе турган тагдырдын эң коркунучтуусу — бул адамдын Ыйсанын сотуна келиши!

Эски Келишимде Нух Кудайдын сотунан кантип куткарылган? [18]

Биз үчүн Кудайдын сотунан кутулуунун жалгыз жолу Ыйса. Ыйса биздин кемебиз. Биз 100 пайызга бузулганбыз. Кудай бардык нерседе кемчиликсиз! Болгону, биз кемеге киришибиз керек! Биз Ыйсага жана күнөөлөрүбүздүн кунун төлөгөн Анын өлүмүнө ишенишибиз керек.

Эл Нухтун убагында аны кандайча шылдыңдап күлүшсө, бүгүн да бизди ошентип шылдыңдап күлүшөт.

Кудай бизге кандай тапшырма берди? [19]

### Бул сабакта Кудай сага эмне деп сүйлөдү?

### Алган билимиңиз менен бөлүшө турган кимдир-бирөө барбы?

### Жашооңузда тобо кылыш керек болуп жаткан күнөө барбы?

## Үй тапшырма

Кийинки сабакка чейин Башталыш китебинин 6–9 жана 11:1–9 бөлүмдөрүн оку.

# Жооптор

1 – Биз аларды ыргып таштайбыз!
2 – Баары абдан жакшы болгон. Кудай кубанычка батып, ыраазы болгон.
3 – Кудайдын жүрөгү кыйналып, ооруйт.
4 – Аларды ыргытып жибериши керек!
5 – Топон суу аркылуу жок кылды.
6 – Шайтанды жеңүүчүнү.
7 – Кудай Нухту тандап алды.
8 – Кеме курууну.
9 – Нух, анын үй-бүлөсү жана ар бир түрдөгү жаныбарлар жуп-жубу менен.
10 – Бардыгы топон сууга чөгүп, кырылып калышты.
11 – Жок.
12 – Нух Кудайга ыраазычылык курмандыгын чалды.
13 – Кудай мындан ары топон суу болбойт деп убада кылды.
14 – Асан-үсөн!
15 – Бир да адил адам жок.
16 – Бардык адамдар күнөөгө батышты.
17 – Ал алардын тозокко түшөрүн айтат.
18 – Нух Кудайга баш ийип, кемеге кирди.
19 – Биздин милдет — адамдарга Кудай алдында тобо кылып, кемеге кирүү мүмкүнчүлүгүн берүү. Бул Ыйсаны кабыл алуу дегенди билдирет — бирок бул аларга кызыктай сезилиши мүмкүн.

## 5-сабак:

# Ыбрайымга берилген убада



Нухтун урпактары Кудайды унутушту. Алар башка кудайларга сыйынып кетишти.

Кудай Ыбрайымды Өз элинин атасы кылып тандаганга чейин жүздөгөн жылдар өттү.

## Үч убада

**Башталыш 12:1—7** чейин окуңуз.

Кудай Ыбрайымга кандай 3 убада берген? [1]

### 1. Бата

**Башталыш 3:16—19:** Кудай жараткан дүйнөгө эмне болду? [2]

**Башталыш 12:3:** Ыбрайым аркылуу Кудай эмне кылууну убада кылат? [3]

Бул убада аркылуу биз кандай чоң батага ээ болдук? [4]

### 2. Эл

**Башталыш 21:5:** Саара Ыскакты төрөгөндө Ыбрайым канча жашта эле? [5]

Уулдун төрөлүшү керемет болгон! Кудай Ыскактын өзгөчө уул экенин көрсөтөт.

**Башталыш 12:2:** Эмне үчүн Ыскак өзгөчө бала болгон? [6]

## *Кошумча:*



Кудай Кудай Ыбрайымга коркунучтуу сыноо берген Кудайга чындап эле ишенер-ишенбесин текшерип текшерип көрүш үчүн аны оор сыноого салып сынады беле?

**Башталыш 22:1–18** окуңуз.

Кудай Ыбрайымга өзүнүн жалгыз уулун курмандыкка чалышын буйрат, ошол уул аркылуу Кудай дүйнөгө батасын берүүнү убада кылган эмес беле! Мындай буйруктун таптакыр мааниси жоктой көрүнсө да, Ыбрайым Кудайга баш ийип, Ал Өз убадаларын аткарарына ишенген.

Ыбрайым Ыскакты курмандыкка чалмакчы болгондо,Теңирдин периштеси токтотуп, уулунун ордуна бир кочкорду берет, Ыбрайым аны курмандыкка чалат.

Биз Кудайдын баланын өлүмүнүн ордуна жаныбарды курмандыкка даярдап койгонун көрөбүз. Жаңы Келишим кантип Кудай Өз Уулун курмандыкка бергенин жана Анын биздин ордубузда өлгөнүн көрсөтөт. Эч бир жаныбар Аны алмаштыра албайт. Биздин күнөөлөрүбүздү жууй турган башка курмандык жок.

Кудайдын планы боюнча, Ыбрайым Ыскак аркылуу денедеги эле эмес, рухий балдарга да ээ болмок.

**Галатиялыктарга 3:7** окуңуз. Жаңы Келишимде кимдер Ыбрайымдын уулдары? [7]

Жаңы Жаратууда Кудайдын элине кимдер кошулат **(Аян 7:9)**? [8]

## 3. Жер

**Башталыш 17:8:** Ыбрайымдын урпактарына Кудай кайсы жерди берүүнү убада кылган? [9]



Ыбрайым эч качан Канаан жерине ээлик кылган эмес. Башталыш китебинин 23-бөлүмүндө ал аялы Сааранын сөөгүн коюу үчүн жер сатып алат. Кудай өз элине жерди бергенге чейин 500 жылдай убакыт өтөт.

**Эврейлерге 11:8–10:** Ыбрайым кандайча ишенимдин эң сонун үлгүсү боло алды? [10]

Бирок...

**Башталыш 46:6:** Үч муун өткөндөн кийин Ыбрайымдын урпактары жашаганы кайда барышат? [11]

**Мисирден чыгуу 2:23:** Кудайдын эли менен эмне болгон? [12]

Кудайдын эли Анын убадаларын алышы үчүн Куткаруучу керек.

Ыйык Китепти изилдеп чыгып, биз Кудай убадасын кантип аткарганын билебиз:

Байыркы Келишимде Кудай Ыбрайымга берген убадаларын аткара баштаганын окуйбуз. Жаңы Келишимде Ыйса — Кудай Ал аркылуу бардык убадаларын аткарган Адам экенин окуйбуз.

Кудайдын убадалары качан Ыйса кайтып келип, бизди Жаңы Жерге, Аны менен бирге жашоого алып кеткенде гана толугу менен аткарылат.

Убадаланган жер бизге жаңы жаратууну көрсөткөн сүрөт (Аян 22:1–5).

Кудай Ыбрайымга кайсыл үч убаданы берген? [13]

Бул убадалар качан толугу менен аткарылат? [14]

## Үй тапшырма

Ыбрайымга берген убадаларын Кудай кантип аткара баштаганын көрүү үчүн «Башталыш» китебин окуңуз.

## Бул сабактан биз Кудай жөнүндө эмнени билдик?

## Жооптор

1 – Бата, эл, жер.
2 – Дүйнө каргышка калган.
3 – Ыбрайым аркылуу бардык адамдарга батасын берүүнү!
4 – Кудай менен болгон мамиле!
5 – Ыбрайым 100 жашта эле.
6 – Анткени Кудай Ыбрайымдын урпактарынан, Ага таандык, улуу элди жаратууну ниет кылган.
7 – Ыйсага ишенгендердин баары.
8 – Ар бир тукум, уруу, улут жана ар башка тилде сүйлөгөн адамдар!
9 – Бүт Канаан жери.
10 – Кудай убадаларын өз убагында аткарарына Ыбрайым ишенген. Ал жер бетинде эң сонун үйгө ээ болорун билген. Бул бейиштеги эң жакшы үй.
11 – Мисирге.
12 – Алар Мисирде кул болушат.
13 – Бата, эл жана жер.
14 – Убадалар качан Ыйса кайтып келип, бизди Жаңы Жерге Аны менен бирге жашоого алып кеткенде аткарылат.

6-сабак:

# Кудайдын убадасы Ыбрайымдын урпактарына өттү



## Ыскак

**Башталыш 25:19–34** окуңуз.

Ыскак кимге үйлөндү (20-аят)? [1]

Ыскак менен Рабига эмнелери менен Ыбрайым менен Саарага окшош болушкан (21-аят)? [2]

Кудай кош бойлуу Рабигага, курсагындагы эгиздери жөнүндө эмне деген (23-аят)? [3]

### Тандоо

Бул Ыйык Китептеги чоң тема: Кудай дүйнө жаралганга чейин эле ишенгендерди Анын рухий балдары кылып дайындаган!

**Эфестиктер 1:3–8** окуңуз.

Кудай бизди качан Өзүнүн баласы кылып тандап алган (4-аят)? [4]

Эмне үчүн Кудай муну кылат (6-аят)? [5]

Кудай бизге дагы эмне берген (7-аят)? [6]

Ыйык Китепти изилдөө курсунан бул эмнени билдирерин биз көбүрөөк биле алабыз.

Кээ бирөөлөр тандалып, кээ бирлери тандалбай калганы — адилетсиздик деп айтууга болот.

Библия муну Кудайдын «ырайымы» деп атайт (7-аят). Эч ким чакырылууга жана куткарылууга татыктуу эмес. Кудай бизди тандап алганына таң калып, ыраазычылык билдиришибиз керек!

Кудай бизге батасын канчалык мол берет (8-аят)? [7]

# Жакып

Жакып бойго жеткенде Лея жана Рахел деген эки эже-сиңдиге үйлөнгөн. Жакып күйөө жана ата катары жакшы үлгү болгон эмес!

**Башталыш 29:30–30:24** окуңуз.

Жакып аялдарынын кимисин сүйгөн? [8]

Ким ага 4 уул төрөп берген (29:32–35)? [9]

Рахел эжесинен кызганганда эмне кылган (30:3)? [10]

Биланын канча уулу болгон (30:5–8)? [11]

Лея эмне кылды (30:9)? [12]

Зилланын канча уулу болгон (30:10–13)? [13]

Лея Жакып менен түн өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө кантип ээ болду (30:14–16)? [14]

Адамдар, мандрагор сүйбөгөн бирөөнүн башын айлантып, сүйдүрүп коёт деп ишенишкен.

Ошондон кийин Леяга эмне болгон (30:17–21)? [15]

Рахелге эмне болду (30:22–24)? [16]

**Башталыш 35:16–19** окуңуз.

Рахелге эмне болду? [17]

Жакыптын канча уулу болгон? Бул тууралуу **Башталыш 42:13** окуп, билип алсаңыз болот. [18]

**Башталыш 32:28** окуңуз. Кудай Жакыпка кандай жаңы ысым берди? [19]

Жакыптын уулдарынын урпактары кимдер болушту? **Башталыш 49:28** окуңуз. [20]

## Билүү маанилүү



Кудайдын **Ыбрайымга** берген убадалары Башталыш 26:3 **Ыскакка** жана Башталыш 28:13–14 **Жакыпка** өтөт. Демек, Ыбрайым, Ыскак жана Жакып Кудайдын элинин, Ысрайыл элинин ата-бабалары болгон.

Ыбрайымдын Ажардан уулу **Ысмайыл** жана Ыскактын экинчи уулу **Эйсап**,ошондой эле элдердин атасы болуп калышты. Бирок Кудай-Теңир Ысрайылды тандап алган адамзат үчүн куткаруу жолун салган.

Ошентип, Байыркы Келишимдин калган бөлүгүндө Кудайдын эли «**Ысрайыл**» деп аталып, Жакыптын 12 уулунун атын алып жүргөн 12 уруудан турат.

# Жусуп жана Кудайдын элинин көбөйүшү

Кудай Өз элин өстүрөт! Бирок бир кырсык болот. **Башталыш 41:56–57** окуңуз. [21]

Кудай өз элин ачарчылыктан кантип куткарып калган? Жусуп эмне дегенин **Башталыш 45:7** окуңуз. [22]

Башталыш китебинин 37–47-бөлүмдөрүндө кантип Кудай Өз элин куткарганы жөнүндө өтө кызык окуя баяндалат. Жусуптун бир тууғандары аны кулчулукка сатып жиберишет, бирок ал Мисирде фараондун оң колу болуп калат да, үй-бүлөсүн ачарчылыктан куткарып калат. Бул окуядан улам, биз Кудай Өз элинин күнөөкөрлүгүнө жана коркунучтуу иштерди кылганына карабастан, аларга кам көрөрүн билебиз. Ошондой эле биз Кудайдын Мисир элине болгон ырайымдуулугун да көрөбүз, анткени алар да ачарчылыктан куткарылышкан.

**Башталыш 15:13** окуңуз. Кудайдын эли Мисирде канча жыл жашаган? [23]

**Башталыш 46:27** окуңуз. Кудайдын эли Мисирге канча жан болуп келген Жусуптун убагында? [24]

**Сандар 1:45–46** окуңуз. Убакыттын өтүшү менен алар канчага жетип көбөйүштү 400 жылдан кийин? [25]

Бул сандагы эл убада кылынган жерди ээлеп, анда жашоого жетиштүү эле.

**Мисирден чыгуу 1:8–13** окуңуз. Башталыш китебинин аягында жана Мисирден чыгуу китебинде Кудайдын эли кандай эки көйгөйгө туш болгон? [26]

**Башталыш 50:24:** *Жусуп бир туугандарына мындай деди: «Менин ичер суум, көрөр күнүм аз калды, бирок Кудай силерге келип, силерди бул жерден алып чыгып, Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка убада кылган жерге жеткирет».*

Жусуп Кудай Өз эли үчүн планын ишке ашырууну улантып жатканын билген. Сиз да көптөгөн адамдарга куткарылуу жетиш үчүн Кудайдын планынын бир бөлүгү бөлүгү болуп саналасыңыз! Ар бир адам Ыйса жана Ал гана бере турган түбөлүк өмүр жөнүндө угуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

## Сиз жашооңузда Кудайга кантип кызмат кыласыз?

# Жооптор

1 – Рабига.
2 – Эки түгөй тең көпкө чейин балалуу болушкан эмес. Эки үй-бүлөгө тең баланын төрөлүшү Кудайдын эң сонун батасы эле.
3 – Рабига эгиз уул төрөп, алардан эки башка эл чыгарын, улуу агасы кичүүсүнө кызмат кыларын Кудай айткан.
4 – Дүйнө жаралганга чейин!
5 – Кудай бизди Өзүнүн даңкы үчүн тандап алган!
6 – Кудай бизге куткарылууну жана күнөөлөрүбүздүн кечирилишин Ыйсанын каны аркылуу берди.
7 – Кудай ырайымды мол жана чексиз берет.
8 – Рахел.
9 – Лея.
10 – Рахел Жусупка өз күңү Биланы, ал аркылуу балалуу болоюн деп берди.
11 – Эки уулу.
12 – Лея да Жусупка өзүнүн күңү Зилланы бала төрөш үчүн берген.
13 – Эки уулу.
14 – Лея күйөөсү менен түн өткөрүү мүмкүнчүлүгүн «сатып алган».
15 – Лея дагы 2 уул жана бир кыз төрөгөн.
16 – Рахел Жусупту төрөдү.
17 – Рахел экинчи уул төрөп, көз жумган.
18 – 12 уул.
19 – Ысрайыл.
20 – Ысрайылдын 12 уруусу.
21 – Ачкачылык башталган.
22 – Кудай Жусупту анын үй-бүлөсү Мисирге келе электе эле, алар кырылып калбашы үчүн, Мисирге жиберген.
23 – 400 жыл.
24 – 70 адам.
25 – Аялдар менен балдарды эсептебегенде 2 миллионго жакын адам, 603 000 эркек.
26 – Кудайдын эли Кудай убада кылбаган Мисир жеринде жашашкан. Кудайдын эли мисирликтердин кулчулугунда болушкан.

## *Башталыш китеби боюнча викторина*

1. Эң башында Кудай менен ким болгон? [1]

2. Биз күнөөнүн кандай натыйжаларын билдик? [2]

3. Нухтун убагында Кудайдын жазасынан ким кутула алган? [3]

4. Ыбрайымга Кудай кандай үч убада берген? Алар качан толук аткарылат? [4]

5. Сааранын уулунун аты ким болгон? [5]

6. Саара Ыскакты төрөгөндө Ыбрайым канча жашта эле? [6]

7. Ыскактын канча баласы болгон? [7]

8. Алардын аттары кандай? [8]

9. Кудай убадасын кайсы уулу аркылуу аткарууну уланткан? [9]

10. Кудай Жакыпка кандай жаңы ысым берген? [10]

11. Жакыптын канча уулу болгон? [11]

12. Алар Ыйык Китепте кимдер болгон? [12]

13. Жакыптын эң жакшы көргөн уулу ким эле? [13]

14. Кудай аларды ачарчылыктан куткаруу үчүн эмне кылган? [14]

15. Кудайдын эли Мисирде канча жыл жашаган? [15]

16. Мисирге Кудайдын элинин канчасы келген? [16]

17. Алар канча болуп көбөйүштү (Сандар 1:46)? [17]

18. Башталыш китебинин аягында жана Мисирден Чыгуу китебинде Кудайдын эли кандай эки көйгөйгө туш болгон? [18]

## Жооптор

1 – Сөз жана Ыйык Рух.
2 – Алар уялышты;
Күнөө алардын бири-бири менен болгон мамилесин бузган;
Кудай жерди каргайт;
Күнөө оору менен өлүм алып келди;
Күнөө алардын Кудай менен болгон мамилесин бузган.
3 – Кемеге киргендердин баары.
4 – Бата, эл, жер. Бул убадалар Ыйса кайтып келгенде жана бизди Жаңы Жерге Аны менен бирге жашоого алып кеткенде гана толугу менен аткарылат.
5 – Ыскак.
6 – 100 жыл.
7 – Эки уул.
8 – Жакып менен Эйсап.
9 – Жакып аркылуу.
10 – Ысрайыл.
11 – 12 уул.
12 – Ысрайылдын 12 уруусунун аталары.
13 – Жусуп.
14 – Кудай аларды Мисирге жиберди.
15 – 400 жыл (Башталыш 15:13).
16 – 70 киши (Башталыш 46:27).
17 – 2 миллионго жакын адам — 603 000 эркек, аялдар менен балдарды эсептебегенде. Ушунча адам убада кылынган жерди ээлеп, ошол жерде жашоого жетиштүү болчу.
18 – Кудайдын эли Мисирде, Кудай убада кылбаган жерде жашашкан. Кудайдын эли мисирликтердин кулчулугунда болушкан.

## 7-сабак:

# Куткаруучу Кудай



Мисирден чыгуу китебинин башында Ыбрайымдын урпактары өтө оор абалда болушкан.

**Мисирден чыгуу 1:8–11** жана **15–16** жана **22** окуңуз.

Ысрайыл элинин жашоосу кандай болгон? [1]

Ошондой эң эле кыйынчылык учурунда, Кудайда Өз элин кантип куткарып алуу планы болгон.

Фараон ысрайыл аялдарынан төрөлгөн балдардын баарын өлтүрүүнү буйруган. Бир ысрайылдык үй-бүлө фараондун буйругуна баш ийген эмес. Энеси баласын себетке салып катып койгон. **Чыгуу 2:1–10** окуңуз.

Бул баланы ким таап алган (5-аят)? [2]

Анын аты ким болгон (10-аят)? [3]

Көптөгөн убакыт өтүп, ысрайылдыктар Кудай жөнүндө аз билип калган. Биз Кудайдын ысрайылдыктарга Өзүн кантип ачып бергенин көрөбүз.

**Чыгуу 2:23–3:17** окуңуз.

Бул үзүндүдө биз Кудай жөнүндө 4 маанилүү чындыкты билебиз:

## 1. Кудай өзүн куткара албай турганын мойнуна алгандарды куткарат

Кудайдын эли каякта? [4]

Алардын көйгөйү эмнеде болгон? [5]

Алар кимге муктаж эле? [6]

Алар эмне кылышкан (2:23)? [7]

Ысрайылдыктар аларды Кудай гана куткара аларын билишкен.

### Жаңы Келишим

**Жакан 8:34–36:** *Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, күнөө кылган адам — күнөөнүн кулу. Бирок кул үйдө түбөлүккө калбайт, уул калат. Эгерде силерди Уул эркин кылса, анда чындап эркин болосуңар».*

Күнөөнүн кулу ким? [8]

Биз түбөлүккө күнөөнүн кулу болушубуз керекпи? [9]

Бизди ким эркин кыла алат? [10]

Кудайдын Уулу — Ал ким? [11]

Бардык адамдар эмнеси менен ысрайылдыктарга окшош? [12]

Эмне кылышыбыз керек? [13]

## 2. Кудай адамды өз элин куткарууга чакырат

**Элчилердин иштери 7:20–22:** Кудай Өз элин куткаруу үчүн Мусаны кантип даярдаган? [14]

**Элчилердин иштери 7:23–29:** Муса жеткилең болгонбу? [15]

Кудай Мусаны анын элинин куткаруучу болуп калышы үчүн даярдады. Ал фараондун ордосунда чоңойгондуктан, фараон менен сүйлөшө алган. Муса фараон менен сүйлөшө ала турган жалгыз ысрайылдык эле.Бирок Муса Мисирге кайра баргысы келген жок. Муса Мисирге кайткысы келген эмес. Ал фараондун Ысрайыл элин коё бербей турганын билген.

**Мисирден чыгуу 3:12:** Кудай Мусага эмнени убада кылган? [16]

Кудайдын жардамы менен ал Кудайдын элин куткара алат!

Эмне үчүн Муса Ысрайыл элин куткарууга ылайыктуу адам болгон? [17]

Муса жеткилең куткаруучу болгон эмес. Ал Шайтанды жеңе алчу адам эмес эле (Башталыш 3:15).

Мусанын кандай экенин көрсөткөн 2 нерсени табыңыз эмне үчүн ал Кудайдын элин куткарууга жарамсыз болгон? [18]

Бир күнү Кудай Өз элин түбөлүккө куткарып алуу үчүн жеткилең Куткаруучуну жиберет.

### Жаңы Келишим

**Матай 1:20–23:** Мариямдын уулуна эки ысым берилет, алар эмнени билдирет? [19]

Ыйса бизди түбөлүккө куткара ала турган жалгыз адам!

Ал Кудайдын Уулу — Кудай биз менен!

## 3. Адамдарды куткаруу үчүн биздин дүйнөгө Кудай Өзү келип турат

**Мисирден чыгуу 3:8:** ысрайылдыктарды куткаруу үчүн Кудай эмне кылган? [20]

### Жаңы Келишим

**Жакан 1:14:** Сөз (Ыйса) эмне кылган? [21]

Мусанын убагындагыдай эле, Жаңы Келишимдин убагында да Кудай бизди куткаруу үчүн асмандан жерге түшүп келген.

Бул дүйнөдөгү диндер Кудай бизди угушу үчүн, бейишке кирүү үчүн укукка ээ болушубуз керек деп айтышат. Бирок биз Кудайга жагына албайбыз. Биз эч качан Кудай тарабынан кабыл алынгыдай жетиштүү деңгээлде жакшы боло албайбыз.

**1 Жакан 4:10:** Сүйүү деген мындай: биз Кудайды сүйгөн жокпуз, бирок Ал бизди сүйгөндүктөн, биздин күнөөлөрүбүз үчүн Өз Уулун ырайым курмандыгы катары берди.

Кудай эмне кылды? [22]

Кудайдын Уулу бул дүйнөгө бизди күнөөлөрүбүздөн куткарыш үчүн жана биздин ордубузга өлүп, куткаруу үчүн келди!

Машаякчылык ишенимдин башка диндерден кандай айырмасы бар? [23]

# 4. Кудай жалгыз чыныгы Кудай

Ысрайылдар Кудай жөнүндө аз билишкен. Ысрайыл уулдарынын көз алдында фараон күчтүү көрүнгөн жана Муса фараондон корккон. Кудайдын алдында фараон эч ким эмес экенин Мусанын билишин Кудай каалаган!

Кимдин бийлиги күчтүрөөк: өлкө башчысынынбы же Кудайдынбы? [24]

**Чыгуу 3:14:** Кудайдын аты ким? [25]

Ыйык Китептен биз Кудайдын атын, ал ысым бизге Анын ким экенин айтып турарын билебиз.

«Мен бар болуп туруучу» — эврей тилинде, Яхве — Кудайдын ысымы. Жүйүттөр «Яхве» ысмын колдонуудан качып турушкан. «Яхве» Чыгыш котормосунда «Түбөлүктүү», кыргызча ҮН котормосунда «Теңир» деп которулат.

Бул ысым бизге, Кудайдын Ысрайылды курчап турган элдер сыйынчу башка кудайларга окшош эмес экенин көрсөтүп турат. Ал тирүү! Ал түбөлүктүү! Ал кудуреттүү! Ал Ыбрайымга берген убадасын унуткан жок! Кудай чыныгы Кудай!

Бул ысым бизге Кудай жөнүндө эмнени айтып турат? [26]

## Жаңы Келишим

Ыйса Өзүн Жакан жазган Жакшы Кабарда 7 жолу «Мен бар болуп туруучу» деп атайт. (биз муну кээ бир котормолорго караганда Грек тилиндеги түпнускадан даана көрөбүз).

Мисалы: Жакан 14:6-аят: *Жол, чындык жана өмүр Менмин. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт.*

Минтип ырастоо менен, Ыйса эмнени айткысы келет? [27]

Ыйса бизди күнөөлөрүбүздөн жана шайтандан куткара алат! Бир гана Ал муну жасай алат.

## Бул сабактан биз Кудай жөнүндө эмнени билдик?

## Үй тапшырма


Мисирден чыгуу китебинин 1-бөлүмүнөн баштап 14-бөлүмгө чейин биз Кудайдын ысрайылдыктарды кантип куткарганын билебиз. Ушул жумада бул бөлүмдөрдү окуп, Кудай жөнүндө эмнени билгениңизди жазыңыз.

# Жооптор

1 – Ысрайыл эли Мисир жеринде кулчулукта болушкан. Алар укуктан ажыратылган жана абдан кыйналып жашашкан. Фараон алардын жаңы төрөлгөн уулдарын өлтүрүүнү буйруду.
2 – Фараондун кызы.
3 – Муса.
4 – Мисирде.
5 – Алар мисирликтерге кул болушкан.
6 – Аларды куткара турган кимдир-бирөөгө муктаж болушкан — алар өздөрүн куткара алышмак эмес.
7 – Алар Кудайга жалынып-жалбарышты.
8 – Күнөө кылгандардын баары күнөөнүн кулу, демек, бардык адамдар!
9 – Жок!
10 – Уул.
11 – Ыйса!
12 – Биз да күнөөнүн кулубуз! Биз да ысрайылдыктарга окшоп, өзүбүздү куткара албайбыз.
13 – Биз да ысрайылдыктардай, күнөөлөрүбүздөн куткарылышыбыз үчүн Кудайга жалынышыбыз керек.
14 – Муса эки тилде сүйлөгөн: мисир тилинде жана ивритте. Ал жакшы билим алган. Муса фараондун сарайында чоңойгондуктан, фараон менен сүйлөшө алган.
15 – Жок!
16 – Кудай Муса менен бирге болууну убада кылган.
17 – Ал фараон менен сүйлөшө алган жалгыз ысрайылдык болгон.
18 – Мисирликти өлтүрүп алганы үчүн, ал фараондон корккон.
19 – Ыйса: Кудай куткарат — анткени Ал Өз элин күнөөлөрдөн куткарып жатат. Эммануил: Кудай биз менен.
20 – Кудай ысрайылдыктарды куткаруу үчүн жерге келген.
21 – Сөз Адам болуп, биздин арабызда жашады.
22 – Ал Өз Уулун биздин күнөөлөрүбүздүн кечирилиши үчүн жиберди.
23 – Башка диндерде Кудайдын бизди угушуна жана бейишке кирүүгө укуктуу болушубуз керек деп айтышат. Ал эми Ыйык Китеп, биздин жакшы иштерибиз Кудайга барууга эч качан жетишпейт. Бирок Кудайдын Уулу бизди күнөөлөрүбүздөн куткаруу үчүн жана биздин ордубузга өлүү үчүн асмандан жерге келген деп окутат.
24 – Кудай!
25 – Мен бар болуп туруучу!
26 – Кудай башка кудайларга окшобойт. Ал тирүү! Ал түбөлүктүү! Ал кудуреттүү! Ыбрайымга берген убадасын унуткан жок! Кудай чыныгы Кудай!
27 – Ыйса адамдардын анын Кудайдын Уулу экенин түшүнүшүн каалаган. Ал аркылуу гана адамдар Кудай Атаны (Яхве) биле алышат!

8-сабак:

# Кудай курмандыктар аркылуу куткарат



Бул сабактан биз Кудай — кудуреттүү Сот жана Куткаруучу экенин билебиз. Биз Анын кереметтүү куткаруусун эстеп, майрамдап турушубуз керек!

## Жазалар (Мисирден чыгуу китебинин 5–11-бөлүмдөрү)

Фараондун Кудайга каршы согушуусу. Кудай фараонго анын өзү жана эли жазага тартыларын көп жолу эскерткен.

Кудай фараонго жана Мисир элине кандай жазаларды жөнөткөн? (7–11-бөлүмдөр)? [1]

7:17 биз Кудай жөнүндө эмнени биле алдык? [2]

Кудай кудуреттүү! Ал Фараон менен Шайтандан да күчтүү!

Фараон Кудайга баш ийбестик жолун тандайт.

Кудайдын кайсы жазасы мисирликтер үчүн акыркы болгон? [3]

Ысрайылдыктар да күнөө кетиришкен. Тун уулдардын өлүмү мисирликтерге эле эмес, Кудайга баш ийбеген ысрайылдыктарга да таасир эткен.

Бул катуу жазанын натыйжасында фараон Ысрайыл уулдарын бошоткон. Ошентип жаза Кудайдын эли үчүн куткаруу жолу болуп калды.

Сот жана куткарылуу Библияда дайыма чогуу кездешет. Бул Кудай жөнүндө эмнени билдирет? [4]

# Куткаруу

**Мисирден чыгуу 12:1—30** окуңуз.

## Кан

Ошол сот түнү Кудай ысрайылдыктарды жазадан коргогон. Жазанын натыйжасында ар бир эркектин туну өлүшү керек болчу.

Ысрайылдыктардын үй-бүлөсүндө мындай болбошу үчүн алар эмне кылышы керек эле? [5]

Кудай канды көргөндө эмне кылган (13-аят)? [6]

Козунун каны тун баланы өлүмдөн коргогон. Ар бир үй-бүлөдө уулунун ордуна козу өлгөн.

## Жаңы Келишим

1500 жыл өткөндөн кийин Жакан Ыйса жөнүндө эмне дейт (Жакан 1:29)? [7]

Жакандын Ыйса тууралуу айткан сөздөрүнүн мааниси кандай? [8]

## Тамак

**Мисирден чыгуу 12:8:** Кудай ысрайылдыктарга дагы эмне кылууну буйруйт? [9]

Кудай Өз элин коргоп эле тим койбостон, аларды азыктандырат дагы. Козу алар үчүн тамак болуп, алдыдагы сапарга күч-кубат берген. Эртеси эртең менен аларды узак жана татаал жол күтүп турган!

Куткаруу түнүндө Кудай Өз элин тамактандырган жана чөлдө кийинки 40 жыл бою аларды азыктандырган.

**Мисирден чыгуу 16:31—35** окуңуз. Ысрайылдыктар 40 жыл бою күн сайын эмне жешкен? [10]

Жолдо Кудай алардын бардык муктаждыктарын камсыз кылган.

## Жаңы Келишим

**Жакан 6:35:** Ыйса Өзү жөнүндө эмне дейт? [11]

Бул эмнени билдирет? [12]

Ыйса айткан нан менен эмне кылышыбыз керек (**Жакан 6:51**)? [13]

Бул эмнени билдирет? [14]

Ыйса бизди Кудайдын сотунан куткаруу үчүн өлгөн. Ал бизге түбөлүк жашоого жана биздин түбөлүк үйүбүзгө баруучу жолдо эмнеге муктаж болсок, ошонун баарын берет.

# Кудайдын бизге кылганын эстен чыгарбоо!

## Майрам!



Эмне үчүн ысрайылдыктар Куткаруу майрамын жыл сайын ушул мезгилде белгилешет (Мисирден чыгуу 12:14, 25–27)? [15]

## Жаңы Келишим

Биз кулчулуктан жана өлүмдөн куткарылганыбызды качан майрамдайбыз (1 Корунттуктарга 11:23–26)? [16]

Нан менен шарап эмнени билдирет? [17]

Эмне үчүн Ыйсанын өлүмүн эстешибиз керек? [18]

**Бул жакшы кабар! Бул тууралуу Ыйсанын биз үчүн кылганын эч качан унутпашыбыз үчүн эмне кылышыбыз керек?**

**Бул эң сонун жаңылык! Бул тууралуу ким менен бөлүшкүңүз келет?**

# Жооптор

1 – Кудайдын Фараонго жана Мисир элине жиберген жазалары: сууну канга айлантуу, бака, чиркей, чымын, малдын азайышы, чыйкан, мөндүр, чегиртке, караңгылык, өлүм.
2 – Кудай — түбөлүктүү.
3 – Кудай жиберген өлүм периштеси ар бир мисирликтин үйүндөгү тун уулду өлтүрөт.
4 – Кудай бир эле учурда Сот жана Куткаруучу.
5 – Ысрайыл уулдары козу союп, анын каны менен үйдүн эшигинин кашектерин майлаш керек болчу.
6 – Кудай канды көрүп, өтүп кетет — Ал аларды жок кылбайт.
7 – *Бул — Кудайдын курмандык Козусу, Ал дүйнөнүн күнөөсүн Өз мойнуна алат.*
8 – Биздин ордубузга Ыйса өлгөн. Анын каны бизди өлүмдөн коргойт.
9 – Кудай аларга жегиле дейт! Ысрайылдыктар козунун этин даярдап, нан бышырып, баарын түгөтө жеш керек болчу.
10 – Манна.
11 – *Мен өмүр берүүчү нанмын. Мага келген адам ачка болбойт, Мага ишенген адам эч качан суусабайт.*
12 – Бир гана Ыйса Кудай менен болгон мамилебиздин каалосун канааттандыра алат.
13 – Биз аны жешибиз керек!
14 – Ыйса менен мамиле түзүшүбүз керек. Ыйса бизге сүйлөп, бизди өзгөртсүн. Сиз күн сайын Кудайдын Сөзүн окуп, окуганыңыз жөнүндө ой жүгүртүп, сыйынып турушуңуз керек.
15 – Ошентип, ысрайылдыктар Кудай аларды Мисир кулчулугунан куткарганын жана козунун каны аркылуу аларды өлүмдөн кантип куткарганын эстешсин.
16 – Чогуу жыйынга катышканыбызда.
17 – Ыйсанын денеси жана каны.
18 – Анткени Кудай биздин күнөөлөрүбүздү кечирип, Аны менен бирге түбөлүк өмүр сүрүшүбүз үчүн Ыйса өлгөн!

9-сабак:

# Деңиздин түбү менен басып өтүү



**Мисирден чыгуу 14:1—15:2** окуңуз.

Фараон ысрайылдыктарды коё берет, бирок алар кеткенден кийин, коё бергени үчүн өкүнүп, аскерлери менен алардын артынан кубалап жөнөйт.

Кубалап келаткан аскерлерди көргөндө ысрайылдыктар кандай сезимде болушкан деп ойлойсуз? [1]

Эмне үчүн ысрайылдыктар мисирликтерден качып кутула алышкан жок? [2]

Бул өтө коркунучтуу жагдай!

Куткарылуу үчүн ысрайылдыктар эмне кылышы керек болчу (14:22)? [3]

Ысрайылдыктын канчасын Кудай куткарып калган? [4]

Мисир жоокерлеринин канчасы набыт болгон (14:28)? [5]

## Жаңы Келишим

Биздин душманыбыз ким (1 Петир 5:8)? [6]

Ишенип калганга чейин биз ким элек (Жакан 8:34)? [7]

Адамдар күнөөдөн жана шайтандан кутула алышабы? [8]

Ысрайылдыктар сыяктуу эле, бардык адамдар үмүтсүз абалда.

Муса ысрайылдыктарды эркиндикке алып барыш үчүн деңиз аркылуу алардан мурун өткөн.

Ысрайылдыктар деңизден өткөндө, алар өлүмгө бараткандай сезишкен. Бул коркунучтуу, бирок бул эркиндикке алып баруучу жалгыз жол эле.

Ошол сыяктуу эле, Ыйса да бизди түбөлүк өмүргө алып барыш үчүн өлүм аркылуу өттү! Ал биздин күнөөлөрүбүз үчүн түбөлүк курмандык катары айкаш жыгачта өлгөн. Жана ал бизге түбөлүк өмүргө жол даярдап койгонун көрсөтүп, кайра тирилди. Ал бизден алдыга кетти. Ал эми биз деңиз аркылуу бара жатканыбызда да алдыда бaратат! Биздин жердеги жашообуз аяктаганда, Ыйса бизди түбөлүк Убадаланган жерге алып барат!

Ысрайылдыктардай эле, биз Ыйсаны ээрчүүнү чечкенде, биз да өзүбүз үчүн өлүшүбүз керек. Биз өзүбүз үчүн өлүшүбүз керек жана Ыйса биздин жашообуздун Мырзасы болсун. Бул чыныгы эркиндикке алып баруучу жалгыз жол!

Өзүбүзгө өлүү кандай көрүнөт? Эмнелерди токтотушубуз керек? Эмнеден баштaшыбыз керек?

**Эврейлерге 2:14–15:** *Балдарынын денеси эттен жана кандан тургандыктан, Ыйса да эт менен кандан турган денеге ээ болду. Ал Өз өлүмү менен өлүм бийлигине ээ шайтанды күчүнөн ажыратыш үчүн,* ***өлүмдөн коркуп, өмүр бою кул болуп жүргөндөрдү эркиндикке чыгарыш үчүн, денеге ээ болду****.*

Ыйса Өзүнүн өлүмү менен эмне кылды? [9]

**Жакан 14:1–3:** *Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле. Атамдын үйүндө орун көп. Эгерде андай болбосо, Мен силерге айтмакмын. Мен силерге орун даярдаганы бара жатам. Барып, силерге орун даярдап койгондон кийин,* ***кайтып келем да, Мен болгон жерде силер да болуўңар үчүн, силерди жаныма алып кетем.***

Ыйса бизди каякка алып кетерин убадалаган? [10]

**1 Тесалоникалыктарга 4:16–17:** *Анткени буйрук берилгенде, башкы периштенин жана Кудайдын сурнайынын үнү чыкканда, Теңир Өзү асмандан түшүп келет. Адегенде Машаякка ишенип жүрүп көз жумгандар тирилишет. Андан кийин тирүү жүргөн биз алар менен бирге Теңир менен абада жолугушуу үчүн, булут үстүндө асманга көтөрүлөбүз. Ошентип, түбөлүккө Теңир менен болобуз.*

Ыйса бизди качан Өзүнө алып кетет? [11]

## *Кошумча ой:* Сууга чөмүлдүрүү

**Римдиктерге 6:4:** *Машаяк Атасынын даңкы менен өлгөндөрдүн арасынан кандай тирилтилсе, биз да жаңыча жашашыбыз үчүн, өлүмгө чөмүлдүрүлүүбүз аркылуу Аны менен бирге көмүлгөнбүз.*

Сууга чөмүлтүлүү деген эмне? [12]

Бул ысрайылдыктардын деңизден өткөн учуруна окшош.

# Куткарылгандан кийин эмне кылышыбыз керек?

**Мисирден чыгуу 14:31–15:1:** Кайсы үч нерсени ысрайылдыктар деңизден өткөндөн кийин жасашкан? [13]

Ошондой эле, Ыйсадан куткарылууну кабыл алгандан кийин эмне кылышыбыз керек? [14]

- Кудайдан коркуу деген эмне? [15]
- Кудайга жана Ыйсага ишенген адам өзүн кандай алып жүрөт? [16]
- Кудайды кантип даңктайбыз? [17]

Биздин даңктоо Кудайга да, бизге да кубаныч тартуулайт. Кудайды ар бир күнү мактоо жакшы адат. Бул каалаган убакта жасалышы мүмкүн. Мисалы, ар бир тамактын алдында.

Кудайдын элин деңиз аркылуу алып бара жаткан Муса жөнүндөгү окуя Ыйсанын биз үчүн эмне кылганын түшүнүүгө кандайча жардам берет? [18]

## Бүгүн эмнени үйрөндүңүз?

## Үйрөнгөндөрүңүздү ким менен бөлүшө аласыз?

# Жооптор

1 – Ысрайылдыктар коркуп кетишти!
2 – Алар качып кете алышкан эмес, анткени бир тарабында деңиз, экинчи тарабында фараон жана анын аскерлери турган. Мындан тышкары, алар тез жүрө алышкан эмес. Алар абдан көп эле, кичинекей балдар, карылар, чоң мүлк — мунун баары ысрайылдардын кадамын жайлаткан.
3 – Кудай ысрайылдыктарды куткаруу үчүн, алар деңизден өтүшү керек болгон.
4 – Бардык ысрайылдыктар куткарылды.
5 – Фараондун бир да жоокери качып кутулган эмес. Баары набыт болду.
6 – Фараон Ысрайыл уулдарынын душманы болгон сыяктуу, шайтан да биздин душманыбыз.
7 – Ысрайыл уулдары фараондун кулдары болгондой эле, Биз күнөөнүн кулу болчубуз.
8 – Жок! Биз өзүбүздү ысрайылдыктардай куткара албайбыз.
9 – Кудай фараондун бийлигин жок кылып, Өз элин бошоткондой эле, Ыйса да шайтандын күчүн жок кылып, бизди бошотту!
10 – Убадаланган жерден алда канча кооз Атабыздын үйүндө Аны менен бирге болуу!
11 – Мырзабыз Ыйса асмандан кайтып келгенде жана өлгөн момундар тирилгенде.
12 – Сууга киргенде, биз Ыйса менен бирге өлөбүз. Ал эми суудан чыкканда, биз Ыйса менен бирге жаңы жашоого тирилебиз.
13 – Алар Кудайдан коркушчу. Алар Кудайга жана Анын кулу Мусага ишеништи. Алар Кудайды даңкташты.
14 – Биз Кудайдан коркушубуз керек. Биз Кудайга жана Анын кулу Ыйсага ишенишибиз керек. Биз Кудайды даңкташыбыз керек.
15 – Кудайдан коркуу — күнөө кылбоо дегенди билдирет. Кудай биздин ар бир кылганыбызды көрүп турат. Кудайдан корксок, ушак айтпайбыз, арызданбайбыз, башкаларга жамандык каалабайбыз, телефондон жаман нерселерди көрбөйбүз жана күнөөнүн түрлөрүн жасабайбыз.
16 – Качан биз Кудайга таянганда тынчсызданып, сар-санаа болбойбуз. Ал бизден каалаган жерде жашашыбызды жана Анын жарыгы болушубузду суранганда, биз Ыйсага ишенебиз. Кудай бизге кам көрөт деп ишенебиз!
17 – Сөзүбүз менен Кудайды даңктайбыз жана Кудайды даңктоо жана сыйынуу ырларын ырдайбыз!
18 – Муса Ысрайыл уулдарын эркиндикке алып чыгуу үчүн деңизден (өлүм) өткөндөй эле, Ыйса да бизди түбөлүк өмүргө, күнөөдөн, өлүмдөн жана шайтандан бошотуу үчүн өлүм аркылуу өттү!

# 10-сабак:
# Курмандыктар



Дүйнө жаралгандан бери эле адамдар Кудайга сыйынышып, Ага курмандык чалып келишкен. Мисалы: Кабыл менен Абыл (Башталыш 4-бөлүм).

Адамдар дайыма Кудайдын батасын тилеп келишкен. Алар Кудайдын каарынан сактанууну каалашкан. Бүгүнкү күндө да көптөгөн маданияттарда ушундай ырым-жырымдар сакталып калган. Адамдар Кудайдын каарын токтотуу үчүн өлүм керек экен деп түшүнүп калышкан.

Эмне үчүн адамдар Кудайга курмандык чалышкан? Алар эмнени абдан каалашкан? [1]

Кудайга кантип туура табыныш керектигин Ал Өз элине Мусанын убагында гана түшүндүргөн.

Кудайга сыйынуу үчүн алар эки нерсени кылышы керек болгон: малды союп, курмандык чалынуучу жайда өрттөө. Бул алар эки маанилүү сабакты түшүнүү үчүн жасалышы керек болчу:

1. **Күнөө жазага татыктуу — жана бул жаза өлүм.** Кудай менен болгон мамилебизди калыбына келтирүү үчүн кимдир бирөө өлүшү керек болчу.

   Ысрайылдар күнүгө күнөө кетиришкендиктен, ыйык кызмат кылуучулар күн сайын бир жаныбарды курмандыкка чалышчу.

2. **Адамдарга алардын ордуна чалынуучу курмандык керек.** Жаныбар күнөө кылбаса да, күнөө кылган адамдардын ордуна өлдү. Адамдар күнөөлөрү үчүн өлүп калбашы үчүн, алардын ордуна бирөө өлүшү керек болчу.

Күнөө үчүн чалынуучу курмандыкка байланыштуу адамдар кайсы эки чындыкты билип, түшүнүшү керек? [2]

## Лебилер Китеби

Лебилер китеби бизге курмандыктардын беш түрүн ачып берет. Бул курмандыктар аркылуу Кудай Өз элине Кудайга туура мамиле кылууну үйрөтөт.

Лебилер 1-бөлүм — Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

Лебилер 2-бөлүм — Дан курмандыгы.

Лебилер 3-бөлүм — Элдешүү курмандыгы.

Лебилер 4-бөлүм — Күнөө үчүн чалынуучу курмандык.

Лебилер 5-бөлүм — Айып үчүн чалынуучу курмандык.

Келгиле, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен элдешүү курмандыгын тереңирээк карап көрөлү.

# Лебилер 1-бөлүм: Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык.

Ыйык кызмат кылуучулар бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды күнүгө эртең менен жана кечинде чалып турушу керек болчу. Алар курмандыкты бүтүндөй өрттөшү керек эле. Бул курмандыкты эч ким жебеши керек болчу. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык Кудай адамдын бүт өмүрүнө татыктуу экенин үйрөткөн. Бул бизге бүт өмүрүбүздү Кудайга арнашыбыз керектигин үйрөтөт.

Жаңы Келишимде бул тууралуу окуйбуз:

**Римдиктерге 12:1:** *Ошондуктан, бир туугандарым, Кудайдын боорукердиги менен силерден өтүнөмүн: Кудайга өзүңөрдүн денеңерди тирүү, ыйык жана Ага жага турган курмандык катары бергиле.*

Биз өзүбүздү жана жашообузду толугу менен Кудайга арнашыбыз керек!

Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык бизди эмнеге үйрөтөт? [3]

Жаңы Келишимдин кайсы аяты муну эске салат? [4]

# Лебилер 3-бөлүм: Элдешүү курмандыгы.

Ыйык кызмат кылуучуларга бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктан башка курмандыктардын бир бөлүгүн жесе болот эле.

Элдешүү курмандыгынын этин башка ысрайылдыктар жана ыйык кызмат кылуучу болбогон башка адамдар да жей алышкан. Адамдар бул курмандыкты Кудайдын алдында жешкен. Демек бул элдешүү курмандыгы Кудай менен баарлаша ала турган мүмкүнчүлүктү көрсөткөн.

Жаңы Келишимде Кудайдын эли нан сындырган учур, алардын Кудай менен мамиледе экенин көрсөтөт. Ыйсанын өлүмү алардын күнөөлөрү үчүн төлөнүүчү курмандык болгон. Нан Анын денесин, шарап Анын канын билдирет. Ошентип, Ыйса өлгөндө, бул алардын күнөөлөрү үчүн төлөнүүчү курмандык болду.

Элдешүү курмандыгы бизге эмне берет? [5]

Жаңы Келишимде муну Кудайдын балдары кантип эстешет? [6]

# Малды курмандыкка чалуу жетиштүүбү?

**Эврейлерге 10:1–10** окуңуз.

Эмне үчүн жаныбарларды курмандыкка чалуу, бизди күнөөлөрүбүздөн тазалоо үчүн жетишсиз экенин билебиз (1–2 аят)? [7]

Эмне үчүн курмандыктар керек болгон (3-аят)? [8]

Эмне үчүн Ыйса бул дүйнөдө төрөлгөн (10-аят)? [9]

Ыйсанын биз үчүн эмне кылганын түшүнүү үчүн, биз Байыркы Келишимди окуп, түшүнүшүбүз керек. Кудай менен болгон мамилебизди калыбына келтирүү үчүн бизге курмандык керек. Бир эле малды курмандыкка чалуу жетишсиз болчу. Бир гана Ыйсанын курмандыгы бизди күнөөлөрүбүздөн тазалап, Кудай менен болгон мамилебизди калыбына келтире алат!

Эски Келишим Ыйсанын Жаңы Келишимде эмне кылганын түшүнүүгө кандайча жардам берет? [10]

Күнөө кылганыбызда эмне кылышыбыз керек? [11]

Күнөө Кудай менен болгон мамилебизди бузат. Тобо кылуу Кудай менен болгон мамилебизди калыбына келтирет. Бирок Кудай ыйык Кудай экенин жана ырааттуу козголоңчу күнөө Кудайдын каарына алып келерин эч качан унутпаңыз.

## Курмандык чалуу жөнүндө досторуң менен сүйлөшкөндө, биротоло чалынган курмандык жөнүндө кантип айта аласың?

## Жооптор

1 – Адамдар Кудайдын батасына жана Анын каарынан сактанууга умтулушкан.
2 – Күнөөнүн жазасы — өлүм. Адамдарга өздөрүнүн ордуна чалынуучу курмандык керек.
3 – Кудай биздин Ага бүт өмүрүбүздү арнообузга татыктуу.
4 – **Римдиктерге 12:1:** *Ошондуктан, бир туугандарым, Кудайдын боорукердиги менен силерден өтүнөмүн: Кудайга өзүңөрдүн денеңерди тирүү, ыйык жана Ага жага турган курмандык катары бергиле.*
5 – Элдешүү курмандыгы бизге Кудай менен сүйлөшүүгө жардам берет.
6 – Биз нан сындырабыз.
7 – Адамдар дайыма күнөө үчүн жаңы курмандыктарды алып келишкен.
8 – Курмандыктар адамдардын күнөөлөрүн жана Кудай менен бузулган мамилесин эскертип туруу үчүн керек болгон.
9 – Ыйса бул дүйнөгө биздин күнөөлөрүбүз үчүн биротоло чалынган курмандык болуу үчүн төрөлгөн.
10 – Байыркы Келишим Кудай менен болгон мамилебизди калыбына келтирүү үчүн курмандыкка муктаж экенибизди түшүндүрөт. Муну ишке ашыруу үчүн жаныбарларды курмандыкка чалуу жетишсиз. Ыйсанын курмандыгы гана бизди күнөөлөрдөн тазалап, Кудай менен болгон мамилебизди калыбына келтире алат!
11 – Тобо кыл.

11-сабак:

# Он осуят



**Мисирден чыгуу 20:1–17** окуңуз.

## Эмне үчүн биз бул мыйзамдарды сакташыбыз керек?

Кээ бир адамдар осуяттарды аткарсак эле, бейишке барабыз деп ойлошот. Алар Кудай адил, жакшы адамдарды гана кабыл алат деп ишенишет. Бирок Ыйык Китеп мындай деп үйрөтпөйт! Биз эч качан Кудайдай жакшы боло албайбыз. Ыйык Китептин укмуштуу кабары — Кудай бизди күнөөкөр болсок да, куткарат! Качан биз Кудайдан келген куткарууну кабыл алганда, Ага кубаныч менен баш ийебиз.

Кудай ысрайылдыктарды кулчулуктан куткарганда, алардын кожоюну жана падышасы болгон. Кудай аларга жаңы мыйзамдарды берген. Ысрайылдыктардын Кудайга баш ийүүсү, алардын Куткаруучусу болгон Жаңы Падышага таандык экенин көрсөткөн.

Жаңы Келишимде шайтандын кулчулугунан куткарылууну Кудай Ыйса аркылуу жөнөтөт. Ошентип, Ал биздин Мырзабыз жана Падышабыз болот, биз Ага баш ийип, кызмат кылабыз. Ага болгон тил алчаактыгыбыз, бизди куткарган Теңирге таандык экенибизди күбөлөндүрөт.

Эмне үчүн биз бул мыйзамдарга баш ийишибиз керек? [1]

## Жаңы Келишим мыйзамы

Бир жолу Ыйсадан эң маанилүү осуят кайсы деп сурашты? Бул суроого Ыйса кандай жооп берди? **Матай 22:37–40** окуңуз.

Биз үйрөнгөн эң маанилүү эки мыйзам кайсылар? [2]

Адам өзү мындай жашоого үйрөнүшү мүмкүн эмес. Бирок, мындай жашоого үйрөнүшүбүз үчүн, Кудай бизге Өзүнүн Ыйык Рухун берген!

Кудайдын мыйзамдары бизге Теңирибиздин мүнөзүн ачып берет. Биз Анын бейнеси боюнча жаратылллганбыз (Башталыш 1:26). Ал биздин мүнөзүбүздүн Анын мүнөзүнө көбүрөөк окшош болушун каалайт.

Келгиле, Кудайдын Өз элине калтырып кеткен эң маанилүү он мыйзамын карап көрөлү.

# Биринчи 4 Мыйзам (Чыгуу 20:1–11)

Биринчи 4 мыйзам Кудай менен кандай мамиледе болушубуз керектигин үйрөтөт.

**1.** Кудай берген биринчи осуят кайсы (Мисирден чыгуу 20:3)? [3]

Кудай менен кызганчаак күйөөнүн ортосунда кандай окшоштук бар? [4]

Бул осуят кийинки осуят менен тыгыз байланышта.

**2.** Экинчи осуятта Кудай кандай буйрук берет (4-аят)? [5]

Буркан деген эмне? [6]

Бизди курчап турган айлана-чөйрөдө Кудайдын бейнесин дагы кайдан көрө алабыз (Башталыш 1:26)? [7]

Биз карап турган адамдарга сыйынуу ушунчалык оңой!

Буркандарга табынуу маселесинин түпкү тамыры эмнеде? [8]

Кудай биздин сүрөттөргө, иконаларга же айкелдерге сыйынышыбызды каалабайт, атүгүл, аларда Ыйсанын сүрөтү чагылдырылса да.

Эмнени биз Кудайдан артык көрсөк, ал биздин бурканыбызга айланат.

Адамдар сыйынган бир нече буркандарды атап бергиле? [9]

**3.** Үчүнчү осуят кандай (Мисирден чыгуу 20:7)? [10]

Биздин сөздөрүбүз ишибиз менен бекемделиши керек. Биз эки жүздүү болбошубуз керек.

Биздин Кудайга болгон сүйүүбүз Ага баш ийгенибизде көрүнөт.

**Римдиктерге 2:24:** *Силердин айыңардан бутпарастардын арасында Кудайдын ысымына тил тийип жатат.*

Кудайдын ысмын качан жана кантип маскара кылып алабыз? [11]

Кудайдын ысымына болгон урматыбыз эмнеден көрүнөт? [12]

**Лука 6:46:** *Эмнеге силер Мени: «Теңир! Теңир!» деп чакырасыңар да, айтканымды кылбайсыңар?*

Бул адамдардын көйгөйү эмне болгон? [13]

Кандай учурларда адамдар Кудайдын ысымын курулай айтышат? [14]

**4.** Кудайдын төртүнчү осуяты кандай (Мисирден чыгуу 20:8)? [15]

Кудай бизге жумасына бир күндү жумуштан эс алууга, Кудай менен жана ишенгендер менен убакыт өткөрүү үчүн берген. Бул күн ишемби же эс алуу күнү деп аталат. Биздин Кудай менен болгон жана адамдар менен болгон мамилебиз жумуштан маанилүүрөөк!

Ишемби күндү сактаганда, биз өзүбүздүн күчүбүзгө эмес, Кудайга ишенерибизди көрсөтөбүз.

Апта бою, жумасына жети күн иштөө менен биз бардык муктаждыктарыбызды канааттандыруу үчүн өзүбүздүн күчүбүзгө таянарыбызды көрсөтөбүз. Мындай кылуу бул Кудайга таянбастык.

Эгер биз ишемби күндү сактап, аны ыйык тутсак, бул кандайча Кудайды сүйүүгө жардам берет? [16]

## 5–10 осуяттар (Мисирден чыгуу 20:12–17)

Төмөнкү 6 осуят бири-бирибизге кандай мамиле кылышыбыз керектигин үйрөтөт.

Алгачкы 4 осуят Кудайды сүйүүгө үйрөтөт. Кудайга болгон сүйүү жок болсо, биз бири-бирибизди сүйө албайбыз жана акыркы 6 осуятты аткара албайбыз.

Калган 6 осуятты аткаруу үчүн эмне кылышыбыз керек? [17]

Бул 6 осуятта Кудай кандай буйруктарды берет (12–17 аят)? [18]

Бул осуяттарды аткаруу оңойбу?

**Матай 5:27–28:** Ыйса мындай дейт: *«Байыркы мезгилде жашагандарга: „Ойноштук кылба“, — деп айтылганын уккансыңар. Мен болсо силерге мындай деп айтамын: аял кишиге кумарлануу менен караган адам өз жүрөгүндө ойноштук кылган болот»*.

Ыйсанын бул сөздөрүн кандай түшүнөсүз? [19]

Кудай биздин сыртыбыздан эле жакшы болушубузду каалабастан, ички дүйнөбүздүн да жакшы болушун каалайт! Биз Ага баш ийип, сыртыбыздан жана жүрөгүбүздөн сулуу болушубуз үчүн, Кудай бизге Ыйык Рухту берди! Бул үчүн Кудайга шүгүр!

Он осуятты окуганда эмнени биздин ойлорубуз жөнүндө эстей жүрүшүбүз керек? [20]

Биз Кудайга ичибизден жана сыртыбыздан кантип баш ийе алабыз? [21]

Мүнөзүңүз Кудайдыкына көбүрөөк окшошуш үчүн, Кудайдан Ыйык Рухту берүүсүн сураныңыз.

**Сиздин мүнөзүңүз Кимге таандык болсоңуз, Ошону экениңизди көрсөтүп турат. Сиз кимге таандыксыз?**

## *Кошумча:* Мен кайсы мыйзамдарды аткарышым керек?

Эврейлерге берилген мыйзамдардын арасында, биз, 21-кылымда Орто Азияда жашаган адамдар аткарбай койгонго мүмкүн болгон осуяттар барбы? [22]

Тооратта жазылган мыйзамдар көп. Кайсы мыйзамга баш ийип, кайсынысына баш ийбей койсо болорун кайдан билебиз?

Бүгүнкү күндө кайсыл бир мыйзамга баш ийүү керекпи же жокпу билүү үчүн, өзүбүзгө эки суроону беришибиз керек:

1. **Бул мыйзам ошол убактагы ысрайылдыктарды эмнеге үйрөткөн?**
2. **Жаңы Келишим бул мыйзам же бул тема жөнүндө эмнени айтат?**

Тоорат мыйзамына баш ийүү керекпи же жокпу билиш үчүн өзүңүзгө кандай эки суроону беришиңиз керек? [23]

Эки мисал:

### 1. Тамак-аш жөнүндө мыйзам

**Лебилер 11-б:** Эттин кээ бир түрлөрүн жегенге болбойт болчу (7-аят: чочконун эти).



Биз өзүбүзгө бере турган биринчи суроо кандай болушу керек? [24]

Лебилер 11:45 бизди эмнеге үйрөтөт? [25]

Ысрайылдыктар башка элдердей жашабашы керек болчу. Алар Кудай үчүн ыйык болушу керек эле. Кудайдын эли башка элдерден айырмаланып турушу керек.

Кайсы экинчи суроону өзүбүзгө беришибиз керек? [26]

1 Петир 1:15–16-аяттар бизди эмнеге үйрөтөт? [27]

Кудай биздин ыйык болушубузду каалайт. Биз башка адамдардай жашабашыбыз керек, анткени биз Кудайга таандыкпыз.

Марк 7:18–19 аяттарынан биз эмнени үйрөнө алабыз? [28]

Лебилер китебинен таза жана арам тамактар жөнүндө окуганыбызда, тамак-аш арам деп тынчсызданбашыбыз керек! Андан көрө жашообузду ойлонушубуз керек — биз ыйык жашап жатабызбы?

Бул мыйзамдын негизинде жакыныбызды кантип сүйө алабыз?

1 Коринттиктер 8:13: «*Эгерде мен жеп жаткан тамак бир тууганымдын азгырылышына түрткү болсо, бир тууганым азгырылбашы үчүн, мен этти эч качан оозума албайм*».

Пабыл биздин иш-аракеттерибиз арабыздагы ишенгендерге таасирин тийгизерин айтат. Эгер ишенген адам курмандыктын этин жегениңиз үчүн капа болсо, жегениңиздин пайдасы барбы? [29]

## 2. Көзгө көз, тишке тиш



Мисирден чыгуу 21:23–25: *Эгерде дене оор жаракат зыян тарткан болсо, анда жанга жан, көзгө көз, тишке тиш, колго кол, бутка бут, күйүккө күйүк, жараатка жараат, көгөргөн жер үчүн көгөргөн жер.*

Алгач кайсы суроону өзүбүзгө беришибиз керек? [30]

Бул мыйзам, айыптуулар кандай жазага тартылышы керектигин чечкен соттор үчүн болчу. Андагы жазалар соттор өкүм чыгарып коё ала турган катаал чаралардан болгон. Алар Кудай айткандан ашыкча болмок эмес. Соттор аркылуу Кудай адамдардын ырайымсыздык менен өч алуусуна жол берген эмес. (Башталышы 4:24). Алар адилеттүү жана боорукер болушу керек эле. Мыйзамда көз же тиштин ордуна кун төлөөнүн да жолу берилген (Чыгуу 21:26,27,30). Бул аяттардан биз Кудай ысрайылдыктарга Өзүнүн адилеттүү жана ырайымдуу экенин үйрөтүп жатканын көрөбүз.

Мисирден чыгуу 21:23–25 аяттарынан биз эмнени үйрөнө алабыз? [31]

Кайсы экинчи суроону биз өзүбүзгө беришибиз керек? [32]

Матай 5:38–39 аяттарынан биз эмнени үйрөнө алабыз? [33]

Римдиктерге 12:19 биз эмнени үйрөнө алабыз? [34]

Кудай бүгүн да адилеттүү жана ырайымдуу!

Жакында Ыйса дүйнөнү соттойт жана ар бир күнөөкөрдү кылган иштерине жараша жазалоо үчүн келет, Ал адилеттикти орнотот!

Кудай баарын көрүп турат. Адамдар бизди таарынтып, капалантканда, аларды кечирүү кыйын. Бирок ар бирибизге Ыйык Китеп кечиримдүү болуп, сүйүшүбүздү айтат (Матай 6:14 жана 15). Муну эч ким өз алдынча кыла албайт, бирок бул Ыйык Рух менен мүмкүн!


Тоорат мыйзамына баш ийиш керекпи же жокпу, ошону билиш үчүн кайсы эки суроону беришибиз керек? [35]

**Ыйык жашашыбыз үчүн жана Кудайдын сүйүүсүн жакындарыбызга көрсөтө алышыбыз үчүн бири-бирибиз үчүн сыйыналы!**

# Жооптор

1 – Анткени Кудай бизди куткарып, Өзүнүн эли кылды. Ал биздин падышабыз!
2 – *Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй. Биринчи жана эң маанилүү осуят ушул. Экинчиси ушуга эле окшош: «Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды ошондой сүй».*
3 – Менден башка кудайларың болбосун.
4 – Кудай — кызганчаак Кудай! Күйөөсү аялын башка эркектер менен сүйлөшкөндө кызганып, анын көңүлүн эч ким менен бөлүшкүсү келбеген сыяктуу эле, Кудай да кызганат.
5 – *Өзүңө буркан жана жогорку асмандагы, төмөнкү жердеги, жерден төмөн суудагы нерселердин түспөлүн жасаба.*
6 – Буга кудайды сүрөттөп жасаган бардык нерсе кирет.
7 – Ар бир адамда Кудайдын бейнеси бар!
8 – Бурקандын сүрөтү Кудайды чагылдыра албайт. Биз Кудайды чагылдырганда, Аны кемсинткен болобуз.
9 – Биз ардактаган сүрөттөр же бурקандар; саясий лидерлер; атактуу адамдар; акча; үй жана Кудайдан жогору баалаган нерсенин баары.
10 – *Кудай-Теңириңдин атын курулай эле айта бербе.*
11 – Күнөө кетирип, Ага баш ийбегенде.
12 – Биз Кудайга баш ийип жашаганда аны урматтаган болобуз.
13 – Адамдар Кудайды сүйөм дешет, бирок жашоосунда Ага баш ийишпейт.
14 – Бул адамдар жашоосунда бир нерсе туура эмес болуп калса, Кудайды күнөөлөшөт («Оо Кудай!»). Бирок жашоосунда баары жакшы болуп турганда, Кудайды даңкташпайт.
15 – *Ишемби күндү ыйык тутууну эсиңден чыгарба.*
16 – Биз убакытты Кудай менен жана ишенгендер менен чогуу өткөрсөк болот.
17 – Биринчи 4 осуятты сактоо!
18 – 5. Ата-энеңди сыйла.
6. Киши өлтүрбө.
7. Ойноштук кылбагыла.
8. Уурдаба.
9. Жакыныңа жалаа жаппа.
10. Жакыныңдын нерсесине көз артпа.
19 – Биздин ойлорубуз, кылган ишибиз сыяктуу эле маанилүү!
20 – Кудай сыртыбыздан эле эмес, ичибизден да жакшы болушубузду каалайт!
21 – Кудайга сыртыбыздан да, ичибизден да табынышыбыз үчүн, Кудай бизге Ыйык Рухту берет!
22 – Ооба!
23 – Бул мыйзам ошол убактагы ысрайылдыктарды эмнеге үйрөткөн? Жаңы Келишим бул мыйзам же бул тема жөнүндө эмне дейт?
24 – Бул мыйзам ошол убактагы ысрайылдыктарды эмнеге үйрөткөн?
25 – *Ыйык болгула.*
26 – Жаңы Келишим бул мыйзам же бул тема жөнүндө эмне дейт?
27 – *Бардык нерседе ыйык болгула.*
28 – Кудай жараткан нерселердин баарын жесек болот!
29 – Жок.
30 – Бул мыйзам ошол убактагы ысрайылдарды эмнеге үйрөткөн?
31 – Кудай адилеттүү жана ырайымдуу.
32 – Жаңы Келишим бул мыйзам же бул тема жөнүндө эмне дейт?
33 – Өч алуунун кереги жок, кечиргенибиз маанилүү.
34 – *Сүйүктүүлөр, өзүңөр үчүн өч албагыла, тескерисинче, Кудайдын каарына орун бергиле.*
35 – Бул мыйзам ошол убактагы ысрайылдарды эмнеге үйрөткөн? Жаңы Келишим бул мыйзам же бул тема жөнүндө эмне дейт?

# 12-сабак:
# Жыйын чатыры



## Кудай биз менен

**Мисирден чыгуу 25:1–22** окуңуз.

Жыйын чатыры Кудай өз эли менен жолугушууну убада кылган жер болгон. Чатырдын ичинде эки бөлмө болгон.

Бул бөлмөлөр эмне деп аталат (Мисирден чыгуу 26:33)? [1]

Ыйыктардын Ыйыгында эмне болгон (25:10–22)? [2]

Мисирден чыгуу 25:10–22-аяттарынан эмнени биле алабыз? [3]

Керуптар эмне кылышкан (Башталыш 3:24)? [4]

Керуптар Кудайдын ушунчалык таза жана ыйык экенин жана адамдардын Ага жакындай албастыгын көрсөтүп турат.

Чатырдын айланасы короо, аны кездемеден тосулган дубал курчап турган.

Ыйык чатырдын короосунда эмнелер болгон? **Чыгуу 40:29–32**-аяттарды кара. [5]

Адамдар Кудайдын алдында тазаланышы үчүн курмандык чалынуучу жай жана бир чөйчөк суу керек.

Ысрайылдар чөлдө жүргөндө, ыйык чатыр да алар менен болгон.

500 жылдан кийин гана Сулайман падыша Ысрайыл элине, Кудай убада кылган жерге ийбадаткана курган. Ийбадаткана ыйык чатырга окшош эле. Бирок ал бекем жана кооз имарат болгон. Ийбадаткана, Кудай Өз эли менен жолугушууну убада кылган жер болгон.

Ийбадаткана эмнеси менен Ыйык чатырга окшош болгон? [6]

### Жаңы Келишим

Жаңы Келишим доорунда таштан тургузулган ийбадаткананын кереги жок экенин көрсөтөт. Жыйын Кудайдын ийбадатканасы болуп калат.

**1 Корунттуктарга 3:16:** *«Кудайдын ийбадатканасы экендигиңерди, ичиңерде Кудайдын Руху жашарын билбейсиңерби?»*

Эми Кудай менен жолугуу үчүн кандайдыр бир өзгөчө кооз имаратка баруунун кереги жок. Кудайга жолугуу үчүн эмне кылышыбыз керек жана каяка барышыбыз керек? [7]

Кудай ар дайым Өз эли менен!

## Кудай ыйык

Кудай бизди Өзү менен жакын мамиледе жашашыбыз үчүн жараткан. Кудайдын эли үчүн эң негизгиси — Кудайдын алар менен жашашы. Кудайсыз, алар Анын эли боло алышмак эмес!

Бирок ысрайылдыктар Кудайдан коркушкан. Алар Кудайдын ыйык экенин жана өздөрүнүн күнөөкөр экенин билишкен. Кудай күнөөкөр адамдарды (мисалы, фараондун жашоосу!) кандай жазалаганына күбө болушкан.

Кудай келишим сандыктын үстүндө болууга убада кылган — сандык Кудайдын тактысын билдирген. Ысрайыл элинин эч кимисинин сандыкты көрүүгө укугу болгон эмес. Ал Ыйыктардын Ыйыгында жайгашкан жана Башкы ыйык кызматчы ага жылына бир жолу гана кире алган. Кудай бир эле учурда алар менен болгон жана алардан өзүнчө болгон.

Кудай эли кандай көйгөйгө туш болгон? [8]

### Күнөөкөрлөр ыйык Кудай менен кантип жолугуша алышкан?

Байыркы Келишимде ысрайылдыктарга күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн эки нерсе керек болгон.

1. Күнөөкөр адамдын ордуна **курмандыкка чалынган жаныбарлар**.
2. Негизги курмандыктарды алып келген **башкы ыйык кызмат кылуучу**.

Байыркы Келишимде ысрайылдыктардын күнөөлөрү кечирилиши үчүн эмне керек болгон? [9]

Бирок башкы ыйык кызмат кылуучулар да, курмандыктар да жеткилең болгон эмес.

Алар биздин күнөөлөрүбүздүн көйгөйүн чече алышкан эмес. Алардын максаты, күнөөлөрүбүздүн көйгөйүн толугу менен чече алган Машаяктын курмандыгына бизди даярдоо болгон!

## Жаңы Келишим

**Эврейлерге 7:26–27:** (Ыйса жөнүндө сөз кылып жатып) *Башкы ыйык кызмат кылуучубуз ыйык, **жамандыктан алыс, кемчиликсиз, күнөөкөрлөрдөн бөлүнгөн**, асмандан да жогору көтөрүлгөн Башкы ыйык кызмат кылуучу болушу керек. Ал мурунку башкы ыйык кызмат кылуучуларга окшоп, адегенде Өзүнүн, андан кийин элдин күнөөлөрү үчүн Кудайга күн сайын курмандык алып келүүгө муктаж эмес. Анткени Ал муну Өзүн Өзү курмандыкка алып келүү менен **бир жолу** жана **биротоло** кылды.*

Ыйса башкы ыйык кызмат кылуучулардан эмнеси менен айырмаланат? [10]

Анын курмандыгы Байыркы Келишимдеги курмандыктардан эмнеси менен айырмаланган? [11]

Ыйса биздин жеткилең Башкы ыйык кызмат кылуучубуз жана Жеткилең Курмандыгыбыз!

**Марк 15:37–38** окуңуз. Ыйса өлгөндө ийбадатканада эмне болгон? [12]

Бул мындан ары биздин Кудайдан ажыратылбаганыбызды көрсөтүп турат! Бул эң сонун жаңылык!

**Бир гана Ыйса күнөөкөр адамдарды Ыйык Кудайга алып келе алат!**

**Еврейлер китебин 10:19–22** окуңуз. Бул укмуштуудай мүмкүнчүлүк менен эмне кылышыбыз керек? [13]

**Жакан 14:6:** *Ыйса мындай деп жооп берди:*
— *Жол, чындык жана өмүр Менмин. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт.*

Мага. Анда эмненин негизинде Кудайга жакындай алабыз? [14]

Бүгүн башка адамдар кантип Кудайга келүүгө аракет кылышат? [15]

## Байыркы Келишим жаңыны түшүнүүгө кандайча жардам бергенин көрүп жатасызбы?

## Ыйык Китепти бир жылда кантип окуса болот

Билесизби, эгерде сиз күн сайын Байыркы Келишимден 2 бөлүм, Жаңы Келишимден бир бөлүм жана Забурдан бир бөлүм окусаңыз, анда бир жылдын ичинде Ыйык Китепти толугу менен окуп бүтөсүз!



Бир жылда Ыйык Китепти кантип окуса болот? [16]

# Жооптор

1 – Ыйык жана Ыйыктардын Ыйыгы.
2 – Келишим сандыгы.
3 – Сандык — алтын үкөк (10–11-аяттар).
Сандыктын капкагы өзгөчө болгон, капкагында эки алтын керуп турган (17–18-аяттар).
Сандыкта он осуят жазылган эки таш лооктор болгон (21-аят).
Кудай ал жерде Өз эли менен жолугушууну убада кылган (22-аят)
4 – Керуптар өмүр дарагын коргоп турган.
5 – Короодо эки нерсе болгон: курмандык чалынуучу жай жана суу куюлган чөйчөк.
6 – Ийбадатканада эки өзгөчө бөлмө болгон: Ыйык жер жана Ыйыктардын Ыйыгы. Анда курмандык чалынуучу жай жана башка нерселерди тазалоо үчүн чоң идиш болгон.
7 – Башка ишенгендер менен жолугуп, жыйынга барып турушубуз керек.
8 – Кудай алар менен жашоо үчүн жерге келген, бирок алар күнөөкөр болушкандыктан, алардын күнөөлөрү Кудайга жакындоого тоскоолдук кылган.
9 – Башкы ыйык кызмат кылуучу жана курмандыктар.
10 – Ал ыйык, кемчиликсиз, таза.
11 – Анын курмандыгы бир жолу чалынган жана ал түбөлүк.
12 – Ийбадатканадагы көшөгө жогорудан ылдый айрылып, экиге бөлүнүп калды.
13 – Ыйсага жакында!
14 – Биз Кудайга Ыйса аркылуу келебиз
15 – Өзүңүздүн мисалдарды келтириңиз
16 – Күн сайын Байыркы Келишимдин 2 бөлүмүн, Жаңы Келишимдин бир бөлүмүн жана бир забурду (же узун болсо, жарым забурду!)

## 13-сабак:

# Чөлдөгү жашоо



Кудай Өз элине Синай тоосунда көп осуяттарды берген. Алар ыйык чатыр жасашкан. Бир жерде бир жыл тургандан кийин ысрайылдыктар Синай тоосунан чыгып, убадаланган жерге карай сапарын улантышкан.

## Коркунуч!

**Сандар 13:1–14:9** окуңуз.

Эмне үчүн Муса убадаланган жерге он эки кишини жиберген? [1]

Ал жер жөнүндө алар эмнени биле алышты (13:28)? [2]

«Сүт, бал аккан жер» деген эмнени билдирет? [3]

Алар бул жердин шаарлары жөнүндө эмнени биле алышкан (13:29)? [4]

Алар бул жерде жашаган адамдар жөнүндө эмнени биле алышкан (13:33–34)? [5]

Он эки адамдын канчасы Кудайга ишенишкен? [6]

Алардын канчасы Кудайга ишенишкен эмес? [7]

Алп элди көргөн он адамды коркунуч баскан.

Калеп менен Жашыя эмне дешкен (31-аят)? [8]

Калеп менен Жашыя башка жөнөтүлгөндөрдөн эмнеси менен айырмаланышкан [9]

Ким күчтүүрөөк, Кудайбы же элби? [10]

Ысрайылдыктар Кудайдын алар үчүн эмнелерди кылганын билип, эстеп жүрүшкөн. Кудай алар үчүн эмне кылган? [11]

Ошентсе да, ысрайылдыктар Кудайдан эмес, элден коркушту.

Кудайдын биз үчүн эмне кылганын унутуп коюш абдан оңой!

Кудайдын биз үчүн кылганын эстеп жүрүүгө эмне жардам берет? [12]

Эгерде ошондой кылып жатсак, анда элден эмес, Кудайдан коркобуз!

Ысрайылдыктар Кудайдан коркпой калганда эмне кылышкан (14:1–4)? [13]

Биз Кудайга ишенбеген учурда, ысрайылдыктарга окшоп, Ага баш ийүүнү каалабаган болобуз.

**Сандар 14:20–25** окуңуз. Кудай ысрайылдыктарга эмне деген? [14]

**Мыйзамды кайталоо 1:1–3** окуңуз. Ысрайылдыктар Кудайга ишенбей койгондо алар менен эмне болгон? [15]

Кудай ысрайылдыктарды чөлдө кырк жыл жашатты. Ысрайылдыктардын улуу мууну толугу менен өлүшү керек болчу. Кудай убадаланган жерге алардын балдары жана Калеп менен Жашыя гана кире турганын айткан.

Эмне үчүн Кудай мындай кылды? [16]

Биз Кудайга ишенбей калсак — бул өтө жаман кесепеттерге алып келет.

# Жаңы Келишим

Убадаланган жер Кудайдын Ыбрайымга берген убадасынын аткарылышы болгон (Башталыш 12:1–7). Бул жерде Кудай Өз эли, ысрайылдыктар менен бирге боло турган жер болчу.

Убадаланган жер — Жаңы Жаратууну дагы билдирет, ал жерде Кудайдын эли Кудай менен түбөлүк жашайт.

**Эврейлерге 11:16** окуңуз. Кудайга ишенген Байыркы Келишимдин адамдары чындыгында эмнени күтүшкөн? [17]

**Жакан 3:16** окуңуз. Жаңы Жаратуунун бир бөлүгү болуп, түбөлүк өмүргө ээ болгубуз келсе, эмне кылышыбыз керек? [18]

Эгерде биз Ыйсага ишенсек, анда биз түбөлүк, Убадаланган жерге кире алабыз! Бул Убадаланган жер Байыркы Келишимдеги жерге караганда алда канча жакшы болот!

# Чөлдөгү жашоо

Жаңы Жаратуудагы жашоого салыштырмалуу биздин жердеги жашообуз чөлдөгү жашоого окшош. Чөл биздин жашоодогу саякатыбызды билдирет.

**Мыйзамды кайталоо 29:5–6** окуңуз. Кудай Өз элине 40 жыл бою чөлдө кантип кам көргөн? [19]

Жаңы Келишимде Ыйык Рух Ыйсаны чөлгө 40 күнгө алып кеткен.

**Матай 4:3:** Шайтан Ыйсаны кантип азгырууга аракет кылган? [20]

**Матай 4:4:** Ыйса ага эмне деп жооп берген? [21]

Адам нан менен гана эмес, Кудайдын оозунан чыккан ар бир сөз менен да жашайт.

Ыйса Кудай ысрайылдыктарга кам көргөндөй эле, Ага да кам көрөрүнө ишенген.

**Жакан 6:35:** Ыйса өзүн эмне деп атаган? [22]

Бул биз үчүн эмнени билдирет? [23]

**Жакан 4:10:** Ыйса кудуктун жанындагы аялга эмне деген? [24]

Бул биз үчүн эмнени билдирет? [25]

Сиз бир күндө канча жолу тамактанып, суу ичесиз?

Эгерде узак убакыт бою суу ичпей жана тамак жебесе эмне болот?

Жаныбыздын дени сак болуш үчүн биз күн сайын руханий азыктар менен тамактанышыбыз керек! Денибиз сак болуш үчүн эмне кылышыбыз керек? [26]

Жашообуздагы саякатыбыз — бул ишеним сапарыбыз:

Биз Кудайга таянып, Ага баш ийишибиз керек. Биз рухий тамактанып турушубуз керек! Алптардан коркпой, Кудайдан коркушубуз керек!

Жашообузда кандай алптарды кезиктиребиз?

Биз кимден көбүрөөк коркобуз: алптарданбы же Кудайданбы?

Кудайга таянсак, күнөө кылбайбыз.

Биз коркок эмес ишенимдүү адамдардан болушубуз керек!

**Кудай бүгүн сизге эмне деп сүйлөп жатат?**

# Жооптор

1 – Убадаланган жерди көрүп жана анын шаарлары, элдери жана жери жөнүндө көбүрөөк билиш үчүн.
2 – Сүт менен бал агарын.
3 – «Сүт, бал агат» деген сөз, бул жерде малга жана аарыларга бай экенин билдирет. Аарылар өсүмдүктөрдү өстүрүүдө абдан маанилүү ролду ойнойт. Демек бул жер абдан түшүмдүү болгонун көрсөтүп турат.
4 – Шаарлар абдан чоң жана чептүү.
5 – Ал жердин адамдарынын баары абдан чоң экенин. Алар ал жерден дөөлөрдү көрүштү.
6 – 12 кишинин экөө гана Кудайга ишенишкен!
7 – 10 адам Кудайга ишенишкен эмес.
8 – Биз барып, бул жерди басып алышыбыз керек! Бул колубуздан келет!
9 – Калеп менен Жашыя Кудайдан коркушкан, ал эми калгандары адамдардан коркушкан.
10 – Албетте, Кудай.
11 – Кудай фараондон куткарып, алар Мисирден чыкканда укмуштуудай кереметтерди көрсөттү.
12 – Кудайдын биз үчүн эмне кылганын эстеш үчүн, биз күн сайын Ыйык Китепти окуп, Аны даңкташыбыз керек. Жакшы даңктоо ырлары Кудайдын жашообуздагы кылган иштерин эсибизге салып турат. Кудайды бирге даңктап, Анын Сөзүн үйрөнүшүбүз үчүн ишенгендер менен үзгүлтүксүз жолугуп турушубуз зарыл.
13 – Ысрайыл уулдары Кудайга баш ийбестик жолун тандап, убадаланган жерге кирбей калышты.
14 – Алар убада кылынган жерди көрүшпөөрүн айткан.
15 – Синай тоосунан убадаланган жерге чейинки жол алыс эмес, болгону 11 күн болгон. Бирок Ысрайылдыктардын сапары 40 жылга созулган!
16 – Анткени Ысрайыл уулдары Кудайга ишенишкен жок.
17 – Алар асмандагы өлкөнү — Жаңы Жаратууну күтүшкөн!
18 – Биз Ыйсага таянып, Ага ишенишибиз керек!
19 – Кудай аларга 40 жыл бою суу, нан жана керектүү нерселердин баарын берген.
20 – Ал Ыйсага таштарды нанга айлантууну айткан.
21 – *Ыйса Кудайдын Сөзү менен жооп берген: Ыйык Жазууда: «Адам нан менен гана эмес, Кудайдын оозунан чыккан ар бир сөз менен да жашайт», — деп жазылган.*
22 – Ыйса Өзүн Өмүр Наны деп атаган.
23 – Ыйса Кудай менен болгон мамилебиздин жетишпестигин толтурган Өмүр Наныбыз. Ал бизге түбөлүк жашоо үчүн жана бул жердеги жашообуздун ар бир күнү үчүн керектүү нерселердин баарын бере алат.
24 – Ал тирүү суунун булагы, ага муктаж болгондордун баары аны ала алат.
25 – Ал биздин Кудай менен болгон мамилебизди толтурат. Ал бизге түбөлүк өмүргө жана күнүмдүк жашообузга керектүү нерселердин баарын бере алат.
26 – Биз күн сайын Ыйык Китепти окуп, тиленип, Ыйса менен убакыт өткөрүшүбүз керек.

## 14-сабак:

# Ыйык-Китеп окуясы 8 сүрөттө

Келгиле, ушул сабакка чейин үйрөнгөн нерселерибизди жыйынтыктап алалы. Биз бул сүрөттөрдү Кудайдын Ыйык Китептеги кабары жөнүндө сүйлөшүү үчүн колдонобуз.




Башкалар менен бул Жакшы Кабар тууралуу бөлүшө алышыбыз үчүн биринчи сүрөттө эмне жөнүндө айтылганын чогуу окуп алалы; анан группадагы бир адам бул маалыматты окубастан кайталасын; андан кийин экинчи сүрөттө эмне деп жазылганын чогуу окуп, аны башка бирөө кайталасын. Биз бардык 8 сүрөттү окуп, кайра айтып бергенден кийин, группадагы ар бир адам өз кезеги келгенде текстти окубастан, бардык 8 сүрөттү айтып бере алышы керек.




## 1. Жаратуу

Кудай эмнени жаратса, бардыгы жакшы болду. Кудай биринчи адамдар, Адам ата жана Обо эне менен Эйден багы деп аталган кооз бакчада сүйлөшкөн.




## 2. Күнөөнүн башталышы

Адам ата менен Обо эне Кудайга баш ийбей, шайтанга баш ийишти. Бул аларды Кудайдын баталарынан жана түбөлүк жашоодон ажырап калышына алып келди.

Сүрөттөгү жебе Кудай Эйден багынан жана Өзүнүн катышуусунан биринчи адамдарды кууп чыкканын билдирет. Ошондон бери адамдар Кудай менен болгон баарлашууну жана Анын алдында болуу мүмкүнчүлүгүн кайра калыбына келтирүүнү каалашат.




## 3. Убадалар

Кудай Ыбрайымга Ал үчүн өзгөчө боло турган **элдин** атасы болорун убада кылган. Ошондой эле Кудай Ыбрайымга бул эл менен чогуу жашай турган **жерди** убада кылган. Ыбрайым аркылуу Кудай бардык элдерге **баталарды** убада кылган.

Таажы — Кудай алардын кайрымдуу падышасы болот дегенди билдирет. Көк желе — Кудай Өз убадаларына ишенимдүү экенин билдирет (Башталыш 9:13–16). Ал сиз ар дайым ишене турган Адам!




## 4. Мисирден чыгуу

Кудайдын эли бөтөн өлкөгө, Мисирге барып, кул болуп калышат. (Пирамидалар Мисирди билдирет).

Жебе, Кудай аларды Мисирдеги кулчулуктан куткарганын билдирет.




## 5. Жер

Кудай Өз элин убадаланган жерге алып келди. Кудай алар менен чогуу болуп, Ага баш ийишсе, батасын берерин убада кылган.

Бак-дарактар, суулар жердин жемиштүү болгонун көрсөтүп турат. Бирок ысрайылдыктар Кудайга баш ийүүнү каалашкан эмес, алар Аны менен болгон өзгөчө мамилесин бузушкан.




## 6. Ыйса Машаяк

Кудай Куткаруучуну жиберем деген Өз убадасын аткарды! Ыйса Машаяк биздин күнөөлөрүбүз үчүн жалгыз курмандык болуу үчүн келди жана айкаш жыгачта өлдү.

Ал өлүктөрдүн арасынан тирилген. Анын тирилүүсү Ал өлүмдү жеңгенин көрсөтүп турат! Эми биз кайрадан Кудай менен дос боло алабыз!




## 7. Ыйсанын кайтып келиши

Азыр Ыйса бейиште.

Жебе Ыйсанын бул дүйнөгө акыры кайтып келип, адамдарды соттой турганын көрсөтүп турат. Кудай Ыйса аркылуу бардык адамдарды соттойт.




## 8. Жаңы жаралуу

Ыйса кайра келгенде, биз Кудай менен жаңы, түбөлүк, убадаланган жерде — Жаңы Жаратылышта жашайбыз!

**Кудай ар бириңерге ушул аптада, Ыйык Китептеги окуяларды чагылдырган сүрөттөр тууралуу кимдир бирөө менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк беришин сурап сыйынгыла.**

## 15-сабак:

# Нундун уулу Жашыя



Кырк жыл чөлдү аралап жүрүп, Муса элди убадаланган жердин чегине алып барган, бирок өзү бул жерге кирген эмес.

Муса көз жумду, Нундун уулу Жашыя Кудайдын элинин жаңы жол башчысы болуп калды. Нундун уулу Жашыя элди убадаланган жерге алып барышы керек болгон. Нундун уулу Жашыя салгылашууларда элди жетектеген жол башчы болду.

Мусадан кийин Кудайдын элине ким жол башчы болду? [1]

Жашыя эмне кылышы керек эле? [2]

## Убада

**Нундун уулу Жашыя 1:1–9** окуңуз.

Кудай Өз элине эмне убада кылган (Мисирден чыгуу 3:8)? [3]

Канаан эли абдан күчтүү болгон. Ысрайылдыктар аларды жеңе алышмак эмес. Алар Кудайдын жардамына муктаж болгон.

Келгиле, Кудай Нундун уулу Жашыяга эмне убада кылганын карап көрөлү:

5б–9-аяттар ыр түрүндө жазылган. Эски Келишим эврей тилинде жазылган. Эврей ырларында эң негизги ой ырдын ортосунда берилет. Карасаңыз, бул үзүндүнүн биринчи жана акыркы бөлүктөрүндө бир эле нерсе жөнүндө сөз болуп жатат, ырдын кийинки бөлүктөрү да бир эле ойду кайталаган эки окшош сапка бөлүнөт.

**А.** мен сени эч качан таштабайм.
**Б.** Бекем, кайраттуу бол...
**В.** Бекем, өтө кайраттуу бол.
**Г.** бардык иштериңди акылмандуулук менен кылуу үчүн... мыйзамды так сактагын жана аткаргын.
**Д. Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн,**
**Д. алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт,**
**Г.** ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың.
**В.** ... бекем, кайраттуу бол.
**Б.** жалтанба да, коркпо,
**А.** ... анткени сен кайда барсаң, Кудай-Теңириң ошол жерде сени менен болот.

Бул ырдын негизги ою эмнеде? [4]

Эгерде Нундун уулу Жашыя ушундай кылса, анда эмне болот (7-аят)? [5]

Эмне үчүн Ал коркпой, бекем болушу керек (9-аят)? [6]

# Аткаруу

**Нундун уулу Жашыя 21:43–45** окуңуз.

Кудай Ыбрайымга убада кылган жердин канча бөлүгүн ысрайылдыктар Жашыянын жетекчилиги астында басып алышкан (43-аят)? [7]

Кудай ысрайылдарга дагы кандай убадаларды берген (44-аят)? [8]

Ыйык Жазуунун бул үзүндүсүндө Кудайдын канча убадасы аткарылган (45-аят)? [9]

Бул керемет болду! Ысрайылдыктар үчүн бул жерге кирүү оңой болгон жок. Алар ар бир шаар үчүн күрөшүшү керек болду. Акыры, Кудай ысрайылдыктарга тынчтыктын жана кубанычтын жери боло турган жерди берди. Бул алардын Кудай менен жашай турган үйү болушу керек эле!

## Эмне үчүн ысрайылдыктар бул жерде жашаган элден кутулууга аргасыз болушкан?

Ысрайыл эли дүйнөнүн жарыгы болушу үчүн, алар убадаланган жерден душмандарын kууп чыгышы керек болчу. Бул жердин элдери башка кудайларга сыйынып, үрөй учурган иштерди жасап, балдарын курмандыкка чалышкан. Кудай алардын андай кылыктарын жек көрүп, ысрайылдыктардын да ошондой жаман иштерди кылышын каалаган эмес.

Эмне үчүн ысрайылдыктар бул жердин элинен кутулууга аргасыз болушкан? [10]

# Жаңы Келишим

Ыйсанын убагында грек тили дүйнөнүн бул бөлүгүндөгү элдер сүйлөгөн негизги тил болгон. Ошентип, Жаңы Келишим грек тилинде жазылган.

Жаңы Келишим кайсы тилде жазылган? [11]

Байыркы Келишим кайсы тилде жазылган? [12]

Эврейлердин Жашыя деген ысымы грек тилинен Ыйса деп которулат.

Ыйса деген ысымдын мааниси кандай (Матай 1:21)? [13]

Жашыя Машаякка окшош болгон: бизди куткарып, түбөлүк убадаланган жерге, Жаңы Жаратууга жетелей турган ишенимдүү Жол Башчыбыз Ыйса! Жаңы Жаратуу Байыркы Келишимдеги убадаланган жерге караганда алда канча жакшыраак! Биз жашап жаткан дүйнө биздин үй эмес. Биз чыныгы үйүбүзгө бара жаткан жолдобуз!

Ыйса күнөөсүз болгон. Ал толугу менен Кудайдын мыйзамына баш ийген. Ыйса «мыйзамды так сактаган жана аткарган, ... андан оңго да, солго да бурулган эмес...» (Иса 1:7). Ибилис аны чөлдө азгырганда, Ыйса ага каршы Кудайдын Сөзүн колдонуп «күрөшкөн» (Матай 4:1–11).

Ыйса кандайча Нундун уулу Жашыяга окшош? [14]

Ыйса Жашыядан эмнеси менен айырмаланат? [15]

# Бүгүнкү күндө Кудай биздин эмнеге каршы күрөшүүбүздү каалайт?

Азыр убада кылынган жер жок. Кудай бизди бир жер үчүн согушууга жана ага баш ийбегендердин баарын андан кууп чыгууга чакырбайт. Биздин милдет — адамдарга ыйык Кудай кандай экенин көрсөтүү. Биз муну сөзүбүз жана аларга болгон сүйүүбүз аркылуу жасай алабыз. Кудай адамдарды ушунчалык сүйгөндүктөн, алардын түбөлүк өмүргө ээ болушу үчүн, Өз Уулун адамдардын күнөөлөрү үчүн өлүүгө жиберген. Адамдар Кудайга каршы чыкканы үчүн тобо кылышы керек!

Бүгүнкү биздин максатыбыз эмне? [16]

Биз руханий согуштабыз. Шайтан бизди Кудайга баш ийбөөгө азгырат. Түбөлүк убада кылынган жерге жеткиче бизди көптөгөн согуштар күтүп турат.

**Жашыя 1:16–17:** Ысрайылдыктар Жашыяга эмне убада кылышкан? [17]

Жеңишке жетүү үчүн ысрайылдыктар бардык жагынан өз башчысы Жашыяга баш ийиши керек болчу. Биз да жеңишке жетүү үчүн бардык нерседе Ыйсага баш ийишибиз керек.

Өз элин убадаланган жерге алып барышы үчүн, Кудай Жашыя менен болгон. Ыйса Өзү адам болуп келген Кудай болгон. Ошентип, Ыйса биз менен болгон Кудай жана бизди түбөлүк убадаланган жерге алып баруучу Жол Башчы.

Матай 28:20 Ыйса жолдоочуларына кандай убада берген? [18]

Жашыя китебиндеги 1:5–9-аяттарын Ыйсанын бизге айткан сөздөрү катары окусак болот.

Ыйса ар дайым биз менен экенин жана ал бизди күчтүү жана кайраттуу кыла аларын билүү үчүн эмне кылышыбыз керек? [19]

Качан биз Кудайдын Сөзүн окуганда, Ал бизге кайрат берип, коркунучту алып салат!

Ысрайылдыктар ар бир шаар үчүн согушкан сыяктуу, биз да бардык ыпылас ойлорубуз менен иштерибизге каршы күрөшүшүбүз керек.

- Биз кимди жаман көрөбүз?
- Биз кимдерди кечире алган жокпуз?
- Кайсы учурда биз өзүбүздү күйөөбүздөн же аялыбыздан көбүрөөк сүйгөн болобуз?
- Кайсы учурда биз жакындарыбызга ачууланып, кыйкырабыз?
- Телефондон жаман нерселерди көрөбүзбү?

Нух жөнүндөгү сабак эсиңиздеби? Сыртыбыздан жакшы көрүнгөнүбүз менен, ичибизден бузулуп кеткен жемиш сыяктуубуз. Кудайдан кайсыл жерибизди жана кантип өзгөрткүсү келгенин көрсөтүүсүн сурап сыйыныңыз. Ошондо сиз башка адамдарга Ыйсаны ээрчип, түбөлүк убадаланган жерге барууга жардам бере аласыз!

## Ар бир күндүк тапшырма

Шайтандын сизге багытталган жебелерине каршы туруу үчүн, күн сайын рухий курал-жарактарды кийип алыңыз (Эфестиктер 6:10–18). Кудай биз үчүн күрөшүп жатканын жана бизди куткарарын эсиңизден чыгарбаңыз. Биз шайтанга багынып, качпашыбыз керек!

# Жооптор

1 – Жашыя.
2 – Кудайдын элин убадаланган жерге алып келүү.
3 – Кудай аларды сүт жана бал аккан жакшы, кенен жерге (малдары көп мөмөлүү жерге) алып келүүнү убада кылган.
4 – Кудайдын Сөздөрү, Мыйзам китептери ар дайым оозуңуздан түшпөсүн, күнү-түнү булар жөнүндө ой жүгүртүңүз.
5 – Жашыя кайда барбасын, ийгиликке жетет.
6 – Анткени ал кайда барбасын, Түбөлүктүү Кудай аны менен бирге болот.
7 – Ысрайылдыктар бүт жерди басып алышты.
8 – Кудай аларга бардык душмандарынан тынчтык берди.
9 – Бардык убадалар аткарылган.
10 – Кудайга алардын иштери жаккан эмес, Ал ысрайылдыктардын да ошондой жаман иштерди кылышын каалаган эмес.
11 – Жаңы Келишим грек тилинде жазылган.
12 – Байыркы Келишим иврит тилинде жазылган.
13 – Ыйса — Кудай куткарат.
14 – Жашыя менен Ыйса деген ысымдардын мааниси бир — «Кудай куткарат».
Жашыя да, Ыйса да өз элин куткарып, Кудайдын элин убадаланган жерге алып келишет.
15 – Жашыя жөнөкөй адам болгон. Ал жеткилең болгон эмес. Ыйса жөнөкөй адам болгон эмес — Ал күнөөсүз болгон. Ыйса толугу менен Кудайдын мыйзамына баш ийген. Ыйса Кудайдын элин түбөлүккө созулбай турган убадаланган жерге алып барган. Ыйса бизди түбөлүк убадаланган жерге алып барат.
16 – Биздин максат — адамдарга аларды сүйгөн ыйык Кудай бар экенин көрсөтүү. Биз муну сөзүбүз жана аларга болгон сүйүүбүз аркылуу көрсөтө алабыз. Алар тобо кылышы керек!
17 – Ысрайылдыктар Ыйсага баш ийүүгө убада беришкен.
18 – Мен силер менен ар дайым, дүйнөнүн акырына чейин болом.
19 – Биз Кудайдын Сөзүн окуп, ой жүгүртүп жана Ага баш ийишибиз керек.

16-сабак:

# Башкаруучулар



Көптөгөн коркунучтуу окуялар Башкаруучулар китебинде камтылган. Ошол окуялар аркылуу биз Куткаруучуга канчалык муктаж экенибизди көрүп, биле алабыз. Бул караңгы дүйнөдө жарык боло турган Куткаруучу!

Биз Ыйык Китептеги коркунучтуу окуяларга толгон китептерди окуганыбызда бул бизге эмнени билдириши мүмкүн? [1]

Бул дүйнөнүн жарыгы ким (Жакан 8:12)? [2]

Башкаруучулар Кудай элинин башчылары жана куткаруучулары болушкан. Бул Жашыя менен биринчи падыша Шабулдун аралыгындагы убакыт болчу. Башкаруучулар ысрайыл элинин үстүнөн бийлик жүргүзгөн убакыт 300 жылдан ашык созулган. Бул биздин заманга чейинки 1300–1000-жылдардын тегерегинде болгон.

Ысрайыл элинде башкаруучулар кимдер болгон? [3]

## Ашмалтайлык

**Башкаруучулар 2:6–19** окуңуз.

Кудай өз элине дүйнөнүн жарыгы болуу үчүн убадаланган жерди берди. Кудай башка элдердин ысрайылдыктарды карап, чыныгы Кудайга кантип сыйыныш керек экенин алардан көрүшүн каалаган.

Бирок Башкаруучулар китебинде биз ысрайылдардын Кудайга баш ийбегенин көрөбүз.

Биз Башкаруучулардын китебинде кайталанган беш бөлүктөн турган тегеректи көрөбүз:

**1. Ысрайылдыктар башка кудайларга сыйынышат.**
**2. Кудай аларды жазалап, душмандардын колуна салып берет.**
**3. Алар Кудайга жалынышат.**
**4. Кудай аларды куткара турган сотту берет.**
**5. Сот өлөт.**

Анан кайра бул нерсе кайталанат.

Башкаруучулар китебинен тегеректин кайсы беш бөлүгүн көрөбүз? [4]

# Башкаруучулар менен болгон төрт көйгөй

## 1. Башкаруучулар бизге үлгү боло алышпайт.

Бул китепте башкаруучулар бизге жакшы үлгү боло алышкан эмес!

Мисалы:

1. **Гидон** корккон (6:27). Биз Кудайды ным жана кургак жүн аркылуу сынабашыбыз керек! (6:36–40)

2. **Иптах** өз кызын өзүнүн акылсыздык менен берип койгон антынын айынан өлтүргөн (11:29–40).

3. Эң атактуу бий — **Шимшон**. Ал абдан күчтүү болчу. Ал башка кудайларга сыйынган пелиштилик аялга үйлөнгөн (14:1–2). Ал сойкуларга барган. Ал чачын кырктырып, антты бузгандыгы үчүн (16-бөлүм) өзүндөгү кудуреттүү күчтөн айрылып калган. Ал дайыма өч алчу.

Алар биз үчүн жакшы үлгү болушкан эмес!

### Жаңы Келишимде

Биз үчүн жакшы үлгү — бул биздин Куткаруучубуз. Биз Аны туурашыбыз керек. Ал корккон эмес, бейкүнөө адамдарды өлтүргөн эмес, өч алган эмес жана таза өмүр сүргөн.

Бул киши ким? 1 Петир 2:21–23 караңыз. [5]

## 2. Башкаруучулар убактылуу гана куткара алышкан

Башкаруучу өлгөндө эмне болгон (2:19)? [6]

### Жаңы Келишимде

Бизди түбөлүккө куткарган Куткаруучубуз бар!

**Эврейлер 7:25:** *Ошондуктан Ал Өзү аркылуу Кудайга келгендердин баарын толук куткара алат. Ал түбөлүк тирүү болгондуктан, алар үчүн арачылык кылат.*

Эмне үчүн Ыйса бизди түбөлүккө куткара алат? [7]

## 3. Башкаруучулар күнөө маселесин чече алышкан эмес.

Башкаруучулар китебинде биз ысрайылдыктардын жашоосу барган сайын начарлап бараткандын көрөбүз.

Кудай Өз элине дайыма сүйүү көрсөткөнү таң калыштуу!

Алар Ага жалынганда, Кудай эмне кылды (мисалы: 3:9)? [8]

Башкаруучу өлгөндө кайра эмне болот (2:19)? [9]

## Жаңы Келишимде

Биздин күнөөбүздүн көйгөйүн чечкен Куткаруучубуз бар!

Кудай эмне кылган (1 Жакан 4:9–10)? [10]

Кудай бизге эмне берди (Элчилер 2:38)? [11]

Ыйык Рух бизди барган сайын Ыйсага көбүрөөк окшоштурат. Ал биздин жашообузда иштегендиктен, биз күнөө кылбоого үйрөнөбүз. Жана бир күнү биз Жаңы Жерде Ыйса менен күнөөсүз өмүр сүрөбүз!

## 4. Башкаруучулар адамдардын Кудайга падыша катары баш ийишине таасир бере алышкан эмес

Кудай Забур 43:5 кандай сүрөттөлөт? [12]

Мыйзам кайталоо 33:5 Муса, Кудай «Йешурунга падыша болду» (Ысрайылдын аты) деп айткан.

**Башкаруучулар 21:25** эмне жөнүндө окуйбуз? [13]

Ысрайылдыктар падышасы жоктой жашашкан. Аларды эч ким башкарган эмес. Алар Кудайдын бийлиги астында жашоону токтотушту. Алар каалагандай жашап, барган сайын начарлашкан. Бул коркунучтуу!

Туура жолго түшүш үчүн Ысрайылдар эмне кылышы керек эле? [14]

Кудай ысрайылдыктардын башка элдердей эле падышаны талап кыларын билген. Кудай ысрайылдыктарга падыша жөнүндө эмнелерди айткан: ал эмнелерди кылып, эмнелерди кылбашы керек эле (Мыйзам 17:14–20-аяттарды карагыла)? [15]

Жакшы падыша өз элин Кудайдын мыйзамдарына баш ийүү менен жетектеши керек.

Биз Байыркы Келишимди окуганда, Ысрайылдын бардык падышаларынын жашоосунда туура эмес иштерди кылганын көрөбүз. Бирок бир күнү Кудай Өз элин Кудайдын мыйзамдарына баш ийүү менен жетектей алган жеткилең Падышаны жиберерин айткан.

## Жаңы Келишимде

Бул аяттарда Ыйсага кандай ысымдар берилген?

**Матай 2:2** [16]

**Матай 27:37** [17]

**Аян 19:16** [18]

Ыйса — бизге керек Падыша! Ал жеткилең өмүр сүргөн жана Мыйзамдарды аткарган (Матай 5:17).

Башкаруучуларда кайсыл төрт көйгөй болгон? [19]

Биз үчүн Ким жакшы үлгү? [20]

Бизди түбөлүккө Ким куткара алат? [21]

Күнөө маселесин Ким чече алат? [22]

Жеткилең падыша Ким? [23]

## Сиз өзүңүздүн падышаңызга кантип табынасыз?

# Башкаруучулар китебинен эмне үйрөнө алабыз?

### 1. Ишенбегендерди туурап, алардын кылганындай кылуу абдан оңой.

Алар эмнеге сыйынышат? [24]

**Мыйзам 6:5** окуңуз. Кудай бизден эмнени каалайт? [25]

### 2. Күнөө күчтүү болгондуктан, андан кутулуу өтө оор. Бизге жардам керек.

**Жакан 8:36:** *Эгерде силерди Уул эркин кылса, анда чындап эркин болосуңар.*

Кантип күнөө кылбай коё алабыз? [26]

Бир гана Ыйса бизди күнөөлөрүбүздөн куткара алат жана Ал гана жүрөгүбүздү өзгөртө алат!

## 3. Кудай бизди сүйгөндүктөн жазалайт.

**Эврейлерге 12:5–6:** *Силерге уулдары катары «Уулум, Теңирдин жазасын четке какпа, Ал сенин айыбыңды ашкерелегенде, көңүлүңдү чөгөрбө. Анткени Теңир кимди сүйсө, ошону жазалайт. Кабыл алган ар бир уулун уруп-сабайт» деп айтылган насаатты да унутуп койдуңар.*

Теңир кимди жазалайт? [27]

Сиз менен жаман нерсе болгондо, Кудайдан ал аркылуу эмне айткысы келгенин сурагыла.

Бул бардык жамандык Кудайдын жазасы дегенди билдирбейт. Адамдардын башына бир жамандык келгенде бул Кудайдын жазасы деп айтуу туура эмес. Оор күндү башынан өткөрүп жаткан адамдарга боорукердик менен мамиле кылуу керек!

**Римдиктерге 8:28–29:** *Анын үстүнө, Кудайды сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка болорун билебиз. Анткени Кудай мурунтадан билген адамдарын* ***Өзүнүн Уулуна окшош кылууну алдын ала белгилеп койгон****. Анткени Ал бир туугандарынын туңу болушу керек*

Кудай жашообуздагы кыйынчылыктарды кантип колдонот? [28]

## 4. Кудай ыймандуу, ырайымдуу жана боорукер.

Биз Аны канча жолу таштасак да, Ал бизди дайыма угат жана Аны чакырганда бизди куткарат. Кээ бирөөлөр Ыйсаны ээрчибей же жыйынга барбай калышат, анткени алар өтө көп туура эмес чечимдерди кабыл алдык деп сезишет. Бирок Кудай ар дайым кечирет, ар дайым калыбына келтирет жана ар дайым сүйөт.

**Забур 144:8:** *Теңир кайрымдуу жана ырайымдуу, чыдамдуу жана абдан боорукер.*

Биз дагы бир жамандык кылганда эмнени эстешибиз керек? [29]

Башкаруучулар китебинен эмне биле алабыз? [30]

Адамдын жашоосунда болгон бардык жамандыктар Кудайдын жазасы деп айтсак болобу? [31]

Башкалардын жашоосунда жаман нерсе болгондо биз аларга кандай мамиле кылышыбыз керек? [32]

Кыйынчылыктар жөнүндө эмне билебиз? [33]

## Бул китеп аркылуу Кудай бүгүн сага эмнени үйрөттү?

# Жооптор

1 – Бизге Куткаруучу керек.
2 – Ыйса!
3 – Алар Жашыя менен биринчи падыша Шабулдун ортосундагы мезгилде, Кудайдын элинин башчылары жана куткаруучулары болушкан.
4 – 1. Ысрайылдыктар башка кудайларга сыйынышат.
2. Кудай аларды жазалап, душмандардын колуна салып берет.
3. Алар Кудайга жалынышат.
4. Кудай аларды куткара турган башкаруучу берет.
5. Башкаруучу өлөт.
5 – Ыйса!
6 – Ысрайыл эли кайрадан башка кудайларга табынышты, ошондо алардын жашоосу барган сайын начарлады.
7 – Анткени Ыйса түбөлүк жашайт!
8 – Кудай аларга куткаруучу жиберди.
9 – Ысрайылдыктар кайрадан башка кудайларга сыйынышты, алар барган сайын начарлашты.
10 – Ал Өз Уулун биздин күнөөлөрүбүздүн кечирилиши үчүн жиберди.
11 – Ал бизге Ыйык Рухту берди.
12 – Менин падышам.
13 – *Ал убакта Ысрайылдын падышасы болгон эмес, ар кимиси өз каалаганын кылышчу.*
14 – Ысрайыл уулдары аларды кулчулуктан куткарган падыша Теңирге баш ийиши керек болчу.
15 – Падыша ысрайылдык болушу керек (б.а. Кудайга ишенген). Ал көп аял албаган, күмүш-алтынды сүйбөгөн адам болушу керек. Ал Кудайдын мыйзамдарын билип, сакташы керек эле.
16 – Жүйүттөрдүн падышасы.
17 – Жүйүттөрдүн падышасы.
18 – Падышалардын падышасы жана кудайлардын Эгедери.
19 – Башкаруучулар бизге үлгү боло алышкан жок. Башкаруучулар убактылуу гана куткара алышкан. Башкаруучулар күнөө маселесин чече алышкан эмес. Башкаруучулар элди падыша катары Кудайга баш ийдире алышкан эмес.
20 – Ыйса!
21 – Ыйса!
22 – Ыйса!
23 – Ыйса!
24 – Кудайды таанытбагандар динге, өлгөн адамдарга, телефонго, машинага, чоң үйлөргө жана башка материалдык нерселерге табынышат.
25 – *Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен сүй.*
26 – Бизди күнөөдөн куткарыш үчүн Ыйса керек.
27 – Жакшы көргөндөрүн.
28 – Кудай бизди Ыйсага көбүрөөк окшоштуруу үчүн жашообуздагы бардык кыйынчылыктарды колдонот.
29 – Кудай ар дайым бизди угат жана биз Ага кайрылганыбызда куткарат.
30 – Ишенбегендерди тууроо, алардын кылганын кылуу абдан оңой. Күнөөдөн арылайын десең, ал өтө оор. Бизге жардам керек. Кудай бизди сүйгөндүктөн жазалайт. Кудай ишенимдүү, боорукер жана ырайымдуу.
31 – Жок.
32 – Боорукердик менен!
33 – Кудай бизди Ыйсага көбүрөөк окшоштуруш үчүн, бардык кыйынчылыктарды колдонот.

17-сабак:

# Падышалар



## 1 жана 2 Шемуел Китептери

**Шемуелдин биринчи китебинде биз Шемуел,** Шабул жана Дөөт жөнүндө билебиз.

**Шемуел** пайгамбар Ысрайылдын акыркы башкаруучусу болгон. Ал ысрайылдыктарга Кудай жөнүндө үйрөтүп, алардын күнөөлөрүн көрсөтүп турган.

Ысрайылдыктар башка элдердей болууну каалашкан. Алар Кудайдын аларга падыша болушун каалашкан эмес. Алар падышабыз кадимкидей эле киши болсо деп эңсешкен. Ошондо Кудай аларга Шабулду берди.

**Шабул** биринчи падыша болгон. Качан ал Кудайга баш ийбегенде, ал падыша болуу укугунан ажыратылган.

Кудай Ысрайыл элине башка падыша берди. Анын аты ким эле? [1]

Ал кандай адам болгон **(Элчилер 13:22)**? [2]

Дөөт Ысрайылдын эң улуу падышасы болгон. Дөөттүн башкаруусу жөнүндө **2 Шемуел китебинен** окуй алабыз. Биз ал жөнүндө кийинки сабакта көбүрөөк билебиз.

Шемуел ким болгон? [3]

Шабул ким болгон? [4]

Дөөт ким болгон? [5]

# 1 жана 2 Падышалар китеби

Дөөттөн кийинки падыша ким болгон? [6]

Ал эмне курган (**1 Падышалар 6:1–2**)? [7]

Ал кандай адам болгон (**1 Падышалар 10:23**)? [8]

Сулаймандын убагында ысрайылдыктардын жашоосу кандай болгон (**1 Падышалар 4:25**)? [9]


Бул Жаңы Жердеги жашоодой болгон!

Кийинчерээк Сулайман күнөө кыла баштады. Ал эмне кылган (**1 Падышалар 11:1–13**)? [10]

Ошентип, биз Сулаймандын падышачылыкты кантип талкалаганын биле алабыз.

Кудай ага ачууланып, анын уулу падышалык кылып турган кезде, падышалыкты экиге бөлгөн: Түндүк бөлүгү — **Ысрайыл** деп аталган, ага он уруу кирген.

Түштүк бөлүгү **Жүйүт** деп аталып, ага эки уруу кирген: Бенжемин жана Жүйүт.



Түндүк бөлүгү кандай аталган? [11]


Түштүк бөлүгү кандай аталган? [12]

# Ысрайыл

Ысрайыл падышалыгынын 200 жылдык аралыгында 20 жаман падыша бийлик кылган. Алар башка кудайларга табынууну үндөшкөн. Ысрайыл падышалары барган сайын бузулуп, ого бетер начарлай беришкен. Ошентип, ысрайылдыктар Кудайдан убакыт өткөн сайын алыстай беришкен.

Аягында, Кудай Ашур империясын Ысрайылды басып алуу үчүн жиберген.

Көптөгөн ысрайылдыктар өлтүрүлгөн, башкалары Ашурга туткундалып кеткен. Бул Ыйса (б.з.ч.) төрөлгөнгө чейин 722-жылы болгон (2 Падышалар 17:5–23). Картаны караңыздар — сызыкта Ысрайылдыктар кайда алынып кеткени көрсөтүлүп турат.




Ысрайылда канча жакшы падыша болгон? [13]


Ыйса төрөлгөнгө чейин 722-жылы Ысрайылды ким басып, ээлеп турган? [14]

# Жүйүт

Жүйүт падышалыгынын 350 жыл ичинде Жүйүттү 20 падыша башкарган. Кээ бир падышалар жакшы, кээ бирлери жаман болушкан. Жүйүт эли Ысрайыл эли сыяктуу эле Кудайдан алыстап кетишкен.

Акыр-аягы, Кудай Жүйүттү багындыруу үчүн Бабыл империясын жиберген.

Бабылдыктар Жүйүт жеринде көптөгөн элди өлтүрүп, калгандарын Бабылга туткундап кетишкен. Бул Ыйса төрөлгөнгө чейин 586-жылы болгон. (2 Падышалар 25-бөлүм). Алар кайда туткундалганын көрүү үчүн картаны караңыз.




Ысрайылдын канча падышасы жакшы болгон? [15]

586-жылы Ыйса төрөлгөнгө чейин Жүйүт падышалыгын ким басып алган? [16]

## Кудайдын соту — акыркы сот:

**Мусанын учурунда** эл кулчулуктан кутулса, эми кайрадан кул болуп калышты.

**Жашыянын учурунда** жер элге берилген, бирок эми алар жерди тарттырып жиберишти.

**Шемуелдин учурунда** элге падыша берилген. Эми падыша кулатылды.

**Дөөттүн учурунда** эл душмандарынан эс алышса, эми алар кайрадан жеңилишти.

**Сулаймандын учурунда** ийбадаткана Кудай Ысрайыл элинин арасында болушу үчүн курулса, эми азыр ал талкаланды.

Кудай Өзүнө баш ийгендерге батасын берүү жана Ага баш ийбегендерди жазалоо жөнүндөгү убадасын аткарат (Мыйзам 28:1,2 жана 15).

Байыркы Келишимде Кудай Өз убадаларын кантип аткарары жөнүндө эмне айтылат? [17]

Кудай адилеттүү болгондуктан, күнөөнү жазалашы керек. Бирок таң калыштуусу, Ал адилеттүү эле эмес, ырайымдуу да Кудай.

Жүйүттүн туткундалышы башталгандан жетимиш жыл өткөндөн кийин эмне болгон (2 Жылнаама 36:20–23)? [18]

Кудай Дөөттүн урпактарын коргогон. Кудай Дөөткө анын урпактарынын бири Машаяк, түбөлүк падышалык кыла турган жеткилең Падыша болорун убада кылган. Жүйүт эли туткундан Жүйүт жерине кайтып келгенде, алардын жанында Дөөттүн тукумунан чыккан Зоробабел болгон.

Анткен менен, Кудайдын эли көп убакыт бою башка падышалыктардын кол астында болгон (Ыйсанын төрөлүшүнө чейин, болжол менен жүз жыл мурун болгон кыска мезгилди кошпогондо). Алар эркиндикти, өз жерин, жакшы падышаны, душмандарсыз жана Кудайга чындап сыйынууга боло турган мезгилди кыялданышкан.

# Жаңы Келишим

Ыйса эмнени орнотуу үчүн келген (**Марк 1:14–15**)? [19]

Кудайдын Падышалыгында падыша ким (**Матай 2:2**)? [20]

**Матай 12:42**-аятта Ыйса кандай сүрөттөлгөн? [21]

Ыйса Машаяктын учурунда Жүйүт эли Кудай жиберем деп убада кылган Падышаны күтүп жатышкан. Алар Андан Сулаймандыкындай даңктуу падышалыкты орноторун күтүшкөн. Бирок Ыйсанын падышачылыгы Сулаймандын падышачылыгынан алда канча жакшы болот. Ыйсанын Падышачылыгында алда канча көбүрөөк тынчтык, байлык жана кубаныч болот!

Биз Ыйсанын кереметтүү падышачылыгына кантип кире алабыз? [22]

### Жашооңуздун кайсы тармагында Ыйса Падышага баш ийбейсиз?


# Жооптор

1 – Анын аты Дөөт эле.
2 – Ал Кудайды сүйгөн.
3 – Ал пайгамбар жана башкаруучу болгон.
4 – Ал биринчи падыша болгон.
5 – Ал Ысрайылдын экинчи падышасы жана эң улуу падышасы болгон.
6 – Анын уулу Сулайман.
7 – Ал ийбадаткана курган.
8 – Кудай аны дүйнөдөгү эң акылман жана эң бай адам кылган.
9 – Кудай анын Падышачылыгын абдан бай кылып, ага туш тараптан тынчтык берген.
10 – Ал башка өлкөлөрдөн көптөгөн аялдарды алган, алардын кудайларына сыйына баштаган.
11 – Ысрайыл.
12 – Жүйүт.
13 – Бир дагы падыша эмес, Ысрайылдын 20 падышасы тең жаман болгон!
14 – Ашурлуктар.
15 – Кай бирлери жакшы падыша болушкан, кай бири жаман болушкан.
16 – Бабылдыктар.
17 – Кудай Өзүнө моюн сунгандарга батасын берет. Ал аларга эркиндик, жер, падыша, тынчтык жана Кудайга сыйына турган ийбадатрананы берди. Жана Ага моюн сунбагандарды батасын кайтаруу менен жазалайт.
18 – Кореш деген жаңы перс падышасы ысрайылдыктарга үйлөрүнө кайтып, ийбадатрананы кайра курууларына уруксат берген.
19 – Кудайдын Падышалыгы.
20 – Ыйса.
21 – Ыйса — Сулаймандан улук.
22 – Биз Ыйса Падышага баш ийишибиз керек!

18-сабак:

# Дөөт — эң улуу падыша






**Пайгамбарлар:** Ышайа Жеремия Даниел Жезекиел Аггей, Захария, Малахия 400 жыл бою пайгамбарлардын жок болушу

Дөөт кайсыл убакта жашаган? [1]

Дөөт падышанын башкаруусунан кийин, Кудай өз эли менен сүйлөшүү үчүн көптөгөн пайгамбарларды жиберген.

Библиянын китептерин жазган пайгамбарлар Ыйса төрөлгөнгө чейин 800–400 жыл мурун жашаган.

Биздин заманга чейинки акыркы 400 жыл ичинде, Кудай башка пайгамбарларды жиберген жок.

Кудай кайсы жылдары Библиянын китептерин жазуу үчүн пайгамбарларды жиберген? [2]

Кудай Дөөттү Өз элин Машаякка даярдоо үчүн колдонгон. Машаяк бир күнү Кудай жибере турган Падыша. Дөөттүн жашоосу Машаяктын жашоосуна окшош. Кудай Дөөткө Машаякка тиешелүү өзгөчө убадаларды берген.

# Дөөт Машаякка окшош болуп калды

## 1. Ал Бейт-Лехемде төрөлгөн

Дөөт каякта төрөлгөн (**1 Шемуел 17:12**)? [3]

Ыйсанын төрөлүшүнөн 700 жыл мурун жазылган Михей пайгамбардын сөздөрү боюнча Машаяк бир күнү каяктан келет (**Михей 5:2**)? [4]

Ыйса каякта төрөлгөн (**Лука 2:4–7**)? [5]

## 2. Ал Кудайдын элин куткарган

1 Шемуел 17:48–53-аяттарда Дөөт дөө Голиатты өлтүргөндө ысрайылдыктар үчүн эмне кылган? [6]

Жаңы Келишимде Ыйса айкаш жыгачта өлгөндө, Ага ишенгендер үчүн эмне кылган (**Жакан 3:16–17; Колосалыктарга 1:21–22; Эврейлер 2:14**)? [7]

Дөөт, Кудай Башталыш 3:15те шайтанды өлтүрө турганын убада кылган, Машаякка окшошту.

## 3. Ал майланган, көп азап чеккен киши болгон.

Байыркы Келишимде кимди майлашкан (**Лебилер 21:10; 1 Шемуел 10:1**)? [8]

Шабул падыша Дөөттү көп жылдар бою куугунтуктаган (бул тууралуу 1 Шемуел 18–31-окуй аласыз). Бул убакыттын ичинде Дөөт көптөгөн забурларды (Забурдагы ырларды) жазган, алар Машаяк жөнүндөгү пайгамбарчылыктарга айланган.

Машаяк деген сөз «майланган» дегенди билдирет. Жаңы Келишимде Ыйса Машаяк — Кудай убада кылган Падыша жана Майланган. Ал айкаш жыгачта өлгөндө биз үчүн азап тарткан Машаяк.

Дөөт кандай кыйынчылыктарды башынан өткөргөн? [9]

Дөөт азап чегип жаткан учурда эмнелерди жазган? [10]

Ыйса кандай азап тарткан? [11]

## 4. Ал улуу падыша болду

Акыры Дөөт Ысрайылдын эң улуу падышасы болду. Анын башкаруусунун акыркы жылдарында Ысрайылдын аймагы чыгыштан Ефрат дарыясы, батыштан Мисирге чейин созулган.

Жаңы Келишимде Ыйса: бүт жер жүзүн башкара турган падышалардын Падышасы (**Филипиликтерге 2:9–11**)!

Дөөт менен Ыйса кандай падыша болушкан? [12]

Дөөт кайсы төрт жагынан Машаякка окшош болгон? [13]

1.

2.

3.

4.

# Машаякты көрсөткөн убадалар

**2 Шемуел 7:1–16** окуңуз.

Ушул убакка чейин ысрайылдыктардын ийбадатканасы болгон эмес, алар Ыйык чатырда Кудайга сыйынышкан.

Дөөт эмне кылгысы келет? [14]

Эмнеге? [15]

Кудай Дөөткө ыраазы болгон. Бирок Кудайдын андан да жакшы пландары болгон. Кудай Дөөттүн уулу Сулаймандын ийбадаткана куруусун каалаган.

Бирок, Кудай Дөөткө сонун үч убада берген:

10-аятта Кудай эмнени убада кылган? [16]

Кудай ысрайылдыктарга түбөлүк жашай турган коопсуз жай берүүнү каалайт. Бул жерди эч ким талкалай албайт. Биз ысрайылдыктардын Кудайга каршы чыга беришкенин билебиз.

Эгерде алар Анын Кудай болушун каалабаса, Кудай кантип Өз элине түбөлүк коопсуз жай бере алат?

Пайгамбарлар түбөлүк коопсуз жай жөнүндөгү убада Машаяк келгенде болорун түшүнө башташкан (мисалы: Ышайа 60:11).

15-аятта Кудай эмнени убада кылган? [17]

Дөөттүн уулу ийбадаткана курат. Ийбадаткана — Кудай Өз эли менен жашай турган жер.

Бирок Кудай дайыма Ага каршы чыккан адамдар менен жашай албайт.

Пайгамбарлар бул убада адамдарга Машаяктын түбөлүк катышуусун да билдирерин түшүнө башташкан (мисалы: Жезекиел 48:35).

12, 13, жана 16-аяттарда Кудай эмнени убада кылган? [18]

Бирок падышалар барган сайын начарлаган, бул кандайча болгон?

Ошондо пайгамбарлар, бул убадалардын бардыгы адамдарды Дөөттүн урпактарынан боло турган, жеткилең Падыша болуп келе турган Машаяктын Падышачылыгына тиешелүү экендигин түшүнө башташкан (мисалы: Ышайа 9:6–7).

Кудайдын Дөөткө берген үч убадасы? [19]

1.

2.

3.

Ыйса Дөөттүн тукумунан. Ал Кудай убада кылган түбөлүк Падыша. Ал бизди Өзүнүн түбөлүктүү, коопсуз үйүнө алып барат, анда биз Аны менен түбөлүк жашайбыз!

**Жакан 14:1–3:** *Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле. Атамдын үйүндө орун көп. Эгерде андай болбосо, Мен силенге айтмакмын Мен силерге орун даярдаганы бара жатам. Барып, силерге орун даярдап койгондон кийин, кайтып келем да, Мен болгон жерде силер да болууңар үчүн, силерди жаныма алып кетем.*

Бул аяттарда Ыйса эмнени убада кылган? [20]

Бул үй жөнүндө Аян китебинен да окуйбуз:

**Аян 21:3:** *Мына, Кудайдын жыйын чатыры адамдар менен бирге. Кудай алар менен жашайт, алар Анын эли болушат. Кудай Өзү алар менен болуп, алардын Кудайы болот.*

Түбөлүк, коопсуз үйүбүздө биз менен ким жашайт? [21]

Андыктан келгиле, Кудайга каршы чыккан жана Кудай жазалашы керек болгон ысрайылдыктардай болбойлу.

Келгиле, Кудайга жагуу үчүн болгон күчүбүздү жумшайлы жана Ыйса бизди түбөлүк жана коопсуз үйгө алып баруу үчүн кайтып келишине даяр бололу.

## Кантип Кудайга каршы чыгабыз? Ойлоруңуз, сөздөрүңүз жана иштериңиз менен Кудайды кантип нааразы кыласыз?

## Биз үчүн эмне кылуу маанилүү? Тобо кылуу!

### *Кошумча:* **Ийбадаткана Эйден багына окшош болгон.**

Башында жеткилең чатыр, анан курулган ийбадаткана, Кудайдын элине Эйден бакчасын эскерткен.

- Эйден багында кооз **дарактар жана гүлдөр бар болчу**. Ийбадаткана бакча сыяктуу кооз жасалгаланган. Ийбадатканананын ичинде анарлар жана гүлдөр тартылып, алар оюлуп жасалган (1 Падышалар 7:16–20).
- Эйден багында **алтын жана асыл таштар** болгондой эле, ийбадаткана да алтын жана асыл таштар менен коолдолгон (1 Падышалар 7:48–50; 2 Жылнаама 3:6).
- Кудай Эйден багында кандай жүргөн болсо, ыйык чатыр (жана ийбадатканада) элдин ортосуна жайгашканда , Кудай Өз элинин арасында ошондой эле «жүрө алган» (Лебилер 26:11–12).
- Эйден багында «эшик» **чыгыш тарабында болгон сыяктуу**, Ийбадатканананын эшиги да чыгыш тарапты каратып курулган (Жезекиел 47:1).
- **Керуптар Эйден багынын кире беришин кайтаргандай эле** (Башталышы 3:24), Ийбадатканананын көшөгөсүнө да керуптар саймаланган (2 Жылнаама 3:14). Керуптар адамдар Ыйыктардын Ыйыгына кирбеши үчүн, Кудайдын кире беришин кайтарып жатканын билдирген. Ыйык сандыкта эки алтын керуп болгон. Ал керуптар адамдардын ал жайга жакындабашы үчүн, ал жердеги Кудай өтө ыйык экенин билдирип турчу.
- Эйден багына **дарыя** агып келип, андан төрткө бөлүнүп чыккан, ал дарыя дүйнөгө жашоо берген. Ал эми Жезекиел китебинин 47-бөлүмүндө Кудай келечек жөнүндө аян берген, анда жаңы Ийбадатканананын ичинен дарыя агып, ар бир адамга өмүр берери жазылган.

Ийбадаткана кандайча Кудай элине Эйден багын эстетип турган? [22]

1.

2.

3.

4.

5.

# Жооптор

1 – Биздин заманга чейинки 1000-жылдардын тегерегинде, Ыйсанын төрөлүшүнө чейин.
2 – 800–400 жыл. б.з.ч.
3 – Бейт-Лехем деген кичинекей шаарда.
4 – Бейт-Лехемде.
5 – Бейт-Лехемден.
6 – Ал аларды пелиштиликтерден куткарды.
7 – Ал өлүмдөн, күнөөдөн жана шайтандан куткарды!
8 – Падышаларды жана башкы ыйык кызмат кылуучуларды.
9 – Шабул падыша аны көп жылдар бою куугунтуктаган.
10 – Ал Машаяк жөнүндөгү пайгамбарчылык болгон Забурдагы ырларды жазган.
11 – Ал айкаш жыгачта биз үчүн өлдү.
12 – Дөөт Ысрайылдын эң улуу падышасы болгон. Ыйса — бүт жер жүзүн башкара турган падышалардын Падышасы!
13 – 1) Ал Бейт-Лехемде төрөлгөн,
2) Кудайдын элин куткарган,
3) майланган падыша, көп азап тарткан,
4) улуу падыша болгон.
14 – Ал Кудай үчүн зор, кооз ийбадаткана курууну каалаган.
15 – Ал муну Кудайды даңктоо үчүн кылган.
16 – Кудай түбөлүктүү, коопсуз жайды убада кылган.
17 – Ал Өзүнүн сүйүүсүн андан ажыратпайт. Кудай аны менен жана анын эли менен дайыма болот!
18 – Кудай Өз элине Дөөттүн тукумунан чыга турган түбөлүктүү падышаны убада кылган.
19 – 1) Кудай түбөлүктүү, коопсуз жайды убада кылган;
2) Кудай ар дайым алар менен болот;
3) Кудай Өз элине Дөөттүн тукумунан чыга турган түбөлүктүү падышаны убада кылган.
20 – Ал бизди Атасынын үйүнө (биздин түбөлүк, коопсуз үйүбүзгө) алып баруу үчүн келет.
21 – Кудай Өзү биз менен жашайт!
22 – 1) Ал жерде кереметтүү дарактар менен гүлдөр;
2) алтын менен асыл таштар болгон;
3) Кудай ошол жерде болгон;
4) бакчадан чыгуу жак чыгыш тарапта болгон;
5) адамдардын Ыйыктардын Ыйыгына кирбеши үчүн кире беришти керуптар кайтарышкан;
6) ал жерде дүйнөгө өмүр берген дарыя болгон.

19-сабак:

# Даанышмандык китептери: Аюб



Ыйык Китепте беш акыл-насаат китеп бар:

Аюб,
Забур,
Сулаймандын накыл сөздөрү,
Насаатчы,
Ырдын ыры.

Бул 5 китептер акылмандуулукка үйрөтүп, Кудайга жаккан жашоо менен жашап, башкаларга бата болгонго жардам берет.

Бул китептер поэзия менен ырларга бай китептер. Ырлар менен саптар жүрөгүбүздүн түп-тамырына жетет. Бул саптар ичибиздеги катылып жаткан сезимдерибизди жана эмоцияларыбызды билдирүүгө жакшы жардам берет. Кудай бизге эмоцияларды берген, бирок алар көп учурда жашырылган. Забурдун ырлары жүрөктөгү терең сезимдерди көрүүгө жана аларды Кудайга төгүүгө жардам берет. Муну кылганыбызда, Кудай бизди сооротот, айыктырат жана калыбына келтирет.

Даанышмандык китептери, адамдар башынан өткөргөн көптөгөн нерселер жөнүндө айтат. Мисалы, азап тартуу, сүйүү жана кантип акылмандыкка ээ болуу жөнүндө. Бул ырлар аркылуу биз Кудайды, Анын сүйүүсүн жана ишенимдүүлүгүн көрө алабыз.

Кудай бул китептер аркылуу биз менен сүйлөшкөндү жакшы көрөт!

Ыйык Китепте кайсы беш даанышмандык китеп бар? [1]

## Аюб

Аюб китеби — көп азап тарткан адамдын окуясы. Бул китепти түшүнүү үчүн аны башынан баштап, аягына чейин окуш керек.

**1-жана 2-бөлүмдөрдү** окуңуз.

Аюб көп нерсесин жоготот. Ал эмнелеринен арылган? [2]

## Биз үчүн үлгү

1. **Аюб 1:21** эмне деп айтат? [3]

Өз сөзүңүз менен айтып бериңиз.

Аюб биз үчүн эң сонун үлгү: кандай гана көйгөйлөр биздин башыбызга түшпөсүн, биз Кудайды даңктаганды үйрөнүшүбүз керек.

2. **Аюб 2:10** эмне деп айтат? [4]

Өз сөзүңүз менен айтып бериңиз.

Кудай биздин жашообузга эмнени жиберсе да: жакшыны да, жаманды да, баарын момундук менен кабыл алышыбыз керек.

3. Бирок Аюб кынтыксыз болгон эмес. Ал Кудайга ачууланды.

**3:11**-аятта Аюб Кудайга кандай суроо берди? [5]

Бул биз үчүн жакшы үлгү. Биз сезимдерибизди Кудайга айтышыбыз керек. Кудай бизди түшүнөт жана Аны менен ачык болушубузду каалайт. Ал биздин азап-кайгыбыздын айынан Андан алысташыбызды каалабайт. Аюб азап-кайгысы менен Кудайга ишенгенди үйрөнгөн.

Кайсы 3 учурда Аюб бизге үлгү болот? [6]

1.

2.

3.

## Кудайга суроолор

Аюб эмне үчүн азап тартып жатканын билгиси келет. Кудай анын суроолоруна жооп бербейт. Бирок кийинчерээк, 38–41-бөлүмдөрдө Кудай аны менен жолукканда, бул ага жетиштүү болот.

Кудай биздин суроолорубузга жооп беришке милдеттүү эмес экенин түшүнөбүз. Анткени бардык нерсе Кудайдын көзөмөлү астында. Кудай бардык нерсени башкарып турат. Айланабызда жана жашообузда болуп жаткан нерселердин баарын түшүнүүнүн кереги жок. Бирок биз бардык нерседе Кудайга таянганды үйрөнүшүбүз керек. Жакшылыкта да, жамандыкта да Ага таянсак, Кудай ыраазы болот.

Кудайдан эмнени күтсөк болот? [7]

Кудай бизден эмнени күтөт? [8]

## Окуянын бактылуу аякташы

**42:7–17** окуңуз.

Байыркы Келишимде адам өлгөндөн кийин эмне болору так айтылбайт. Бул окуяны окуганыбызда, бардык азап-тозоктордон кийин Кудай Аюбка кандай батасын бергенин билебиз. Жаңы Келишимде Кудай бизге жердеги жашообуздун мындай бактылуу аяктарын убада кылбайт. Биз үчүн бул бөлүм биз элестеткенден да, сонун Жаңы Жерди көрсөтөт!

Аюбдун китебинин аягы бизге эмнени билдирет? [9]

*Кошумча*

Бир жолу гана Аюб Кудайга, кыязы, тирилгенден кийин жолугууга болгон үмүтүн айткан. **Аюбду оку 19:25–27**.

## Күнөө жана азап чегүү

Аюбдун достору адамдын азап чегүүсү — анын күнөө кылгандыгынын белгиси дешет. Бирок Аюб өзү жакшы адам болгонун жана азапка калганы, анын күнөөсү үчүн эмес экенине ишенет. Китептин көп бөлүгү Аюбдун достору менен бул жөнүндө талашуусун камтыйт.

Аюб китеби азап-кайгылар сөзсүз түрдө эле күнөөнүн кесепети эмес экенин үйрөтөт. Ыйса эч качан күнөө кылган эмес, бирок Ал четке кагылып, адилетсиздикке жана эң катаал өлүмгө дуушар болгон. Азап-кайгыларды биз тартпашыбыз үчүн Ал биздин ордубузга азап тартты!

Бул качан аткарылат? [10]

Ошол эле учурда, биз Кудай бардык азап-кайгыларыбызды бизге жакшы болуш үчүн колдонорун билебиз, мисалы: **Жакып 1:2–4**.

Кудай жашообуздагы азап-кайгыларыбызды кантип жакшылыкка колдонот? [11]

Биз кыйналганда, бизде ар дайым тандоо болот: биз ачууланып, таарынсак болот же башыбызга түшкөн көйгөйдү көбүрөөк Ыйсага окшош болуу мүмкүнчүлүгү катары карасак болот.

**Эврейлерге 13:5** Кудай бизге эмнени убада кылган? [12]

Эгер кимдир бирөө кыйналып жатса, бул анын күнөө кылганын билдиреби? [13]

Эч ыпылас нерсе кылбаган, бирок азап чеккен бирөөнү мисал келтиргиле. [14]

Бардык азаптар качан бүтөт? [15]

Кыйынчылык түшкөн маалда бизде кандай тандоолор болот? [16]

Эврейлерге 13:5: Кудай бизге эмне убада кылган? [17]

Жашообуздагы бардык кыйынчылыктарга туруштук берүүбүзгө Кудай батасын берсин!

### Аюб китеби аркылуу Кудай сизди эмнеге үйрөттү?

## Жооптор

1 – Аюб, Забур, Сулаймандын Накыл сөздөрү, Насаатчы, Ырдын ыры.
2 – Мүлкүнөн, балдарынан жана кийинчерээк ден соолугунан.
3 – Мен бул дүйнөгө жылаңач келгем, жылаңач кетем. Берген да Теңир, алган да Теңир. Теңирдин ысымы даңкталсын!
4 – Жараткандан жакшы нерселерди гана кабыл алып, жаман нерсени кабыл албашыбыз керекпи?
5 – Мен эмне үчүн төрөлгөм?
6 – 1) Биз ар кандай кыйынчылыктарга туш болгондо, Кудайды даңктаганды билишибиз керек.
2) Кудай берген жакшыны да, жаманды да момундук менен кабыл алышыбыз керек.
3) Биз сезимдерибизди Кудайга ачык айтышыбыз керек.
7 – Качан биз Аны издегенде Ал биз менен жолугушат. Кудай биздин бардык суроолорубузга жооп берүүгө милдеттүү эмес.
8 – Жашообуздун бардык жагдайларында, жакшы учурда да, жаман учурда да, Ага ишенишибиз керек.
9 – Жаңы жаратууну
10 – Ал бизди үйгө, баардыгы Жаңыдан Жаратылган жайга алып баруу үчүн кайтып келгенде.
11 – Ишенимибиздин сыноосу кайраттуулукту жаратат жана биз эч кандай кемчиликсиз, жетилген жана бүтүн болушубуз үчүн, бизде кайрат өсүшү керек.
12 – Сени калтырбайм жана таштабайм.
13 – Жок.
14 – Ыйса.
15 – Качан Ыйса бизди Жаңыдан Жаратылган жайга алып кетиш үчүн кайтып келгенде.
16 – Биз ачууланып, таарынсак болот же башыбызга түшкөн көйгөйдү көбүрөөк Ыйсага окшош болуу мүмкүнчүлүгү катары карасак болот.
17 – «Сени калтырбайм жана таштабайм», — деп айткан.

# 20-сабак:

# Даанышмандык китептери: Забур



## Билесиңерби ...?

- Бул Ыйык Китептеги эң чоң китеп.
- Бул китепте 150 ыр бар.
- Бул китептеги ырлар 700 жыл аралыгында жазылган.
- Бул ырлардын көбүн Дөөт падыша жазган. Китепте Муса, Сулайман жана башка адамдардын жазган ырлары бар.
- Жаңы Келишимдин жазуучулары Забурдан Байыркы Келишимдеги башка китептерге караганда көбүрөөк цитата келтиришет. Инжилдин 4 китебинен башкасында Забурдун ырларынан аяттар бар!
- Забур китебинде Машаяк жөнүндө пайгамбарчылыктар, Эски Келишимдин башка китептеринин кайсынысын албайлы, көбүрөөк кездешет.
- Инжилде Забур жүйүттөрдүн, анын ичинде Ыйсанын да ыр китеби болгон. Эгерде Ыйса бул ырларды ырдаган болсо, анда биз да ырдай алабыз!
- Ырдын негизги маанисин түшүнүү үчүн аны бир нече жолу кайталап окуш керек.

Забурда канча ыр жыйналган? [1]

Забур китебиндеги ырлардын көбүн ким жазган? [2]

Жаңы Келишимде Забур ыр китебин ким колдонгон? [3]

Ырдын негизги маанисин кантип билсе болот? [4]

## Ырлардын негизги үч түрү:

1. Кудайды **даңктоо** үчүн колдоно турган ырлар. **Забур 99** окуңуз.

2. Кудайга **ыраазычылык** билдирүү үчүн колдоно алабыз. **Забур 114** — Кудай Дөөттү өлүмдөн сактап калганы үчүн шүгүрчүлүк айтат.

3. Забурдагы ырларды кыйынчылыкка кабылганда Кудайга **жалынуу** үчүн колдоно алабыз.

   Мисалы, автор төмөнкүнү жазганда кандай сезимде болгон:

   **Забур 87:19:** *«Мени чыныгы досумдан алыстаттың, тааныштарым көрүнбөйт».* [5]

Забурларды окуганда автор ырды жазып жатканда кандай сезимде болгонун ойлонушубуз керекпи? Биз да ушундай сезимдерди баштан кечиргенбизби?

Бул сөздөрдү Кудайды даңктоодо, Ага ыраазычылык билдирүү жана Ага жалынуу үчүн колдоно алабыз!

Кудай ар кандай кырдаалдарда жана эмоцияларыбызда сөз табууга жардам берет!

Забурду жашоодо колдоно турган үч жагдай кайсылар? [6]

1.

2.

3.

# Забур Ыйсаны таанууга жардам берет

1. Дөөт падыша Машаякты көрсөтүп жатканын унутпашыбыз керек. Көп учурда Дөөттүн жашоосунда болгон жагдайлар Ыйсанын жашоосунда кайталанган.

   Мисалы:

   - Дөөттүн азабы. Дөөт азап чеккенин башынан өткөргөн азаптан да ашырган сөздөр менен сүрөттөйт. **Забур 21:13–19** окуңуз — бул айкаш жыгачка кадалган укмуштуудай сүрөттөө, адамдар айкаш жыгачка керүүнү колдоно баштаганга чейин жүздөгөн жылдар мурун жазылган!

   - Ал улуу падыша болгон, бирок кээде Забурдагы аяттар Дөөткө карата айтылган десек жарашпай калат, анткени алар өтө эле улук инсанга арналганы түшүнүктүү болуп турат. **Забур 2:6–9** окуңуз. Бул жерде бүт дүйнөнүн падышасы боло турган Машаяк жөнүндө!

2. Забурдагы Кудай жөнүндө жазылгандар, Ыйсанын ким экенин ачып берет.

   <u>1-мисал:</u>

   **Забур 102:2–3** окуңуз. 3-аятта Кудай эмне кылып жатат? [7]

   **Марк 2:1–12** менен салыштырыңыз. Бул жерде Ыйса жөнүндө эмне деп жазылган? [8]

2-мисал:

**Забур 22:1** окуңуз. Кудай ким? [9]

**Жакан 10:11** менен салыштырыңыз. Бул жерде Ыйса жөнүндө эмне деп жазылган? [10]

Дөөттүн жашоосу Машаякты кандайча көргөзгөнүнөн эки мисал келтиргиле. [11]

1.

2.

Забурдагы Кудай-Ата жөнүндө айтылган сөздөрдүн, Кудай-Уул жөнүндө да чындык болгон эки мисал келтиргиле. [12]

1.

2.

Забур китеби бизди Ыйсага алып келсин!

Забурда жакшы көргөн ырыңыз барбы? Эмне үчүн сизге ал жагат? [13]

## *Кошумча*



Забурда кээ бир аяттар бар, анда автор душмандарын Кудай соттошун каалап, алардын башына азап түшүрүүнү суранат. Мисалы: **Забур 108**.

Жаңы Келишимде өч алуу жөнүндө эмне деп айтылат?


**Римдиктер 12:17–19**-аяттарды карагыла. [14]

Адамдар Кудайдын элин куугунтуктаганда, биздин милдетибиз өч алуу эмес. Биз Кудайга сыйынып, бул жагдайда кандай сезимде экенибизди айтышыбыз керек. Адамдар куугунтукталганда Кудай бизге караганда көбүрөөк ачууланат. Жакында Ыйса келет жана бардык күнөөкөр адамдарды жоопко тартат!

# Жооптор

1 – 150.
2 – Дөөт падыша.
3 – Ыйса жана жүйүттөр.
4 – Бир нече жолу окуш керек.
5 – Эми жашоо мындан да азаптуу болбойт деп ойлойт. Азыр анын достору жок, болгону караңгылык.
6 – 1) Кудайга даңктоо айтуу үчүн,
2) ыраазычылык билдирүү үчүн жана
3) жалынуу үчүн!
7 – Кудай сенин бардык күнөөлөрүңдү кечирет жана бардык ооруларыңарды айыктырат.
8 – Ыйса анын күнөөлөрүн кечирип, аны айыктырат.
9 – Менин койчум.
10 – Ыйса — жакшы Койчу.
11 – 1) Ал азап чегип,
2) улуу падыша болгон.
12 – 1) Биздин Куткаруучубуз жана
2) жакшы Койчубуз.
13 – Мисалы: 22-ыр: Ишенимдүү Кудай бизди жетектейт, кам көрөт жана бизге керектүү күчтү берет. Биздин милдет — аны ээрчүү.
14 – Биз эч кимге жамандыкка жамандык менен жооп бербешибиз керек. Биз өч албай, Кудайдын каарына орун калтырышыбыз керек.

# 21-сабак:
# 90-Забур



Бул Забурду окуп чыгыңыз.

Бул Забурда Падыша аркылуу Машаякка, ал эми, Ал аркылуу бизге берилген убадалар бар!

## Кудай биздин чебибиз

Адамды эмне тынчсыздандырат? [1]

Забур 90:2: Автор Кудай жөнүндө эмне дейт? [2]

Чеп — согуш учурундагы коопсуз жай. Биз ага жашынып, коопсуздукта боло алабыз.

4-аятта Кудай кимге окшош? Кудай эли кимге окшош? [3]

Канаттуулар коркунуч учурда канатын жайып жөжөлөрүн коргогондой, Кудай бизди да коргойт.

5–6-аяттарды окуңуз. Биз Кудайдын мүнөзү жөнүндө ойлонгондо жана Анын ким экенин эсибизге салганыбызда эмне болот? [4]

7–8-аяттарды окуңуз. Бул аяттарда Кудай ыймансыз адамдарды кантип соттогону жана Өз элин кантип коргогону жөнүндө айтылат. Бул аяттарда Ыйса Машаяк дүйнөнү соттой турган Кыямат күнүн көрөбүз. Ошол күнү Кудайдын күчүнө баш ийбегендердин баары биротоло жазаланат.

Кудайдын жана Падыша Машаяктын башкаруусуна моюн сунгандарга эмне болот (8-аят)? [5]

Кудайдын мүнөзү жөнүндө ойлонгондо жана анын Ким экенин эсибизге салып турганыбызда эмне болот? [6]

# Шайтан менен Машаяктын ортосундагы согуш

## Шайтан Машаякты жеңүүгө аракет кылып жатат

Шайтан Эйден багы мезгилден бери Машаяктын келишинен корккон (Башталышы 3:15). Ыйса төрөлгөн алгачкы күндөрдөн тартып, шайтан аны өлтүрүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктү колдонгон. Ал ою ишке ашпай калганда, Ыйсанын планы ишке ашпай калышы үчүн колунан келгендин баарын жасады.

**Матай 4:5–7** бул ырдын (забур) аяттарын шайтан кантип колдонгон? [7]

Эмне үчүн Ыйса Ийбадаткананын чокусунан секирсе да, Кудай Аны коргой турганын шайтанга далилдеген эмес (Матай 4:7)? [8]

Шайтандын айтканын кылбашыбыз керек!

**Матай 4:11**-аятта, Забур 90:11-аятында Кудай убада кылган периштелер келип, Ыйсага жардам бергенин көрсөк болот.

## Машаяк шайтанды жеңет

**Забур 90:13:** Жылан же ажыдаар шайтанды, ал эми арстандар зыян келтирүүнү каалагандарды билдирет (Забур 21:14).

**Башталыш 3:15:** Кудай Шайтанга эмне деген? [9]

Шайтанды Обо эненин тукуму жеңет, бирок ошол эле учурда Обо эненин тукуму азап тартат.

Забур 90:13-аятта Машаяк эмне кылышы керек эле? [10]

Ал шайтанды жана ага кызмат кылгандардын баарын жеңет!

Машаяк эмне кылышы керек эле? [11]

# Кыйынчылыктар башыбызга түшкөндө

15–16-аяттарда Кудай Ага эмне убада кылган? [12]

*Кудай:*

- Аны менен болууну,
- сактоону,
- урматтоону,
- узун-өмүр,
- куткарылууну берүүнү убадалаган.

**Филипиликтерге 2:8–11** окуңуз. Кудай Машаякка берген убадаларын аткардыбы? [13]

Кудай Ыйсаны **азап тартуусу жана өлүмү** аркылуу куткарган. Ыйсанын өлүмү Кудай Аны таштап кеткенин билдирбейт. Тескерисинче, Кудай кыйынчылыкта Аны менен бирге болгон. Кудай Аны куткарып, өлгөндөрдүн арасынан тирилтти. Кудай аны урматтады. Ыйса түбөлүк жашайт. Ыйсанын Кудайга баш ийүүсү аркылуу Кудай көптөгөн адамдарды куткарды!

13-аятта Машаяктын эмне кылары жөнүндө эмне деп айтылат? [14]

Эгерде Ыйсага ишенсек, анда шайтандан жана кара күчтөрдөн коркпошубуз керек.

15-аятта Кудай жөнүндө эмне деп айтылат? [15]

Кудай бизди өмүрүбүздүн ар бир көз ирмеминде периштелери менен коргойт! Бирок Ыйык Китепте Кудай жаман нерселерге жол берери да айтылат.

Ыйсаны ээрчисең, эч кандай кыйынчылык болбойт дегендерди укпагыла.

**Жакан 16:33**-аятта Ыйса шакирттерине эмне деп айткан? [16]

Жашообузда кыйынчылыктар боло берет, бирок Ыйса бизге Өзүнүн тынчтыгын берет.

**Римдиктерге 8:38–39**-аяттарда Кудай бизге кандай кереметтүү убада берген? [17]

Ыйсаны ээрчигенде, бизди эч ким жана эч нерсе Кудайдын сүйүүсүнөн ажырата албайт!

Ыйсанын жолдоочуларында кыйынчылыктар болобу? [18]

Римдиктер 8:38–39 Кудай бизге эмне убада кылат? [19]

# Кудайдын пландары

Ыйса бул ырды жакшы билчү. **Лука 22:42** айкаш жыгачка кадалар алдындагы түнү, Зайтун тоосунда эмне үчүн сыйынган? [20]

Кудай бизди жамандыктан сактай аларын Ыйса билген, бирок кээде Анын андан жакшыраак пландары болот.

**Лука 22:43** окуңуз. Кудай кайрадан Ыйсага кайрат берүү үчүн бир периштесин жиберди.

Ошондой эле Кудай бизди да жамандыктан сактай аларын билебиз, бирок Кудайдын биз үчүн биз ойлогондон да жакшыраак пландары бар. Эгерде Ал биздин жашообуздагы кыйынчылыктарга жол берсе, анда Ал бизге жардам берүү үчүн Өз периштелерин дагы жиберет!

**Римдиктерге 8:28–29**-аяттарда Кудай биздин азап-кайгыларыбызды кандайча колдонот? [21]

Эмнеге Кудай жашообуздагы кыйынчылыктарга жол берет? [22]

# Түбөлүк өмүр

Забур 90:16 Кудай эмнени убада кылат? [23]

Байыркы Келишимде өлүмдөн кийинки жашоо жөнүндө көп нерсе айтылбайт. Байыркы Келишимдеги узак өмүр Кудайдын батасынын белгиси болгон.

Жаңы Келишимде Кудай бизге жер бетинде узак өмүрдү убада кылбайт, бирок Ал бизге андан да жакшыраак убада берет: Аны менен түбөлүк жашоо жана бул биз элестете алган нерседен да эң сонун!

Ыйса бизди күнөөдөн, өлүмдөн жана шайтандан куткарды! Ал бизге түбөлүк өмүр белек кылды! Биз эч нерседен коркпошубуз керек!

Биз Кудайдын пландарын дайыма түшүнө албайбыз, бирок биздин милдетибиз — Ыйса Кудайга таянгандай, биз дагы **Кудайга таянышыбыз** керек.

Кудай бизге кам көрөрүн, жердеги жашообуздун бардык күндөрүндө биз менен болуп, түбөлүк өмүр берерин убада кылат. Андыктан коркпойлу!

Кудай бизге эмнени убада кылат? [24]

Биздин милдет кандай? [25]

## Бул ырдын кайсы аятын жаттап алгыңыз келет?

# Жооптор

1 – Адамдар ден соолугуна, алдыдагы экзамендерге, балдарына сарсанаа болушат, бирок адамдардын эң көп тынчсыздануусу акча тууралуу.
2 – Кудай биздин баш калкалоочу жайыбыз жана чебибиз.
3 – Кудай күчтүү эне-канаттуудай, а биз — алсыз жөжөлөр сыяктуубуз.
4 – Биз эч нерседен коркпойбуз!
5 – Кудай аларды сактайт.
6 – Биз эч нерседен коркпойбуз!
7 – Шайтан 11–12-аяттарды, Ыйсаны Ийбадаткананын чокусунан Өзү бой таштап секирип кетип, ошону менен бардыгына Ал Кудайдын Уулу экенин далилдеши үчүн азгырганы колдонгон.
8 – Кудайды сыноо туура эмес.
9 – *Аял экөөңөрдүн ортоңорго, экөөңөрдүн тукумуңардын ортосуна кастык коём. Аялдын тукуму сенин башыңды жанчыйт, сен болсо анын согончогун чагасың.*
10 – Машаяктын кыла турган иши, арстан менен жыландын башын басып, жаш арстан менен жыланды тепселеп салуу болчу.
11 – Шайтанды жеңиш керек.
12 – *Мени чакырганда, аны угам. Башына кыйынчылык түшкөндө, Мен аны менен бирге болом. Аны куткарам, даңктайм. Анын өмүрүн узун кылам, ага Өзүмдүн куткаруумду көрсөтөм.*
13 – Ооба!
14 – Машаяк Кудай — шайтанды жеңүүчү! Демек, Кудайдын эли бардык жамандыктардан коргоно алат!
15 – Кудай биздин сыйынууларыбызды угат жана кыйынчылыкта биз менен бирге болууну убадалайт.
16 – *Мен муну силерге Менин тынчтыгым силерде болсун деп айттым. Бул дүйнөдө азап тартасыңар, бирок кайраттуу болгула, анткени Мен бул дүйнөнү жеңдим.*
17 – *Анткени Кудайдын Теңирибиз Машаяк Ыйса аркылуу көрсөткөн сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да, периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да, азыркы учур да, келечек да, бийиктик да, тереңдик да, жаратылган эч бир нерсе ажырата албастыгына толук ишенемин.*
18 – Ооба!
19 – Бизди Кудайдын сүйүүсүнөн эч нерсе ажырата албайт!
20 – Ата, эгерде Сенин эркиңе туура келсе, ушул чөйчөктү Менин жанымдан кыя өткөрүп жиберчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун!
21 – Кудай бизди Ыйсага көбүрөөк окшоштурууну көздөп, биздин кыйынчылыктарыбызды колдонот.
22 – Кудай биздин Ыйсага көбүрөөк окшошушубузду каалап, биздин кыйынчылыктарыбызды колдонот.
23 – *Анын өмүрүн узун кылам, ага Өзүмдүн куткаруумду көрсөтөм.*
24 – Кудай бизге кам көрүүнү, жердеги жашообуздун бардык күндөрүндө биз менен болуп, түбөлүк өмүр берүүнү убада кылат.
25 – Кудайга ишен жана коркпо!

22-сабак:

# Даанышмандык китептери: Сулаймандын Накыл сөздөрү, Насаатчы жана Ырдын Ыры



## Сулаймандын Накыл сөздөрү

**1:2** окуңуз. Бул китептин жазылыш максаты эмнеде (өз сөзүңүз менен айтып бериңиз)? [1]

Акылмандык кимге керек? [2]

## 1–9-бөлүмдөрдү карап чыгуу

Биринчи 9 бөлүм бизди акылмандыктын үнүн угууга чакырат.

**1:7** окуңуз. Акылмандыктын башаты деген эмне? [3]

Акылмандык менен насаатты ким жек көрөт? [4]

Көптөгөн аяттарда эки адам жөнүндө айтылат: акылдуу жана акылсыз. Биз кандайыбыз: акылдуубузбу же акылсызбы?!

**1:8–9** окуңуз. Уул эмне кылышы керек? [5]

**4:14** окуңуз. Уул эмне кылбашы керек? [6]

Бизди Кудайдан алыстаткан башка үндөрдү эмес, акылмандыктын үнүн угушубуз керек.

**3:5–6** окуңуз. Эмне кыларыбызды билбей калган учурда, эмне кылышыбыз керек? [7]

Биз Кудайга моюн сунуп, Анын акылмандыгын сурасак, Ал бизди жакшы жана туура жолго салат. Бул 22-Забурда жазылган, Кудай — биздин Жакшы Койчубуз, Ал бизди түз жолдор менен алып барат.

Бул китепте кандай эки типтеги адам сүрөттөлөт? [8]

# 10–31-бөлүмдөрдү карап чыгуу

Кийинки бөлүмдөр көптөгөн өз-өзүнчө болгон аяттардан турат. Бул аяттарда баарыбыз билишибиз керек болгон темалар айтылат. Мисалы: акча, жумуш, эмне жөнүндө сүйлөшөбүз, үй, достук, үй-бүлө, өкмөт жана жашоо тууралуу.

Бир мисалды карап көрөлү:

**14:1** окуңуз. Акылдуу аял эмне кылат? [9]

Бул эмнени билдирет? [10]

Акылсыз аял эмне кылат? [11]

Бул эмнени билдирет? [12]

Бул сөздөр эркектерге да туура келет!

10–31-бөлүмдөрдө кандай темалар талкууланат? [13]

Булар баарыбыз үчүн абдан маанилүү темалар!

# Убада эмес

Бул китептеги ырлар — убада эмес, бирок автордун өз жашоосунда көргөн нерселер. Алар жашоодо дайыма эле боло бербеген кадыресе нерселерди да камтыйт.

Бирок, бул аятты окусаңыз:

**Сулаймандын Накыл сөздөрү 13:25:** *Адил адам тамакты тойгончо жейт, ал эми мыйзамсыз адамдардын карды ач болот.*

Дайыма эле адил адамдардын дасторконунда тамак-аш жетиштүүбү? [14]

Дайыма эле адилсиз адамдардын тамак-ашы жетишсизби? [15]

Адил адамдар кээде ачка жүргөнүн билебиз. Бул айланадагы адамдардын күнөөсүнөн улам болот. Мисалы: согуштар, же мамлекеттин зыкымдык саясаты, же болбосо кимдир-бирөөнүн үй-бүлөсүнө тиешелүү бардык акчасын ичкиликке коротуп салганы. Биз Кудайга каршы чыккан дүйнөдө жашап жатабыз!

Адатта, бул аяттар туура: Байыркы Келишимде адилдик — батага алып келген, ал эми мыйзамсыздык — бактысыздыкка алып келген. Инжилде, бул баталар жана жазалар, Ыйса кайтып келгенде бизди күтүп турган түбөлүк бата менен жазаны билдирери белгилүү. Биздин үмүт бул дүйнөнүн материалдык нерселерине негизделбейт.

Качан жашоо бул аяттарда айтылгандарга дал келбей калганда, демек, **бул аяттар чындык болуп чыга турган күндү күтүп жатканыбызды эскертет** — ошондо бардык адил адамдарда токчулук болот! Бул качан болот? [16]

Жашооңузда болуп жаткан эч нерсе бул китептеги улуу акылмандыкты үйрөнүүгө тоскоолдук кылбасын!

Бул аяттарда жазылгандарга жашообуз дал келбей жатканын көргөндө эмнени эстешибиз керек? [17]

Бул китептеги эң жакшы көргөн аятыңыз кайсы?



# Насаатчы

**Насаатчы 1:1–14** окуңуз.

Бул китепте жашоонун мааниси жөнүндө сөз болот.

Бул китепти түшүнүш үчүн, толук окуп чыгыш керек.

Негизги тема: **Кудайсыз жашоонун мааниси жок**: Иштегендин эмне пайдасы бар? Жакшы болгондун эмне кереги бар? Адамдарга жакшылык кылуунун эмне пайдасы бар?

Автор айланадагынын баары убаракерчилик жана шамалдын артынан сая түшүү экенин кайталаганды жакшы көрөт (мисалы: 1:14).

**Бул сөздөрдүн мааниси кандай деп ойлойсуз?** [18]

Китептин аягында автор мындай деп жыйынтыктайт:

**Насаатчы 8:15:** *Ошондо мен кубанычты мактадым, анткени адам үчүн күн астында жеп-ичип көңүл ачкандан артык эч нерсе жок. Кудай күн астында берген өмүрү өткөнчө, адамдын бүт эмгегин бул кубаныч коштоп жүрөт.*

Кудай бизге берген жашоодон ырахат алып жашашыбызды каалайт!

Бирок кээде биз жашоонун боштугун көрөбүз: биз күн сайын жумушка барабыз, күн сайын бир эле нерсе кайталана берет.

Жашоонун маанисиздиги бизге Ыйсанын кайтып келишин каалоого түрткү бериши керек. Жаңы Жерде жашоо маңыздуу, кереметтүү жана укмуштуудай болот! Бул жалган дүйнө биздин чыныгы үйүбүз боло албайт!

Жашоонун боштугун көргөндө эмнени каалашыбыз керек? [19]

# Ырдын ыры



Ырдын ыры — аял менен эркектин ортосундагы сүйүүнү сүрөттөйт.

Аял менен күйөөнүн ортосундагы жакшы мамиле — Кудайдын баа жеткис белеги.

Бул Кудайдын бизге болгон сүйүүсүн эсибизге салат!

**Эфестиктер 5:22–33** окуңуз.

Үй-бүлөлүк нике бизге эмнени көрсөтөт? [20]

**Аян 19:6–8** окуңуз.

Күйөө бала ким жана колукту ким? [21]

**Ырдын ыры 2:16:** *Сүйгөн жигитим мага таандык, мен ага таандыкмын.*

Бул бизге жана Ыйсага тиешелүү!

Бизди эч ким жакшы көрбөй жаткандай сезилгенде, Ыйса бизди эч ким сүйө албагандай сүйөрүн билишибиз керек! Биз Ыйса менен убакыт өткөргөнүбүздө, Ал бизди Өзүнүн сүйүүсү менен толтурат, ошондо биз айланабыздагыларга Анын сүйүүсүн көрсөтө алабыз.

**Ырдын ыры 4:1:** *Оо, кандай сулуусуң, сүйгөн кызым, кандай сулуусуң!*

Биз денелик жактан келишимдүү эмеспиз деп ойлогондо, Ыйса үчүн биз дайыма сулуу экенибизди билишибиз керек! Канчалык сулуу экенибизди түшүнгөнүбүздө, башкалардын канчалык сулуу экенин өзүбүздүн сүйүүбүз, камкордугубуз жана урматтообуз аркылуу көрсөтө алабыз.

Ыйса сизге эмне дейт? [22]

Эркектин аялга болгон сүйүүсү эмнени эске алышы керек? [23]

Үй-бүлөлүк нике бизге эмнени көрсөтүп турат? [24]

Бизди сүйүктүү жарыбыздан артык ким сүйөт? [25]

## Бул сабактан биз Кудай жөнүндө эмнени билдик?

# Жооптор

1 – Бизге акылмандуу жана түшүнүктүү болууга жардам берүү үчүн.
2 – Баарыбызга акылмандык керек!
3 – Теңирден коркуу.
4 – Акылсыздар.
5 – Уулум, атаңдын акыл-насаатын ук, энеңдин кеңешин четке какпа.
6 – Ал жаман адамдар менен убакыт өткөрбөшү керек, алардын кылганын кылбашы керек.
7 – Кудайга ишен жана Аны тааны, Ал сага эмне кылышың керектигин көрсөтсүн.
8 – Акылдуу жана акылсыз.
9 – Ал үйүн курат.
10 – Анын бардык ойлору, айткан сөздөрү жана кыймыл-аракеттери үй-бүлөсүнө кубаныч жана биримдик алып келет.
11 – Өз колу менен үйүн талкалайт.
12 – Анын ойлору, айткан сөздөрү жана кыймыл-аракеттери үй-бүлөнү бактысыз кылып, бөлүп-жарылтат.
13 – Акча, жумуш, эмне жөнүндө сүйлөшөбүз, үй, достук, үй-бүлө, өкмөт, жашоо ж.б.
14 – Жок.
15 – Жок.
16 – Ыйса бизди асмандагы үйгө алып кетүү үчүн келгенде.
17 – Биз бул аяттар чындык болуп чыга турган күндү күтүп жатканыбызды эстен чыгарбашыбыз керек — Кудай Өзүнүн бардык элине биз ойлогондон да көп батасын берет!
18 – Кудайсыз жашоонун деле мааниси жок, маңызсыз жана курулай жашоо.
19 – Ыйсанын кайтып келиши.
20 – Үй-бүлөлүк нике бизге эң чоң никени көрсөтөт: Ыйса менен Анын жыйынынын ортосундагы нике.
21 – Ыйса жана Жыйын.
22 – Оо, кандай сулуусуң, сүйгөн кызым, кандай сулуусуң!
23 – Кудайдын бизге болгон сүйүүсүн!
24 – Ыйса менен жыйындын ортосундагы нике.
25 – Ыйса!

## 23-сабак:

# Ысрайыл менен Жүйүт пайгамбарлары



5 даанышмандык китептери жана Ырдын ыры китебинен кийин Пайгамбарлардын китептери башталат.

## Байыркы Келишимде пайгамбар деген ким болгон?

Пайгамбар — бул Кудайдын айткандарын жар салуу үчүн Кудай тарабынан тандалган адам. Байыркы Келишимде пайгамбарлардын көбү Кудайдын эли менен гана сүйлөшкөн, бирок кээ бир пайгамбарлар (мисалы: Жунус) башка элдерге да Кудайдан кабар жеткиришкен.

Жалган пайгамбар Кудайдан келген кабарды эмес, өзүнүн ойлоп тапканын айтат. Чыныгы пайгамбар Кудай тапшырган кабарды жеткирет. Анын айтканы дайыма ишке ашат.

Байыркы Келишимде пайгамбар деген ким болгон? [1]

## Кудай эмне үчүн пайгамбарларды жиберген?

Кудай пайгамбарларды:

1. Кудайдын мыйзамдарына адамдар баш ийбей баштаганда, **эскертүү** үчүн.
2. Өз элин эле эмес, башка элдерди да **соттоп, жазалай** турганын билдирүү үчүн.
3. Өз элине жана башка элдерге **батасын берерин** жарыялоо үчүн жиберген.

Кайсы үч учурда Кудай Өз элине пайгамбарларды жиберген? [2]

Ошондой эле, пайгамбарлар аркылуу Кудай Өз элине эң сонун убадаларды берген:

- Кудай кубаланып чыккан элин Иерусалимге кайра алып келет.
- Кудай адамдарды күнөөсүнөн куткаруу үчүн, Куткаруучуну жиберет.
- Кудай Өз элин бейишке алып келет.

Бул убадалар көбүнчө үч башка эмес, бир эле убада катары жазылат.

Кудай Өз элине кайсы сонун убадаларды берген? [3]

# Пайгамбарлар кимге кайрылышкан?

**Ошуя, Амос жана Жунус** Ысрайыл элине кайрылышкан.

**Илияс менен Элиша** Ысрайылдын пайгамбарлары болушкан, бирок алар китеп жазган эмес.

**Башка пайгамбарлардын көбү** Жүйүт элине жар салган.

Пайгамбарлардын кимиси Ысрайыл элине кайрылган? [4]

Кайсы эки маанилүү пайгамбар китеп жазган эмес? [5]

Кудайдын пайгамбарларынын көбү кимдерге кайрылышкан? [6]

# Пайгамбарлар кайсыл убакта сүйлөшкөн?

Пайгамбарлардын айткандарын түшүнүү үчүн алардын качан сүйлөгөнүн билишибиз керек.


1. Кээ бир пайгамбарлар **Кудай Өз элин Ыйык Жерден кууганга чейин** пайгамбарчылык кылышкан. Мисалы, Ышайа менен Жеремия.
2. Кээ бир пайгамбарлар **Бабылда туткундалып** жүргөндө сүйлөшкөн. Мисалы, Даниел менен Жезекиел.
3. Кээ бир пайгамбарлар Кудайдын эли **Иерусалимге кайтып келгенде** сүйлөшкөн. Мисалы: Акай, Захария жана Малахия — Байыркы Келишимдин акыркы үч китеби.

Пайгамбарлар айткан нерселер аткарылды!

Куулуп чыкканга чейин Кудайдын Атынан сүйлөгөн пайгамбарларды атаңыз. [7]

Туткунда жүргөндө сүйлөгөн пайгамбарларды атаңыз. [8]

Туткундалгандан кийин сүйлөгөн пайгамбарларды атаңыз. [9]




# 4 дата

Убакыт тилкесин караңыз.

1. **722-жылы** Ыйса төрөлгөнгө чейин ассириялыктар Ысрайыл элин Ашурга көчүрүп кетишкен. Ошондон кийин биз Ысрайыл эли жөнүндө эч нерсе уга албайбыз.

2. **150 жылдан кийин (Ыйса төрөлгөнгө чейин, 586-жылы)** бабылдыктар жүйүт элин жеңип, Кудайдын ийбадатканасын талкалап, Кудайдын элин Бабылга алып кетишкен.

3. **70 жылдан кийин (Ыйса төрөлгөнгө чейин 500 жылдай мурун)** Перс империясы Бабыл империясын жеңген. Перс падышасы Кореш Кудайдын элине Иерусалимге кайтып келүүгө уруксат берген.

   Кудайдын эли Ага ишенимдүү болгон, бирок кыска убакытка гана. Кийинки 400 жыл ичи Кудайдын элинин арасында пайгамбарлар болгон эмес.

   Кудайга ишенимдүү адамдардын баары Ыйык Жазууну окуп, Кудай аларды куткара турган Машаякты жибере турган күн келерин билишкен.

4. **Нөлүнчү жылдын тегерегинде (0):** Ыйса төрөлгөн.

   Ал Байыркы Келишимде Кудай тарабынан берилген бардык убадаларды аткара турган Адам!

   Ал бизди түбөлүк үйгө алып баруучу!

   Ашурлуктар Ысрайыл элин Ашурга качан алып кетишкен? [10]

   Качан бабылдыктар Жүйүт элин жеңип, Кудайдын ийбадатканасын талкалап, Кудай элин Бабылга алып кетишкен? [11]

   Качан Кудай элине мекенине кайтууга уруксат берилген? [12]

Ыйса качан төрөлгөн? [13]

Кудайдын Байыркы Келишимдеги бардык убадаларын ким аткарат? [14]

## Кууп чыгаруу

Бул Эйден багында болгон окуянын кайталанышы.

Эйден багында эмне болгон? [15]

Кудайдын эли күнөөгө батканда дал ошондой болду. Кудай аларды Өз жеринен жана Өзүнөн кууп чыкты.

Кудайдын эли туткундан өз жерине эле эмес, Кудайдын алдына да кайтып келиши керек болчу.

Ыйык Китеп биз Кудайдын жетегинин алдындагы жашоого кантип кайтып келе аларыбызды баяндайт — Эйден багына кантип кайтып бараарыбызды көрсөтөт.

Бул тууралуу биз Аян китебинен окуйбуз.

**Аян 21:3:** *Анан мен асмандан мындай деген катуу үндү уктум: «Мына, Кудайдын жыйын чатыры адамдар менен бирге. Кудай алар менен жашайт, алар Анын эли болушат. Кудай Өзү алар менен болуп, алардын Кудайы болот».*

Кудайдын жетегинин алдындагы жашоого качан кайтып келебиз? [16]

Ыйык Китептеги окуя эмнени баяндайт? [17]

Канткенде биз Кудай менен болгон мамилеге азыр жана түбөлүктө кайтып келе алабыз (**Жакан 6:40**)? [18]

# Жаңы Келишим

Тирилгенден кийин Ыйса шакирттеринин айрымдары менен сүйлөштү, бирок алар Аны таанышкан жок.

*Ыйса аларга мындай деди: «Пайгамбарлардын айткандарына оңой менен ишенбеген акылсыздар! Өзүнүн даңкына ээ болордон мурун, Машаяк ушундай азаптарды башынан өткөрүшү керек эмес беле?» — деди. Анан аларга **«Тоорат», «Пайгамбарлар» жана «Жазмалар» китептеринде Өзү тууралуу айтылгандардын баарын түшүндүрүп берди**.* (Лука 24:25–27).

Ыйса пайгамбарлар жөнүндө эмне деген? [19]

Анын өлүмү жана тирилүүсү Кудайдын Ага каршы чыккан дүйнөнү куткаруу планынын бир бөлүгү болгон.

**Ышайа 55:12** окуңуз. Ышайа пайгамбар Кудайга кайрылгандарга эмне дейт? [20]

Жашооңузду Жаратканга жана Машаякка тапшыруудан өткөн бакыт жок!

Кудай биз менен бүгүнкү күндө дагы пайгамбарлардын китептери аркылуу сүйлөп жатат!

Пайгамбарлар китептерин окууга убакыт бөлүңүз!

## Үй тапшырма

Ышайа 40–55-бөлүмдөрүн окуңуз.

Анын Машаяк жөнүндө айтканын окуңуз.

## Бул сабактан биз Кудай жөнүндө эмнени билдик?

## Жооптор

1 – Кудайдын кабарын таратуу үчүн Кудай тарабынан тандалган адам.
2 – Төмөнкү учурларда:
- Өз элин эскертүү үчүн;
- Өз элин эле эмес, башка элдерди да соттоп, жазалай турганын жеткирүү үчүн.
- Өз элине жана башка элдерге батасын берерин айтуу үчүн жиберген.

3 – Кудай туткундан кийин элин Иерусалимге алып келет.
Кудай адамдарды күнөөдөн куткаруу үчүн Куткаруучуну жиберет.
Кудай Өз элин бейишке киргизет.
4 – Ошуя, Амос жана Жунус.
5 – Илияс менен Элиша.
6 – Жүйүт эли.
7 – Ышайа, Жеремия.
8 – Даниел менен Жезекиел.
9 – Акай, Захария жана Малахия.
10 – Ыйса төрөлгөнгө чейин 722-ж.
11 – Ыйса төрөлгөнгө чейин 586-ж.
12 – Болжол менен Ыйса төрөлгөнгө чейин 500 ж.
13 – Нөлүнчү жылдын тегерегинде.
14 – Ыйса!
15 – Адам ата менен Обо эне күнөө кылганда, Кудай аларды Бейиштен жана Өзүнүн алдынан кууп чыккан.
16 – Ыйса кайтып келгенде, Ал бизди Жаңы Жерде Аны менен түбөлүк жашоого алып барат.
17 – Кантип Кудайдын жетегинин алдындагы жашоого ээ болобуз — Эйден багына кантип кайтабыз.
18 – Ким Уулун көрүп, Ага ишенсе — демек, биз Ыйсага жана Анын биз үчүн кылган иштерине ишенишибиз керек.
19 – Алар Машаяк жөнүндө, ошондой эле Анын өлүмү жана кайра тирилиши жөнүндө көп айтышты.
20 – *Ошентип, силер кубаныч менен чыгасыңар, силерди тынчтык менен узатышат. Силердин алдыңарда тоолор жана адырлар ырдайт, талаадагы бардык бак-дарактар силерге кол чабат.*

24-сабак:

# Ышайа пайгамбар



Ышайа Дөөттөн 300 жыл өткөндөн кийин (Ыйса төрөлгөнгө чейин 700 жыл мурун), Кудайдын эли экиге бөлүнгөн маалда жашаган. Бул эки өлкөнүн аттары кандай болгон? [1]

Ышайа Жүйүт элине кайрылды.

Ашур империясы жакында Ысрайылды жеңип, Жүйүттү жеңүүгө аракет кылат. Ал буга чейин Жүйүт жериндеги кээ бир шаарларды басып алган. Бул коркунучтуу мезгил болчу!

## Кудай Өз элин ашкерелейт

**Ышайа 1:1–2:5** окуңуз.

Эмне үчүн Кудай Өз элине ачууланып жатат (**1:1–4**)? [2]

Ышайа мындай дейт: «Эмне үчүн сен Кудайдын жазасын көрбөй жатасың? Кудайга каршы чыкканыбыз үчүн өлкөбүз кыйналып жатат». Алар кандай азаптарга дуушар болушкан (**1:5–9**)? [3]

Кудай алардын дини жөнүндө эмне дейт (**1:10–15**)? [4]

Эмне үчүн Кудай өз элинин сыйынууларын уккан эмес (**1:15**)? [5]

Кудай элин Өзүнүн колуктусу деп атайт (Ышайа 54:5). Кудай 21-аятта Иерусалимди кантип сүрөттөйт (**1:21–23**)? [6]

24-аятта Кудай Өз элин кандай сүрөттөйт? [7]

Кудай Өз элине каршы күрөшөт!

Эмне үчүн Кудай мунун баарын айтып жатат? [8]

Ыйык Китептен биз Кудайдын ыйык экенин жана күнөөлөрдү жазалашы керектигин көрөбүз. Бирок, Ал Өз элин сүйөт жана аларды кечирүүнү каалайт.

Кудай Өз элине эмне дейт, алар эмне кылышы керек (**1:16–20**)? [9]

Кудай мээримдүү Кудай!

Кудай Өз элин кечирүүнү каалайт. Аларды тазалап, бата бергиси келет.

Бирок биз Кудайдын эли тобо кылбаганын билебиз. Кудай акыры эмне кылды? [10]

Бирок Кудай Өз элин түбөлүккө четке каккан эмес.

Ышайада Кудай туткундан кийин өз элин Иерусалимге алып келүүнү убада кылган. (Сиз 40 жана 43:1–7-аяттарды окудуңуз беле?)

Бул жерде биз элди Иерусалимге алып келүү убадасы жердеги Иерусалимге кайтып келгенге караганда алда канча жакшыраак нерсени сүрөттөп жатканын көрө алабыз.

Анда Кудай Эйден багындагы адамдар менен болгон мамилесин калыбына келтире турган Жаңы Иерусалимди сүрөттөйт!

Бул бөлүмдөрдө Иерусалим кандай көрүнөт (**2:1–4**)? [11]

Бул биз **Аян 21:22–27**-аяттарда окуганга окшош.

## Ышайадагы Машаяк



Машаяк жөнүндө Ышайа, Байыркы Келишимдеги башка пайгамбарлардын кимиси болбосун, алардан көбүрөөк айткан.

**52:13–53:12:** Кудайдын азап тарткан Кулу жөнүндө окуңуз.

Бул ыр беш бөлүктөн турат. Ырдын ортоңку бөлүгү эң маанилүү.

**А. 52:13–15:** Кул кечиримдүүлүк үчүн азап тартат, анан Ал көтөрүлөт.
**Б. 53:1–3:** Кул четке кагылып, кемсинтилип, акыры өлүм жазасына тартылат.
**В. 53:4–6: Анын өлүмүнүн себеби бизге Кудай менен болгон тынчтыкты алып келүү.**
**Б. 53:7–9:** Кул четке кагылып, кемсинтилип, акыры өлүм жазасына тартылат.
**А. 53:10–12:** Кул кечиримдүүлүк үчүн азап тартат, андан кийин ал көтөрүлөт.

Бул ырдын эң маанилүү бөлүгү кайсы? [12]

Кудай Өз элине күнөөлөрү үчүн өлүп, андан кийин көтөрүлө турган Машаякты жөнөтөрүн ачык айткан. Ал азап тарткандан кийин даңкталат.

## **Ышайа 53:5:** *Биз Анын жарааты менен айыктык*

Көптөр бул аятты туура эмес колдонушат. Эски Келишимдеги аятты туура түшүнүш үчүн биз 2 кадам жасашыбыз керек:

1. Биз ар дайым аяттарды алардын контекстинде (алардын бөлүмүндө) окушубуз керек. Бул аятка чейинки жана кийин жазылган аяттарды окушубуз керек.

   Биз эмнеден айыктык? [13]

2. Биз Жаңы Келишимде бул жөнүндө айтылганын жана бул темада Ыйса эмнелерди айтты экен, ошону билишибиз керек?

**1 Петир 2:24–25:** *Күнөөдөн арылып, адил жашашыбыз үчүн, Ал биздин күнөөлөрүбүздү Өзүнүн денеси менен жыгачка көтөрүп чыкты.* ***Силер Анын жарааты менен айыктыңар****. Анткени силер адашып жүргөн койлордой болчусуңар, азыр болсо жаныңарды Кайтаруучуга жана Коргоочуга кайтып келдиңер.*

Петир «*Анын жарааты менен айыктыңар*» дегени менен эмнени айткысы келген? [14]

Ыйса күнөөнү оору катары да айткан.

**Лука 5:31–32:** *Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Дарыгер соо адамдарга эмес, оорулууларга керек. Мен тобо кылууга адил адамдарды эмес, күнөөкөрлөрдү чакырганы келгем».*

Ыйса «*оорулуу*» деп эмнени айткысы келген? [15]

Муну карап чыккандан кийин, бул аят Ыйсанын биздин денедеги ооруларыбызды айыктырат деген убадасы эмес экенин түшүнөбүз. Бул аятта алда канча маанилүү нерсе жөнүндө сөз болуп жатат: бул биздин күнөөлөрүбүздүн кечирилерин жана Кул биздин Кудай менен болгон мамилебизди түбөлүккө калыбына келтирерин убада кылат!

Кудай сыйынууларыбызга жооп бергенди жакшы көрөт. Биз Анын баарын кыла аларын билебиз. Ал бизди айыктырганда, бул биз үчүн чоң дем.

Ал бизге азыр куткарылууну (кечиримдүүлүктү жана аны менен жаңы мамилелерди) убада кылып жатат жана Жаңы Иерусалимде ооруганды билбеген денелерди убада кылууда (**1 Коринттуктарга 15:42–44**).

Ал бизди дайыма эле айыктыра бербейт. (**2 Коринттуктар 12:7–10** — Кудай Пабылды айыктырган эмес!)

Биз бул аятты, Кудай бизди айыктырууга тийиш деп колдоно албайбыз.

«*Анын жарааты менен айыктыңар*» деген эмнени билдирет? [16]

**Ышайанын кайсы аятын жаттап алгыңыз келет? Муну бүгүн ким менен бөлүшө аласыз?**

# Жооптор

1 – Жүйүт жана Ысрайыл.
2 – Алар Кудайга каршы чыгышты.
3 – Алардын шаарлары талкаланып, эгиндери уурдалган.
4 – Алардын динин жек көрөт. Кудай алардын курмандыктарын кабыл албайт, анткени алар Анын мыйзамдарына баш ийишпейт.
5 – *Колуңар канга толгон.* — Алар бири-бирин өлтүрүп жатышат! Кудай жаман адамдардын сыйынуусун уга албайт.
6 – Сойку катары!
7 – Душмандары катары!
8 – Анткени Анын эли тобо кылган эмес.
9 – Алар тобо кылып, Кудайга кайтуулары керек.
10 – Ал аларды туткунга жиберди.
11 – Бул эң бийик (эң негизги) тоо болот, анда бардык адамдар Кудай менен кантип жашоону үйрөнүшөт жана баары тынчтыкта жашайт.
12 – Анын өлүмүнүн себеби бизге Кудай менен тынчтык алып келүү болгон
13 – Биз күнөөлөрүбүздөн айыктык.
14 – Биз кечирилдик, анткени Ыйса биз үчүн өлгөн.
15 – Күнөөкөрлөр.
16 – Биздин күнөөлөрүбүз кечирилет жана Кул биздин Кудай менен болгон мамилебизди түбөлүккө оңдойт!

# 25-сабак:

# Некемия



## Жагдай

Биздин заманга чейин **586**-жылы бабылдыктар Жүйүт элин басып, ийбадаткананы талкалап, ысрайылдыктарды туткунга Бабылга алып кетишкен.

**70** жыл өткөндөн кийин Перс империясы Бабыл империясын басып алат. Бул биздин заманга чейинки **500**-жылдардын тегерегинде болгон.

Перс падышасы Кореш Кудай элине Иерусалимге барып, ийбадатkананы кайра курууга уруксат берген.




## Кууп чыгуу!

**2 Жылнаама 36:15–23** окуңуз.

Кудай жиберген пайгамбарлардын сөздөрүн ысрайылдар кандай кабыл алган? [1]

Жүйүт эли менен эмне болгон? [2]

Ийбадатканадагы буюмдарга эмне болгон? [3]

Ийбадатканага эмне болду? [4]

Иерусалимдин дубалдарына эмне болду? [5]

# Кудайдын шаарын кайра куруу

**Эзра китебинен** биз туткундан кийин Кудай элинин көбү Иерусалимге кайтып келип, экинчи Ийбадаткананы курганын окуйбуз.

**Некемия китебинен** биз андан кийин эмне болгонун окуйбуз. Бул Ыйсанын төрөлүшүнө **445** жыл калганда болгон.

Некемия китебинин **биринчи бөлүмүн** окуңуз.

Некемия эмнени укту **(3-аят)**? [6]

Эмне үчүн ал капа болду деп ойлойсуз **(4-аят)**? [7]

Бул Жүйүттөрдүн Кудайы алсыз жана Өз элин коргой албагандай көрүндү.

Некемия Кудай жөнүндө эмнени билген **(5-аят)**? [8]

Некемиянын сыйынуусу эмнеси менен таң калыштуу **(6–7-аят)**? [9]

Бул жагынан Некемия Машаякка окшош. Ал күнөөсүз болгон, бирок элдин кетирген күнөөлөрүнөн уялган. Жана ал ошол күнөөлөрдү өзү кетиргенсип жаман болгон.

Ышайа 53:5–6-аяттардагы Кул сыяктуу.

Некемия Тоораттан эмнени түшүнгөн **(8–9-аят)**? [10]

Ал мунун баарын Кудай кантип жасаганын көрдү, бирок бул жетишсиз эле. Кудайды дагы деле эч ким урматтачу эмес.

Некемиянын жакшы кадыр-барктуу жумушу бар эле. Ал ыңгалуу жашоодо жашаган, ошондуктан Иерусалимде эмне болуп жатканына эч кабатыр болбой деле койсо болмок. Бирок аны Кудай кыйратылган Иерусалим шаарын, өзгөчө дубалдарын калыбына келтирүүгө колдонгусу келгенин билген. Иерусалим Кудайдын өзгөчө шаары болгон, ал жерде Кудай Өз эли менен Ийбадатканада болууга убада кылган (1:9).

Биз башка өлкөгө көчүп кеткенде жашоонун жакшы экенине көнүп, абдан оңой сезилип, бул жерде биротоло калгыбыз келет. Бирок, сиз башка өлкөгө иштегени кеткен болсоңуз, Кудай сизди өз өлкөңүздө жыйын куруу үчүн колдонууну каалай турганын эсиңизден чыгарбаңыз!

Некемия кыйраган шаарды гана курбастан, Кудайдын сынып калган элин калыбына келтирген.

Алар кандайча сынган? [11]

Алардын көңүлү чөгүп, кайраттарын жоготушкан.

Ошентип, Некемия Кудай элин алардын Кудайга болгон ишенимин жана кыйраган дубалдарды калыбына келтириш үчүн Иерусалимге жөнөдү.

# Жакшы лидер

**Төртүнчү бөлүмдү** окуңуз.

Некемия элди кантип жетектегени жөнүндө эмнени билдик? Элди кантип жетектегени тууралуу 7 фактыны табыңыз [12]

1.

2.

3.

4.

5.

6.

7.

Некемияга жакшы жол башчы болуу оңой болгон эмес. Дубалды кайра тургузуп жаткан мезгилде ал ар кандай көйгөйлөргө, коркутууларга жана кордуктарга дуушар болгон. Бирок Кудай ага элди жетектөөгө жардам берди, ошондо иш уланып, аягына чыкты!

Дубал жөнүндө эмнени окуйбуз **(6:15)**? [13]

Некемиянын камкордугу курулуп жаткан шаар менен гана чектелген эмес. Аны адамдардын Кудай менен мамилеси болбой жаткандыгы тынчсыздандырган.

**Эзра** эмне кылды **(8:1–3)**? [14]

Эл эмне кылды **(10:28–29)**? [15]

Бул Кудайдын эли үчүн жаңы башталыш болгон! Алар Кудайдын Сөзүн угуп, Ага баш ийүүгө убада беришти.

## Некемия — бүгүнкү күндө жыйын башчылары үчүн эң жакшы үлгү!

## Байыркы Келишимдин аягы

Бул Байыркы Келишимдин аягы десек болот.

Башталыш 12:1–7-аяттарда Кудай Ыбрайымга эмне убада кылган? [16]

Эски Келишимдин аягында Кудай Ыбрайымга берген убадаларын канчалык деңгээлде аткарган? [17]

Көйгөй эмнеде камтылган? [18]

Башында Кудайдын эли күчтүү болгон, алар көбөйүшкөн жана өздөрүнүн жери болгон. Бирок кийинчерээк алар алсырап, саны азайып, чет элдик падышалардын колуна түшүшкөн.

Кудайдын эли үмүттү кайдан таба алышмак? [19]

Ыйык Жазууну окугандар үмүт бар экенин билишкен. Алар Кудай Машаякты жибере турган күн келерин түшүнүшкөн:

- Ал алардын жүрөгүн өзгөртөт (Жезекиел 36:26).
- Ал күнөөлөрүнөн куткарат (Ышайа 53:5 жана 6).
- Ошондой эле Ал түбөлүккө аларды башкарат (Даниел 7:13–14).

Машаяк кайсыл үмүттү алып келет? [20]

Машаяк Кудайдын Ыбрайымга берген убадаларынын баарын аткарат!

Байыркы Келишим бизди Жаңы Келишимге кантип даярдап жатканын түшүндүрүп бере аласызбы?

# Жооптор

1 – Алар пайгамбарларды угушкан эмес.
2 – Алар өлтүрүлгөн же туткунга жиберилген.
3 – Аларды Бабылга алып кетишти.
4 – Ал күйүп кетти.
5 – Алар талкаланды.
6 – Туткундан аман калгандар ошол жерде, өз жеринде жашап жатышат. Алардын башына өтө оор күн түшүп, кордук көрүп жатышат. Иерусалимдин дубалдары уратылган, дарбазалары өрттөлгөн.
7 – Кудайдын шаары талкаланганына карабастан, элдин Кудайды урматтабаганы үчүн.
8 – Асмандагы Кудай, Өзүнүн келишимин бек сактаган, Өзүн сүйгөндөргө жана осуяттарын аткаргандарга ырайым кылган улуу жана коркунучтуу Кудай!
9 – Ал өзү Кудайга ишенимсиздик кылбаса да, «алар» деп эмес, «биз» деп сүйлөгөн.
10 – Ал Кудай Өз элин, эгерде алар Ага ишенимдүү болбосо, жазалай турганын эскертип жатканын түшүнгөн. Ал Кудай Өз элин үйгө алып келүүнү убада кылганын түшүнгөн.
11 – Алар өздөрүнүн күнөөлөрү үчүн куулуп чыгарылган жана кайтып келгенден кийин Кудайдын шаарын жана Анын даңкын калыбына келтиришкен эмес.
12 – 1) Өзүнө каршы чыккандардын сөзүн уккан эмес.
2) Ал Кудайга сыйынган.
3) Иштин көзүн билген, туура чечимдерди кабыл алган (эркектердин жарымы иштеп, жарымы иштегендерди кайтарган).
4) Эгер элге жардам керек болсо, эмне кылууну пландаган (адамдардын бирине жардам керек болсо, сурнай үнү угулат).
5) Ал Кудай Ким экенин эскертип, элге дем берген.
6) Ал Кудайдын даңкталышын каалаган, ал өзүнүн даңкын издеген эмес (Ошондой эле 1:11 караңыз).
7) Өзү башкалар менен чогуу талыкпай эмгектенип, үлгү болгон.
13 – Ал 52 күндөн кийин калыбына келтирилген!
14 – Тооратты үн чыгарып элге окуду.
15 – Алар Кудайга табынууга убада беришти.
16 – Эл, жер жана ал аркылуу бардык адамдар бата алышат.
17 – Кудай Ыбрайымдын урпактарын улуу эл кылып жаратты, аларга жер берди жана башка элдерге жарык боло турган кемчиликсиз мыйзамдарды берди.
18 – Кудайдын эли башка кудайларга сыйынышкандыктан жана Кудайдын мыйзамына баш ийбегендиктен баарын бузушкан.
19 – Кудайдын Сөзүндө!
20 – Ал алардын жүрөгүн өзгөртөт (Жезекиел 36:26).
Ал аларды күнөөлөрүнөн куткарат (Ышайа 53:5–6).
Ал элдерди түбөлүккө башкарат (Даниел 7:13–14).

26-сабак:

# Ыйык-Китеп окуясы 8 сүрөттө

Ушул сабакка чейин үйрөнгөн нерселерибизди кайталоо үчүн, биз кайрадан бул сүрөттөрдү Ыйык Китептеги Кудайдын кабары тууралуу бөлүшүү үчүн колдонобуз.




Биринчи сүрөттө эмне жөнүндө айтылганын чогуу окуйлу. Анан топтун ичинен бирөө бул маалыматты окубастан кайталасын. Андан кийин биз экинчи сүрөттө эмне деп жазылганын чогуу окуп, аны дагы башка бирөө кайталасын. Биз бардык 8 сүрөттү карап, кайра айтып бергенден кийин, топтогу ар бир адам өз кезеги менен текстти окубастан, бардык 8 сүрөттү айтып бере алышы керек.




## 1. Жаратуу

Кудай жараткан ар бир нерсе жакшы болду. Кудай биринчи адамдар, Адам ата жана Обо эне менен Эйден багы деп аталган кооз бакчада сүйлөшкөн.




## 2. Күнөөнүн башталышы

Адам ата менен Обо эне Кудайга моюн сунушкан жок. Ыйык Китепте бул күнөө деп аталат. Күнөө баарын: Кудай менен болгон жана бири-бири менен болгон мамилени бузган. Кудай Эйден багынан биринчи адамдарды кубалап салган. Адамдар түбөлүк жашоого ээ болбой калышкан.

Ошондон бери адамдар мурдагы Кудай менен болгон мамилени кайтарууга аракет клып келишет.




## 3. Убадалар

Кудай Ыбрайымга Кудайдын Өзү үчүн өзгөчө боло турган элдин **атасы** болорун убада кылган. Ошондой эле, Кудай Ыбрайымга бул эл менен чогуу жашай турган **жерди** убада кылган. Ыбрайым аркылуу Кудай бардык элдерге **бата берүүнү** убада кылган.

Таажы — Кудай алардын кайрымдуу падышасы болот дегенди билдирет.

Көк желе — Кудай Өз убадаларына ишенимдүү экенин билдирет (Башталыш 9:13–16). Ал сиз ар дайым ишене турган Адам!




## 4. Мисирден чыгуу

Кудайдын эли бөтөн өлкөгө, Мисирге барып, кул болуп калышат. (Пирамидалар Мисирди билдирет).

Жебе, Кудай аларды Мисирдеги кулчулуктан куткарганын билдирет.




## 5. Жер

Кудай Өз элин убадаланган жерге алып келди. Алар бул жерде жашаган канаандыктарды жеңишкен. Канаандыктар жаман эл болушкан.

Кудай Өз элине батасын берди, бирок алар башка кудайларга табынышты. Кудай аларды көп жолу эскерткен, акыры аларды кууп жиберген. Акыры Кудай аларды убадаланган жерге алып келди, бирок алар дагы деле Кудайдын мыйзамдарына баш ийбей, күнөө кылгандарын уланта беришти.

Аларды күнөөлөрдөн куткара турган Куткаруучу керек болчу. Аларга адилеттүү башкаруучу боло турган Падыша керек болчу. Кудай бир күнү мындай адамды: Машаякты жиберерин убада кылган.

Алардын баары Кудайды унутуп калган эмес. Ыйса төрөлгөндө, Жүйүт Рим империясынын бир бөлүгү болгон.

Кудайга ишенимдүү адамдар дагы деле Кудай убада кылган Куткаруучуну жана Падышаны күтүп жашашкан.




## 6. Ыйса Машаяк

Кудай Куткаруучуну жиберем деген Өз убадасын аткарды! Ыйса Машаяк айкаш жыгачта өлүп, биздин күнөөлөрүбүз үчүн жалгыз курмандык болуу үчүн келген.

Ал өлүмдөн тирилген. Анын тирилүүсү өлүмдү жеңгенин көрсөтүп турат! Эми биз кайрадан Кудай менен дос боло алабыз!




## 7. Ыйсанын кайтып келиши

Азыр Ыйса бейиште.

Жебе Ыйсанын бул дүйнөгө кайра кайтып келип, адамдарды соттой турганын көрсөтүп турат. Кудай Ыйса аркылуу бардык адамдарды соттойт.




## 8. Жаңы жаратылыш

Биз Кудай менен жаңы, түбөлүк, убадаланган жерде, баардыгы жаңыдан жаратылган жайда жашайбыз!

Эски Келишим бизге эмне үчүн Куткаруучу керек экенин көрсөтүп турат. Ал баарыбыз күнөөкөр экенибизди үйрөтөт. Биздин жүрөктөрүбүз жаман.

Биз Эски жана Жаңы Келишимди — бүтүндөй Ыйык Китепти — окуп, Кудайды көбүрөөк таанып-билишибиз абдан маанилүү.

**Бири-бириңер үчүн Кудай ушул жумада бул сүрөттөр менен бөлүшө турган адамга жолуктурсун деп сыйынгыла.**

27-сабак:

# Кудайдын адам болушу



Матай менен Лука Жакшы Кабарларынын башында Ыйсанын төрөлүшү жөнүндө баяндашат.

## Анын ата-энеси

**Матай 1:18–25** окуңуз.

18-аятта жазылгандын эмнеси таң каларлык? [1]

Бул адамзаттын бүткүл тарыхында бир жолу болгон!

Ыйсанын энеси адам болгон. Анын жердеги атасы болгон эмес. Кудай муну эң сонун кылып жасаган. Ыйса толугу менен адам жана толугу менен Кудай болгон. Ыйса жерге келген Кудай!

Инжилден Ыйсанын чындап эле Адам болгонуна кандай далилдерди тапсак болот?

**Матай 21:18, Жакан 19:28, Жакан 4:6, Марк 4:38, Жакан 11:35, Жакан 19:34, Жакан 19:33.** [2]

Инжилден Ыйсанын чындап эле Кудай болгонуна кандай далилдерди таба алабыз?

**Марк 1:33–34, Марк 5:41–42, Марк 6:48, Марк 4:39.** [3]

Ыйсанын кыздан төрөлгөнү эмнени тастыктайт? [4]

**Ышайа 7:14:** Ышайа пайгамбар эмнени пайгамбарчылык кылган? [5]

Кудай Машаяктын кыздан төрөлөрүн Ыйсанын төрөлүшүнө чейин жүздөгөн жылдар мурун убада кылган!

# Анын туулган жери

**Лука 2:1–20** окуңуз.

Ыйсанын ата-энеси кайдан болгон? [6]

Ыйса кайда төрөлгөн (4–6-аяттар)? [7]

Эгер анын ата-энеси Назаретте жашаса, эмне үчүн Ыйса Бейт-Лехемде төрөлгөн? [8]

Ыйык Китепте дагы ким Бейт-Лехемде төрөлгөн (**1 Шемуел 17:12**)? [9]

**2 Шемуел 7:12–13**-аяттарда Кудай Дөөткө эмнени убада кылган? [10]

**Матай 1:1–16**-аяттарда Ыйсанын санжырасы жазылган. 6-аятта кайсы атанын аты жазылган? [11]

Дөөттүн урпактары көп жылдардан бери падыша көтөрүлө элек болчу.

**Лука 2:10–11де** периштелер койчуларга эмне дешкен? [12]

**Михей 5:2де** Михей эмнени пайгамбарчылык кылган? [13]

Ыйсанын туулган жеринин өзгөчөлүгү эмнеде? [14]

Ыйсанын туулган жери Анын Машаяк экендигинин далили!

# Ыйса — бизге үлгү!

**Эврейлер 4:15** окуңуз.

Ыйсанын адам болгону сизди кандайча шыктандырат? [15]

Ыйса мурда жашаган башка адамдардан эмнеси менен айырмаланат? [16]

Ыйса адам болуу канчалык кыйын экенин түшүнөт. Бирок, Анын жашоосу биз үчүн эң сонун үлгү.

Ыйсанын мүнөзүнүн жакшы сүрөттөлүшүн Ыйык Рухтун жемиштеринин тизмесинен тапса болот (**Галатиялыктар 5:22–23**). Ыйсанын мүнөзү кандай болгон? [17]

**Ыйсаны ээрчиген сайын, биз Ага көбүрөөк окшош болобуз. Адамдар сиздин жашооңузда Ыйсанын күбөлөндүрүүсүн көрө алабы? Жашооңуздун кайсы тармактарында өзгөрүшүңүз керек? Бул жагынан сизге жардам беришин Ыйсадан сураңыз.**

# Жооптор

1 – Мариям кыз боюнча Ыйык Рухтан кош бойлуу болуп калган.
2 – Ал ачка болгон, суусаган, чарчаган эмне экенин башынан өткөргөн. Ал уктаган, ыйлаган жана кансыраган. Акырында, Ал өлгөн.
3 – Ал жиндерди кууп чыгарган, оорулууларды айыктырган, өлгөндөрдү тирилткен, суунун үстүндө баскан жана бороонду токтоткон.
4 – Ал толугу менен адам жана толугу менен Кудай болгон!
5 – «Кудай биз менен» дегенди билдирген «Эммануилдин» кемчиликсиз боюна бүтүшү жана төрөлүшү.
6 – Назареттен.
7 – Бейт-Лехемде.
8 – Анткени ата-энеси эл каттоого барышы керек болчу.
9 – Дөөт падыша
10 – Ал Өз падышалыгынын тактысын түбөлүккө орноторун, тактыда Дөөттүн тукуму болорун.
11 – Дөөт падыша.
12 – *Бүгүн Дөөттүн шаарында силер үчүн Куткаруучу төрөлдү. Ал — Машаяк Теңир!*
13 – Улуу башкаруучу Бейт-Лехемде төрөлүшү керек болчу.
14 – Ал, бул жерде Машаяк төрөлөт деп, Кудай айткан жер.
15 – Ал биздин алсыздыктарыбызды жана азгырыктарыбызды түшүнөт.
16 – Ал эч качан күнөө кылган эмес!
17 – Ал сүйүүгө, кубанычка, тынчтыкка, чыдамкайлыкка, боорукердикке, кайрымдуулукка, ишенимдүүлүккө, мээримдүүлүккө толгон жана ар дайым өзүн кармай билген.

# 28-сабак:

# Машаяк



## Машаяк Өзүнүн кызматын баштайт

Марктын Жакшы Кабары Ыйсанын жашоосу жөнүндө жазылган төрт Жакшы Кабарлардын биринчиси болгон. Келгиле, бул китептин биринчи бөлүмүндө эмне болгонун карап көрөлү.

**Марк 1:1:** Марктын айтымында, Ыйса ким? [1]

**Марк 1:11:** Ыйса сууга чөмүлдүрүлгөндө, Кудай Аны кандайча атаган? [2]

**Марк 1:16–20:** Ыйса Аны ээрчүүгө чакырган адамдар эмне кылышат? [3]

**Марк 1:22:** Адамдар Ыйсанын окутуусу жөнүндө эмне деп ойлошот? [4]

**Марк 1:24:** Жин Ыйсаны ким деп атайт? [5]

**Марк 1:25–26:** Ыйса жинге адамдан чыгышын буйруганда эмне болгон? [6]

**Марк 1:32–34:** Ыйса эмне кылган? [7]

Биринчи бөлүмдөн эле, биз Ыйсанын иштери анын чынында эле Машаяк, Кудайдын Уулу экенин далилдей турганын көрөбүз!

Лука жазган Жакшы Кабардын башында биз Ыйса туулган жерине кайтып келгенде эмне болгонун окуйбуз.

# Байыркы Келишимде ал жөнүндө баяндалган Адам

**Лука 4:14–21** окуңуз.

Байыркы Келишимде Кудайдын эли кимди күткөн? [8]

Ал эмне кылышы керек эле (**Башталыш 3:15**)? [9]

Ал дагы эмне кылат (**Башталыш 12:3**)? [10]

Бул үзүндүдө эл Ыйсанын үйүнө кайтып келгенине толкунданып жатышат. Эмнеге? [11]

Алар ишемби күнү жүйүттөрдүн сыйынуу үйүндө чогулганда, Ыйсадан аларды окутушун суранышат.

Кайсы пайгамбардын китебин окуган? [12]

Бул үзүндүдө Ыйык Рухка ээ болгон жана кереметтүү иштерди кылуу үчүн Кудай тарабынан майланган Адам жөнүндө сөз болот.

Эски Келишимде кимди жана кайсы учурда майлашкан? [13]

Кудайдын майланганы болуу, Кудай аларды өзгөчө иш үчүн тандап алганын билдирген. Ышайа бир күнү Кудайдын Майланганы боло турган Бирөө келерин пайгамбарчылык кылган. Ал эч ким аткара албаган өзгөчө тапшырманы аткарат.

**Лука 4:18–19**-аяттарда төрт башка адамдарды жолугабыз. Алар кимдер? [14]

1.

2.

3.

4.

Келгиле, бул сөздөр аркылуу Ыйса эмнени айткысы келгенин ойлонолу.

## Жакырлар:

Ыйса Инжилде дагы эки жерде жакырлар жөнүндө айтат.

**Лука 6:20–21:** *Руху жакырлар, бактылуусуңар, анткени Кудайдын Падышачылыгы силердики. Азыр ачка жүргөндөр, бактылуусуңар, анткени тоёсуңар. Азыр ыйлап жүргөндөр, бактылуусуңар, анткени күлөсүңөр.*

**Матай 5:3:** *Руху жакырлар бактылуу, анткени Асман Падышачылыгы алардыкы.*

Инжилдеги жакыр деген сөздүн мааниси? [15]

Байларга караганда, көбүнчө кедейлер Кудайга болгон муктаждыкты түшүнүшөт!

## Кулдар:



Байыркы Келишимде Кудай эли күнөө кылууну жана Кудайга каршы чыгууну такыр токтотпогонун көрдүк. Алар ар дайым күнөөнүн кулдары болуп, эркиндикке ээ болушкан эмес.

Аларды бул «түрмөгө» ким отургузду? [16]

Ышайа аларды чындап эркин кыла турган Адам жөнүндө айтат! Ал аларды шайтандын бийлигинен жана күнөөдөн куткарат!

## Сокурлар:

Жакан 9-бөлүмдө Ыйса сокур адамды айыктырган. 39-аятта Ал эмне деген? [17]

Ыйсанын сөзү боюнча ким сокур? [18]

Алар өздөрүн жакшы деп ойлошот. Ыйса алардын күнөөкөр экенин жана Кудайга каршы чыгышканын айтат.

## Кыйналгандар:

Сени кыйнап жатат деген эмнени билдирерин айтып бергиле? [19]

Ким таш боор падышанын эзүүсүнөн жабыркайт? [20]

Бардык адамдар шайтандын бийлигинин астында. Аларды Кимдир бирөө боштондукка чыгармайынча азап тартышат. Шайтан — ырайымсыз падыша!

Кедейлерге Ким керек? [21]

Күнөөнүн кулдары Кимге муктаж? [22]

Сокурларга Ким керек? [23]

Кыйналгандарга Ким керек? [24]

21-аятта Ыйса аларга эмне деген? [25]

Көптөн күткөн Куткаруучу жана Машаяк келди!

Кудай Ыбрайымга берген убадасын аткарды!


Ыйса — Кудай убада кылган Адам!

Ыйса көптөгөн адамдарды айыктырды жана Өзүнүн ким экенин көрсөтүү үчүн көптөгөн кереметтерди жасады.

Бирок Ал бизге кереметтерге караганда, алардан алда канча жакшы нерсени берүү үчүн келди. Ал бизди күнөөдөн, өлүмдөн жана шайтандан куткаруу үчүн келди!

Бул эң таң калыштуу жаңылык!

Ыйса эмне үчүн келди? [26]



# Эл Аны кабыл алдыбы?

**Лука 4:28–30** окуңуз.

Ыйсанын насаатын эл кандай кабыл алды? [27]

Дүйнө Кудайдын Уулун сүйгөндөргө жана Аны жек көргөндөргө бөлүнөт. Биз Ыйсаны сүйгөндүгүбүз үчүн эл бизди жек көрүп жатканына таң калбашыбыз керек.

Эгерде Ал Кудай убада кылган Куткаруучу болсо — Ал бардыгына татыктуу! Элдер Ага ишенгенибиз үчүн бизди жек көрүшсө да.


### Ыйса деген ким? Бүгүн биз Ал жөнүндө эмнени биле алдык?

# Жооптор

1 – Машаяк, Кудайдын Уулу.
2 – Ал Кудайдын Уулу, Аны Кудай сүйөт жана Ага ыраазы.
3 – Алар баарын таштап, Ыйсаны ээрчишет.
4 – Алар буга таң калышты.
5 – Баарынан жогору Тургандын Ыйыгы.
6 – Жин андан чыгып кетти.
7 – Ыйса көптөгөн адамдарды айыктырган жана көптөгөн жиндерди кууп чыгарган.
8 – Алар Машаякты, Куткаруучуну күтүшкөн.
9 – Ал шайтанды жеңет.
10 – Ал бардык адамдарга батасын берет.
11 – Анткени алар Ал жөнүндө жана Анын кереметтери жөнүндө көп угушкан.
12 – Ал аларга Ышайа китебинен (61-бөлүмдү) окуп берген.
13 – Падышаларды жана башкы дин кызматчыларды алар кызматын баштарда.
14 – 1) Жакырлар,
2) кулдар,
3) сокурлар,
4) кыйналгандар.
15 – Кедей акчасы жок дегенди билдирбейт, бул алардын Кудайга муктаж экендигин билдирет. Алар жөнөкөй.
16 – Шайтан.
17 – *Мен бул дүйнөгө көзү көрбөгөндөр көрсүн, көргөндөр сокур болсун деп өкүм чыгаруу үчүн келгем.*
18 – Кудайдын кечиримине муктаж экенин билбеген адамдар.
19 – Бул ырайымсыз падышанын астында кыйналып жатканыңды билдирет.
20 – Бардык адамдар!
21 – Аларга чыныгы байлык бере турган Бирөө.
22 – Аларды шайтандан куткара турган Бирөө.
23 – Кимдир-Бирөө алардын күнөөкөр экенин билиши үчүн, алардын көзүн ачат.
24 – Аларга жакшы падыша керек.
25 – *Бүгүн, силер Ыйык Жазуунун бул сөздөрүн укканда, алар аткарылды.*
26 – Ал бизди күнөөдөн, өлүмдөн жана шайтандан куткаруу үчүн келди!
27 – Эл ага ишенген жок. Алар Анын айткандарын кабыл алышкан жок. Алар Аны өлтүрүүгө аракет кылышты!

## 29-сабак:

# Коркунучтуу трагедиябы же Кудайдын планы аткарылдыбы?



Ыйсанын өлүмү өкүнүчтүү трагедиябы? Ал ушунчалык көптөгөн жакшылыктарды кылып жаткан учурда Анын өмүрү үзүлдү!

Кээ бирөөлөр Ыйса айкаш жыгачта өлгөн эмес деп айтышат. Чынында, Ал өлгөн сыяктуу болду дешет. Анын ордуна башка бирөө өлдү, Кудай аны Ыйсага окшоштуруп койгон дешет. Бирок, бул биз тааныган Кудайдын мүнөзүнө дал келбейт. Ал элди алдабайт! Ыйса Анын ордуна башка бирөө өлүп жатканын карап тура бермек беле?

Кээ бирөөлөр Ыйса айкаш жыгачтан түшүрүлгөндө тирүү болчу деп айтышат. Ал салкын мүрзөдө ойгонгон дешет. Бирок биз римдиктердин адамды өлтүрүү боюнча чебер болушканын билебиз. Адамды айкаш жыгачка кадаганда, анын өлүмү айкын болгон. Айкаш жыгачта асылып турганда дем алыш абдан кыйын. Ар бир дем алганда, адам кагылган бутуна таянып, көтөрүлүшү керек болчу. Ошого байланыштуу асылган адам дем ала албай каза болчу. Айкаш жыгачка асып өлтүрүү — бул адам ойлоп тапкан, эң ырайымсыз өлүм!

**Жакан 19:34** окуңуз. Ыйсанын өлгөнүнө ынануу үчүн жоокер эмне кылган? [1]

Ыйсанын ордуна башка бирөө өлгөн, же бирөөнү Ыйсага окшош кылып жаратып, Анын ордуна башка бирөө өлгөн деп айткан адамдарга эмне дей алабыз? [2]

Ыйса чындыгында айкаш жыгачта өлгөн эмес, Ал мүрзөдө ойгонгон деп айткандарга кандай жооп кайтара алабыз? [3]

# Ыйса Өзүнүн өлүмү жөнүндө шакирттерине айткан

Биз Ыйса кантип өлөрүн так билгенин окуйбуз.

**Лука 9:18–20** окуңуз.

Көптөгөн кереметтерди жасап, башка эч кимде болбогондой бийлик менен насаат айткан соң, Ыйса шакирттерине бир суроо берет. Ал алардан эмне деп сураган (20-аят)? [4]

Петир эмне деп жооп берди? [5]

Ошол убакта Жүйүт аймагы Рим империясынын бир бөлүгү болгон. Шакирттер Ыйсаны, аларды мыкаачы римдиктерден бошоткон падыша болушун каалашкан.

**Лука 9:21–22** окуңуз.

Ыйса шакирттерине эмне деди? [6]

Ушундай кантип болсун? Эгер Ыйса өлтүрүлө турган болсо, анда Ал кантип азаттык алып келүүчү падыша боло алат? Шакирттерге муну кабыл алуу кыйынга турду. Ыйса Өзүнүн өлтүрүлө турганын үч жолу кайталоого туура келди (Лука 9:44–45 жана 18:31–34).

Шакирттер Ыйсанын Кудай Өз элине жиберем деп убада кылган Падыша экенин түшүнүшкөн. Бирок алар Анын кандай падыша болорун түшүнө албай коюшкан. Алар убадаланган Падышанын азап чегишин түшүнүшкөн эмес.

Эски Келишимде Машаяктын өлүмү жөнүндө аз жазылган. Пайгамбарчылыктардын көбүндө Анын кудурет күчү жана Анын Кудайдын элине куткаруу алып келери жөнүндө айтылат.

Мисалы, **Забур 2:6–8**-аяттарды окуңуз.

Кудай Өзүнүн Падышасына эмне берет? [7]

Лука 9:21–22 Ыйса Өзүнүн келген максаты жөнүндө эмне деген? [8]

Эмне үчүн шакирттер Ыйсаны өлтүргөнү жатышканын көрүшүп, түшүнө албай турушту? [9]

Алар дендиреп калышты!

# Эски Келишимдеги курмандыктар бизди Машаяктын өлүмүнө даярдайт

Курмандыктар тууралуу сабак эсиңиздеби? Эмне үчүн Кудай элине курмандык чалуу керек болгон? [10]

**Эврейлерге 10:1–4** окуңуз.

Эски Келишимде адамдардын алып келген курмандыктарына байланыштуу кандай көйгөйлөр болгон? [11]

Курмандыктар эмнеси менен пайдалуу (3-аят)? [12]

Күнөөлөрүбүздөн биротоло тазаланышыбыз үчүн биз курмандыкка муктажбыз.

# Байыркы Келишимдеги пайгамбарчылык бизди Машаяктын өлүмүнө даярдайт

Эски Келишимдеги кайсы пайгамбарчылык бизди Машаяктын өлүмүнө даярдайт? [13]

**Ышайа 53:5–6**-аятты окуңуз.

Ыйса келгенге чейин жүздөгөн жылдар мурун, Кудай Ышайа пайгамбар аркылуу эмне деген? [14]

**Забур 21:15–19** окуңуз.

Бул үзүндү сизге эмнени эске салат? [15]

21 Забур айкаш жыгачтагы өлүмдү, адамдарды айкаш жыгачка кадап өлтүрүүнү ойлоп тапканга чейин, жүздөгөн жылдар мурун сүрөттөйт. Ушундан улам биз бул Машаяк жөнүндөгү пайгамбарчылык экенин билсек болот.

Машаяктын өлүмү, башынан эле Кудайдын планы болгон!

# Кудайдын адилеттүү планы

**Римдиктерге 3:21–26** окуңуз.

Ыйсага ишенгендерге берилген Кудайдын адилдигин эмне тастыктайт **(21–22 аят)**? [16]

Биз кантип куткарылдык **(23–25 аят)**? [17]

Ыйсанын өлүмү, биздин күнөөлөрүбүз үчүн жалгыз жеткилең курмандык болгон, ошондуктан биз кечирилгенбиз! Түбөлүк өмүргө алып бара турган башка жол жок!

**Римдиктерге 6:23** окуңуз.

Күнөө кылгандан кийин биз эмнеге ээ болобуз? [18]

Кудай бизге эмне берет? [19]

Бул дүйнөдөгү эң сонун жаңылык!

### Ошентип, биз бүгүнкү сабактан эмнени үйрөндүк?

### Эмне үчүн Ыйса биздин дүйнөгө келген? Эмнеге Кудай Машаякты жиберди?

## Жооптор

1 – Ал Ыйсаны кабыргага найза менен сайган.
2 – Бул биз билген Кудайдын мүнөзүнө дал келбейт. Ал элди алдабайт! Ыйса Анын ордуна башка бирөө өлүп жатканын карап тура алмак эмес!
3 – Римдиктер адамдарды өлтүрүү боюнча чебер болушканын билебиз. Адамды айкаш жыгачка кадаганда, анын өлүмү айкын болгон. Айкаш жыгачта асылып турганда дем алыш абдан кыйын болгон. Дем алуу үчүн адам кагылган буттарына таянып, көтөрүлүшү керек болчу. Ошого байланыштуу асылган адам дем ала албай өлчү.
4 – *Эл мени ким деп эсептейт?*
5 – Сен Кудайдын Машаягысың! Байыркы Келишимде Кудай Кимди жиберем деп убада кылган болсо, Сен Ошолсуң!
6 – Ал өлтүрүлөт, бирок үчүнчү күнү тирилет.
7 – Бүткүл жер жүзү!
8 – Ыйса өлүп, кайра тирилүү үчүн келгенин айткан.
9 – Ыйса өлүш керек болсо, кантип жеңүүчү Падыша боло алат?
10 – Кудай ыйык жана Ага каршы чыккандардын баарын жазаланышы керек. Биз туура эмес иш кылсак, күнөө кетирсек, Кудайга каршы чыккан болобуз. Падышага каршы чыккан адам өлүмгө татыктуу болгон сыяктуу эле, биз да күнөөлөрүбүз үчүн өлүмгө татыктуубуз. Бирок, Байыркы Келишимде Кудай Өзүнүн ырайымы менен Өз элине алардын күнөөлөрү кечирилиши үчүн курмандык чалууга мүмкүнчүлүк берген. Биздин күнөөлөрүбүздү кан гана жаап коё алат.
11 – Биз Кудайдын алдында акталышыбыз үчүн курмандыкка чалынган жаныбарлар жетишсиз.
12 – Курмандыктар биздин күнөөлөрүбүздү эсибизге салып турчу. Алар адамдарга күнөөлөрү өлүмгө татыктуу экенин көрсөтүшчү.
13 – Ышайа 53:5–6-аяттар.
14 – Машаяк биздин күнөөлөрүбүз үчүн курмандык катары өлөт деп Кудай айткан. Ал бизди бардык күнөөлөрүбүздөн тазалайт!
15 – Ыйсанын айкаш жыгачка кадалышы.
16 – Тоорат жана Пайгамбарлар Китеби.
17 – Ыйсанын курмандыгы аркылуу.
18 – Өлүм.
19 – Түбөлүк өмүр!

30-сабак:

# Ыйсанын тирилиши жана асманга көтөрүлүп кетиши



## Ыйсанын тирилиши

**Лука 24:1–12** окуңуз.

Ыйсанын шакирттери менен аялдарда Ыйса кайра тирилет деген үмүтү жок болчу. Алар Анын тирилишин күтүшкөн эмес!

Аялдар эмне үчүн мүрзөгө барышты? [1]

Алар мүрзөнү көргөндө эмнеге таң калышты? [2]

Периштелер аялдарга эмне дешти (5–7-аяттар)? [3]

Өлөр алдында Ыйса шакирттерине айкаш жыгачта өлүм жазасына тартыларын жана кайра тирилерин айткан. Бул алар үчүн күтүүсүз нерсе болбошу керек эле!

### Ыйсанын өлүмдөн тирилгенине кантип ынансак болот?

- Эгерде сөөк уурдалган болсо, аны оролгон кепини менен кошо алып кетишмек. Кепин бүтүн бойдон калган (Лука 24:12).
- Ыйсанын тирилбегенин далилдөө үчүн, анын денесин көрсөтүү гана керек болчу. Бирок Рим жана эврей башчылары Ыйсанын сөөгүн таппай коюшкан.
- 40 күн бою Ыйса Өзүн көптөгөн адамдарга көрсөткөн. Күбөлөр абдан көп болгон (1 Корунттуктар 15:3–8)!

Кайсы үч нерсе Ыйсанын тирилгенине шек санабообузга чек коёт? [4]

1.

2.

3.

**Лука 24:36–43** окуңуз.

Ыйса Өзүнүн денеси кадимки эле адамдыкындай экенин көрсөтүү үчүн эмне кылган? [5]

Ыйсанын денеси өзгөргөнүн бизге эмне көрсөтүп турат? [6]

Ыйсанын денеси тирилгенден кийин кандайча ошол бойдон калган жана ал эмнеси менен айырмаланган? [7]

## Ыйсанын тирилгени бизге эмнени көрсөтүп турат?

**1. Ыйса өлүмдү жеңди!** Ал өлүп, кайра тирилди.

> *Ал өлүмдү жеңип, Жакшы Кабар аркылуу өмүрдү жана өлбөстүктү жарыкка алып чыкты!* (2 Тиметейге 1:10)

**2. Ыйса шайтанды жеңди!** Ал адамдарды шайтандын кулчулугунан куткара алат!

> *Ал башчыларды жана бийликтегилерди куралсыздандырып, аларды ачык түрдө уятка калтырды, аларды айкаш жыгачта жеңип чыкты.* (Колосалыктарга 2:15)

**3. Ыйса биздин күнөөлөрүбүздүн кунун төлөдү, Кудай аны кабыл алды!**

> *Кудайдын мол ырайымынын негизинде Уулунун каны аркылуу кун төлөнүп, күнөөлөрүбүз кечирилди.* (Эфестиктерге 1:7)

**4. Ыйса Ага ишенгендерге түбөлүк өмүр берет!**

> *Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди.* (Жакан 3:16)

Бул эң сонун жаңылык!

Ыйсанын тирилгени тууралуу төрт факты? [8]

1.

2.

3.

4.

## Ыйсанын асманга көтөрүлүп кетиши

**Элчилер иш 1:1–11** окуңуз.

Ыйса тирилгенден кийин 40 күн бою эмне кылган (3-аят)? [9]

Ыйса шакирттерине эмнени убада кылган (5-аят)? [10]

Алардын милдети кандай болот (8-аят)? [11]

Андан кийин Ыйса менен эмне болгон (9-аят)? [12]

11-аятта периште шакирттерге эмне деди? [13]

Ыйса кайтып келет!

## Ыйсанын асманга көтөрүлүп кеткени бизге эмнени айтып турат?

Ыйсанын асманга көтөрүлүшү бизге 4 нерсени көрсөтөт:

**1. Кудай Ыйсаны жогору көтөрүп, Ага жогорку даражаны берди.**

> *Ошондуктан Кудай Аны жогорулатып, Ага бардык ысымдардан жогору ысым берди. Ыйсанын ысымынын алдында асмандагылардын, жердегилердин жана жер түпкүрүндөгүлөрдүн баары тизе бүгүшү үчүн!* (Филипиликтер 2:9–10)

**2. Ыйса жакында дүйнөнү соттош үчүн келет.**

> Биз башкалардан эмес, Ыйсадан коркушубуз керек!
>
> *Ошондуктан Кудайдын алдында жана Өзүнүн падышачылык бийлиги менен кайтып келип, тирүүлөрдү да, өлгөндөрдү да соттой турган Ыйса Машаяктын алдында ...* (2 Тиметейге 4:1)

**3. Ыйса биз үчүн арачылык кылат.**

*Аларды ким соттойт? Өлүп, кайра тирилген, Кудайдын оң жагында отурган Машаяк Ыйса биз үчүн арачылык кылат.* (Римдиктерге 8:34)

Ал Кудай Атага мындай дейт: «Сенин кымбат балаң — [Сиздин ысымыңыз]. Анын бул күнөөсүн кечир. Менин каным аны каптады. Биз аны Ыйык Рухка толтурабыз, ошондо ал күнөө кылууну токтотуп, жашоосунда Сени даңктай алат».

**4. Өлгөндөн кийин биз жаңы денеге ээ болобуз.**

**1 Коринттиктерге 15:35–44** окуңуз.

Өлгөндөн кийин бизде физикалык дене болот. Бул дене кандайча айырмаланып турат? [14]

Биз кемчиликсиз адамдык денеде түбөлүк жашайбыз!

Ыйсанын асманга көтөрүлүшү бизге эмнени көрсөтүп турат? [15]

1.

2.

3.

4.

Бүгүн биз Ыйсага болгон ишенимибиз аркылуу Кудайдын алдына келе алабыз. Ыйса келгенде, биз Аны бетме-бет көрө алабыз!

Ыйсанын тирилүүсү жана асманга көтөрүлүшү — бул дүйнөдөгү эң сонун кабар! Муну сиз ким менен бөлүшө аласыз?

## Бүгүн эмнени үйрөндүңүз?

# Жооптор

1 – Аялдар Ыйсанын денесин жыпар жыттуу майлар менен майлоо үчүн жөнөшкөн.
2 – Мүрзө ээн калган экен!
3 – *Эмнеге өлүктөрдүн арасынан Тирүүнү издеп жүрөсүңөр? Ал бул жерде жок, Ал тирилди! Анын Галилеяда жүргөндө силерге айткан сөздөрүн эстегилечи. «Адам Уулу күнөөкөрлөрдүн колуна салынып берилип, айкаш жыгачка кадалып, үчүнчү күнү тирилиши керек, — деп айткан эмес беле», — дешти.*
4 – 1) Эгерде сөөк уурдалган болсо, алар сөөктү оролгон кепини менен алышмак, аны ташташмак эмес.
2) Римдин бийлиги жана жүйүт башчылары Ыйсанын тирилбегендигиндалилдей алышкан эмес. Алар Анын денесин көрсөтүшсө эле жетиштүү болмок, бирок алар Анын денесин таба алышкан эмес.
3) 40 күндөн кийин Ыйса Өзүн көптөгөн адамдарга көрсөткөн. Күбөлөр көп болгон!
5 – Ал бир аз балык жеген.
6 – Ал каалга аркылуу эмес, дубал аркылуу бөлмөдө пайда боло калып, кайра ошондой эле жол менен чыгып кеткен
7 – Ал кадимки денеге керектелген тамактарды жеген жана ошол эле учурда, пайда боло калып, же көздөн кайымболуп кетчү.
8 – 1) Ыйса өлүмдү жеңди! Ал өлүп, кайра тирилди.
2) Ыйса шайтанды жеңди!
3) Ыйса биздин күнөөлөрүбүздүн кунун төлөдү жана Кудай аны кабыл алды!
4) Ыйса Ага ишенгендерге түбөлүк өмүр берет!
9 – Ал Өзүнүн шакирттеринин алдына көптөгөн далилдер менен тирүүлөй көрүнгөн.
10 – Алар Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөт.
11 – Алар бүт дүйнө жүзү боюнча Анын күбөлөрү болушат.
12 – Ал асманга көтөрүлүп кетти.
13 – *Силердин жаныңардан асманга көтөрүлүп кеткен бул Ыйса, өзүңөр көргөндөй, асманга кандай көтөрүлүп кетсе, ошондой эле кайра келет.*
14 – Алар түбөлүктүү болушат, аларда эч кандай кыйынчылык болбойт, алар сулуу жана кереметтүү болушат, жана биз Кудай менен жакын мамиледе болобуз!
15 – 1) Кудай Ыйсаны эң бийик даражага көтөрдү.
2) Ыйса жакында дүйнөнү соттош үчүн келет.
3) Ошол эле учурда Ыйса биз үчүн арачылык кылат.
4) Өлгөндөн кийин биз кемчиликсиз денелерге ээ болобуз!

31-сабак:

# Ыйык Рух



## Байыркы Келишимде Ыйык Рух жөнүндө эмне деп айтылган?

1. Эски Келишимде биринчи жолу Ыйык Рух жөнүндө кайсыл жерден окуйбуз? [1]

Ыйык Рух башынан баштап эле иштеп келет!

2. Байыркы Келишимде Ыйык Рух өзгөчө себептерден улам өзгөчө адамдарга берилген.

**Биринчи Шемуел 16:13** Ыйык Рух кимге берилген? [2]

3. Кудай пайгамбарларга Ыйык Рухту Кудайдын сөздөрүн элдерге жеткириш үчүн берген.

**2 Петир 1:20–21** окуңуз. Пайгамбарлар Кудайдын Сөзүн кантип айтышкан? [3]

4. Кудай Кудайдын элине таандык болгондордун баары Ыйык Рух ала турган убакытты убада кылган.

Жоел пайгамбардын **Жоел 2:28**-аяттагы сөздөрүнө ылайык, бул кандайча болмок? [4]

Байыркы Келишимде Ыйык Рух жөнүндө эмне деп айтылган? [5]

1.

2.

3.

4.

# Жаңы Келишимде Ыйык Рух жөнүндө эмне деп айтылат?

**Элчилердин иштери 1:8:** Ыйык Рух шакирттерге кандай күч берет? [6]

Алар Ыйса жөнүндө баарына айтып бериши керек!

**Элчилердин иштери 2:1–24:** Алар Ыйык Рухту кабыл алганда эмне болду? [7]

**Элчилердин иштери 2:41:** Ошол күнү канча адам ишенип калды? [8]

Иерусалимде түшүм майрамы болгон — Боштондук же Пасах майрамынан кийинки элүүнчү күн. Кээ бир жыйындар Кудай ошол күнү кылган иши үчүн өздөрүн «Элүүнчүлөрбүз» деп аташат.

**Элчилердин иштери 2:38:** Ыйык Рухтун белегин ким ала алат? [9]

Ыйык Рух бардык ишенгендерде жашайт. Сиз Ыйык Рухсуз Ыйсага ишене албайсыз!

# Ыйык Рух эмне кылат?

**Римдиктерге 8:16:** Ыйык Рух эмне кылат? [10]

**Римдиктерге 8:26:** Ыйык Рух эмне кылат? [11]

**Галатиялыктарга 5:22–23**-аяттарда Ыйык Рух эмне кылат? [12]

**Элчилердин иштери 1:8:** Ыйык Рух эмне кылат? [13]

**1 Корунттуктарга 12:7–11:** Ыйык Рух эмне кылат? [14]

**1 Корунттуктарга 12:13:** Ыйык Рух эмне кылат? [15]

Ыйык Рух бизди бөлбөйт, бириктирет. Акыркы жылдары көптөгөн машаякчылар Ыйык Рухтун эмне кылары жөнүндөгү түшүнүк үчүн экиге бөлүнүп калганы Кудайды кейитет.

Башка ишенгендерди сүйбөсөк, анда биз жашообузда Ыйык Рухтун иштешине жол бербей жатабыз.

*Кошумча ой*

**1 Корунттуктарга 14:1–3** окуңуз.

Пабыл бизге кайсы белекти эң көп сурашыбызды кеңеш кылат? [16]

Бул белек эмнеге окшош (3-аят)? [17]

Биздин алдыбыздагы эң чоң милдет — бири-бирибизди бекемдөө, дем берүү жана сооротуу!

Ошентип, Ыйык Рух эмне кылат экен? [18]

1.

2.

3.

4.

5.

6.

# Ыйык Рухка толгон адамдын жашоосу кандай?

**Галатиялыктарга 5:22–23** окуңуз. Ыйык Рухка толгон адамдын жашоосу кандай? [19]

Биздин жашообуз ошондойбу? Эгер андай болбосо, анда биз эмне кылышыбыз керек? (**Лука 11:13** окуңуз.) [20]

**Эфестиктерге 4:30** окуңуз. Канткенде биз Ыйык Рухту капалантабыз? Мисалдарды келтириңиз. [21]

## Ушактар



Биз үчүн ушак — чоң көйгөй. Ушак бирөөнүн аброюн жана жыйынды бузушу мүмкүн. Мүмкүн, сиз жыйынга барбай калган адамдар тууралуу алар жөнүндө башкалар ушак айтышкандыктан улам билесиз. Кантип бири-бирибизге ушак айтпоого жардам бере алабыз? Эгерде кимдир бирөө ушак айта баштаса эмне дей алабыз? [22]



Биз Ыйык Рухка жакканга аракет кылышыбыз керек — аны капалантпашыбыз керек!

Күн сайын Кудайдан сизди Ыйык Рухка толтуруусун сураныңыз, ошондо сиз айланаңыздагылардын бардыгына Ыйсанын жарыгы жана батасы боло аласыз!

### Сиз бүгүн эмнени үйрөндүңүз?

# Жооптор

1 – Башталыш 1:2.
2 – Дөөт.
3 – Ыйык Рухтун жетегиндеги адамдар Эң Жогорку Кудайдын атынан сүйлөшкөн.
4 – *Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, карыяларыңар түш көрүшөт, жаш балдарыңар көрүнүш көрүшөт.*
5 – 1) Ыйык Рух башынан баштап эле иштеп келет!
2) Байыркы Келишимде Ыйык Рух өзгөчө адамдарга жана өзгөчө себептер менен берилген.
3) Кудай пайгамбарларга Ыйык Рухту Кудайдын сөздөрүн элге жеткириш үчүн берген.
4) Кудайдын элине таандык болгондордун баары Ыйык Рухту ала турган убакытты убада кылган.
6 – Иерусалимде эле эмес, жердин учу-кыйырына чейин Ыйсанын күбөлөрү болуу.
7 – Кудай аларды коркок шакирттер эмес, кайраттуу күбөлөргө айлантты. Ошол күнү алар Иерусалимге келгендердин баарына Жакшы Кабарды өз тилинде айта алышкан.
8 – Үч миң адам!
9 – Бардык ишенгендер — тобо кылып, сууга чөмүлгөндөрдүн баары.
10 – Ыйык Рух бизди Кудайга таандык экенибизди, анын балдары экенибизди далилдейт.
11 – Ыйык Рух сыйынууга жардам берет.
12 – Ыйык Рух биздин жүрөгүбүздү жана мүнөзүбүздү өзгөртөт, ошондо биз Ыйсадай болуп калабыз.
13 – Ыйык Рух бизге Ыйса жөнүндө башкалар менен бөлүшүүгө күч берет.
14 – Жыйында бири-бирибизге кызмат кыла алышыбыз үчүн, Ыйык Рух баарына белектерди берет.
15 – Ыйык Рух бизди бириктирет.
16 – Пайгамбарчылык белеги.
17 – Биз адамдар менен аларды бекемдөө үчүн, дем берүү үчүн жана сооротуш үчүн сүйлөшөбүз.
18 – 1) Ыйык Рух биз Кудайга таандык экенибизди жана Анын балдары экенибизди айтат.
2) Ыйык Рух сыйынууга жардам берет.
3) Ыйык Рух биздин жүрөгүбүздү жана мүнөзүбүздү өзгөртөт, ошондо биз Ыйсадай болуп калабыз.
4) Ыйык Рух бизге Ыйса жөнүндө башкалар менен бөлүшүүгө күч берет.
5) Жыйында бири-бирибизге кызмат кыла алышыбыз үчүн, Ыйык Рух ар бир адамга белектерди берет.
6) Ыйык Рух бизди бириктирет.
19 – Бул адам сүйүүгө, кубанычка, тынчтыкка, чыдамкайлыкка, боорукердикке, ишенимдүүлүккө, жумшактыкка жана өзүн кармай билүүгө толот.
20 – Кудайдан бизге Ыйык Рухту беришин суранышыбыз керек!
21 – Канткенде биз Ыйык Рухту капалантабыз: жаман иштерди кылсак, жаман сүйлөсөк, калп айтсак, жаман сөздөрдү айтсак, ушак айтсак, интернеттен жаман нерселерди көрсөк.
22 – Таарынба, бирок мен ушактарды уккум келбейт. Эгерде ошол киши бул жерде болгондо айта албасаңыз, анда мага эч нерсе айтпай эле коюңуз. Башкаларга айтпашым үчүн, укпаганым жакшы!

# 32-сабак:
# Жыйын



## Жыйын кантип башталган?

**Элчилердин иштери 2:36–41** окуңуз. (Бул Ыйык Рухту кабыл алгандан кийинки Петирдин насаатынын аягы.)

Байыркы Келишимде Кудай убада кылган Машаякты эмне кылышты **(36-аят)**? [1]

Муну уккандар кандай кабыл алышты **(37-аят)**? [2]

Петирдин сөзү боюнча кулак салгандар эмне кылышы керек эле **(38-аят)**? [3]

1.

2.

«Тобо кылуу» деген эмнени билдирет? [4]

Сууга чөмүлүү ырымы эмнени билдирет? [5]

Сууга чөмүлүү салты Ыйсаны ээрчип, ишенгендердин үй-бүлөсүнө, жыйынга кошулганыбызды көрсөтөт.

Айрыкча үй-бүлөбүз же досторубуз каршы болуп жатса, сууга чөмүлүү чоң кайраттуулукту талап кылат.

Ыйык Рухту ким кабыл алат **(38–39-аят)**? [6]

## Жыйындын өсүшү

**Элчилердин иштери 1:15:** Ушул күнгө чейин канча машаякчы болгон? [7]

**Элчилердин иштери 2:40–41:** Эң башында алар чочуган шакирттерден турган чакан топ эле. Ошол күндүн аягында дагы канча адам кошулду? [8]

Бул жыйындын башталышы эле!

# Жыйын эмне кылат?

**Элчилердин иштери 2:42–47** окуңуз. Жыйын имарат эмес: жыйын — бул үй-бүлө!

Жыйындын башталышы өзгөчө учур болгон. Бүгүн биз күн сайын чогула албасак, баары бир биз бир үй-бүлөбүз. Ыйса Өзүнүн жолдоочулары Аны ачык ээрчишин каалайт. Биз бири-бирибизге муктажбыз. Биз баарыбыз чогуу чогулуп турушубуз керек.

**42-аятта** ишенгендер эмне кылышкан? [9]

1.

2.

3.

4.

«Алар элчилердин насааттарын угушчу» — бул биз үчүн эмнени билдирет? [10]

Сиз Кудайдын Сөзүн күнүгө окуйсузбу? Кудай жөнүндө мүмкүн болушунча көбүрөөк билгиңиз келеби?

«бири-бири менен баарлашышчу» — бул биз үчүн эмнени билдирет? [11]

Сиз муну кантип аткарасыз?

Эмне үчүн алар дайыма нан сындырууда чогуу болушчу? [12]

Ишенгендер үчүн нанды баары менен чогуу сындыруу абдан маанилүү.

Адамдар биз жөнүндө булар дайыма сыйынышат деп айта алабы?

Биз башкаларды Кудай Өз Падышачылыгына киргизсин деп сыйынып жатабызбы?

## Чакырык

Сиз бир күндө канча мүнөт же саат телефонуңузда отурасыз (сүйлөшүп же социалдык тармактарды карап)? Бир күндө сыйынууга жана Ыйык Китепти окууга канча мүнөт же саат бөлөсүз? Эмне маанилүүрөөк?



## Ыйсанын ысымынан сыйынуу деген эмнени билдирет?



Бул күнөөлөрүбүз бизди Кудайдан ажыратып жатканын моюнга алганыбызды билдирет. Азыр кандай болсок, ошол бойдон Кудай Атабыздын алдына келе албайбыз, укугубуз жок. Бирок, Ыйса айкаш жыгачта төгүлгөн каны менен бизди кечиргендиктен, биз бул мүмкүнчүлүккө ээбиз. Ыйсанын каны аркылуу Кудай биздин сыйынууларыбызды угуп, бизди адил катары көрүп турат! Бул эң сонун сыймык!

Ал эми Ыйсанын атынан сыныйнуу, анын эркине баш ийүү дегенди билдирет.

**44–45-аяттарда** ишенгендер эмне кылышкан? [13]

(Биз бул тууралуу бир мүнөттөн кийин сүйлөшөбүз.)

**46–47-аяттарда** ишенгендер эмне кылышкан? [14]

Биз Кудайды даңктаганда, Ал кубанат жана биз да кубанычка толобуз!

Бул бөлүмдү карасак, адамдар канчалык бат ишенишкен? [15]

Кудай биздин жыйыныбызда да ушуну кылсын!

Ал күндөр эң сонун күндөр эле!

# Канткенде биз жыйыныбызда бири-бирибизге кыйышпас жакын боло алабыз?

Жыйында бири-бирибизге болгон сүйүүбүздү кантип көрсөтө аларыбыз жөнүндө кандай ойлоруңуз бар? Жок дегенде 7 мисал келтириңиз! [16]

1.

2.

3.

4.

5.

6.

7.

Жыйын лидерлери менен тынчсызданууларыңызды бөлүшүүдөн тартынбаңыз, алар силер үчүн сыйынышат. Бул алар үчүн дем-күч: бул сиздин аларга ишенериңизди көрсөтүп турат жана алар Кудай алардын сыйынууларына кандай жооп бергенин көргөндө кубанышат. Жана алар өздөрүнүн насааттары аркылуу жыйынды жакшыраак үйрөтө алышат.

Кудай жыйыныбызда ишенгендердин санын күн сайын көбөйтсүн!

## Чакырык

Жаңы Келишимди окуганда, көп өтпөй жыйында көйгөйлөр пайда боло баштаганын көрөбүз. Кемчиликсиз жыйын жок! Жаңы Иерусалимге жетмейинче жеткилең жыйын болбойт!

Бирок келгиле, мүмкүн болушунча көп адамдар жашообуз аркылуу Кудайды көрүп, Ыйсанын Ким экенин сөздөрүбүз аркылуу билиши үчүн колубуздан келген бардык күчүбүздү жумшайлы!

## *Кошумча:* Акча

Акча жыйын мүчөлөрүнүн арасында көптөгөн көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн! Келгиле, Пабылдын акча тууралуу эмне дегенин карап көрөлү.



- **1 Тиметейге 6:10** Пабыл акча жөнүндө эмне деген? [17]

  Акчаны Кудайдан да көбүрөөк сүйгөндө эмне болот? [18]

- **1 Корунттуктарга 16:2** Пабыл акча жөнүндө эмне деген? [19]

  Пабыл аларды кандай адатка чакырган? [20]

- **2 Тесалоникалыктарга 3:10** Пабыл акча жөнүндө эмне деген? [21]

  Бул эмнени билдирет? [22]

- **Римдиктерге 13:8** Пабыл акча жөнүндө эмне деген? [23]

  Бул биз үчүн эмнени билдирет? [24]

Карыз достукту жана жыйынды бузат!

Пабыл бизге акча жөнүндө эмнени үйрөтөт? [25]

1.

2.

3.

4.

Карызды тез төлөй алганыңызда гана алганга аракет кылыңыз. Эгер сиз чындап эле карызга муктаж болсоңуз, бул тууралуу койчуңуз менен сүйлөшүңүз. Акча маселесинен уяла турган эч нерсе жок. Акчанын айынан достукту жана жыйынды бузганыбыз уят.

Биз адамдарды пайдаланбай, аларга батабызды беришибиз керек.

## Акчага болгон мамилеңизди өзгөртүш керек болгон бир нерсе барбы?

# Жооптор

1 – Алар Аны айкаш жыгачта өлтүрүштү.
2 – Алар абдан капа болушту.
3 – 1) Тобо кылгыла!
2) Ар бириңер сууга чөмүлүү ырымынан өткүлө.
4 – Алар Кудайга баш ийбегени үчүн өкүнүп жатканын айтышы керек. Алар Кудай жиберген Машаякты ээрчиши керек.
5 – Ыйса биздин бардык күнөөлөрүбүздү жууп салганын көрсөтөт. Биз өзүбүз үчүн өлүп, эми Ыйса үчүн жашап жатабыз.
6 – Кудай кимди чакырса ошолордун баары. Бардык ишенгендер — тобо кылып, сууга чөмүлдүрүлүүнү кабыл алгандар.
7 – 120.
8 – Үч миңге жакын адам!
9 – 1) Машаяктын элчилеринин окуткандарын бекем карманышкан.
2) Ар дайым бири-бири менен баарлашууда болушкан.
3) Ар дайым нан сындырууда чогуу болушкан.
4) Дайыма чогуу сыйынышкан.
10 – Биз Кудайдын Сөзүнөн эмнени үйрөнгөнүбүз жөнүндө окуйбуз, ой жүгүртөбүз, талкуулайбыз жана сыйынабыз. Муну биз өзүбүзчө жана башка ишенгендер менен бирге жасашыбыз керек.
11 – Биз бири-бирибизди сүйөбүз жана кам көрөбүз. Биз чогуу убакыт өткөрөбүз.
12 – Алар кечирилиши үчүн Ыйсанын өлүшү керек болгонун эстешти!
13 – Алар абдан кең пейил жана жапа чегүүгө даяр болушкан.
14 – Алар Кудайды даңкташкан.
15 – Күн сайын!
16 – Мисалдар:
1) Жыйындагыларга чалуу;
2) SMS жазуу;
3) Убакыт болгондо жолугуу;
4) Жума сайын жыйынга келүү. Сизди чогулуштан көрүү башка мүчөлөргө дем берет;
5) Мисалы, ооруп калса же көз жарганда, бири-бирибизге жардам берүүгө даяр болуу;
6) Башкалар үчүн сыйынуу;
7) Ыйык Китептен үйрөнгөн нерселериңерди башкалар менен бөлүшүү. Биз Кудайдын Сөзүн канчалык көп билсек, Кудай бизди башкаларга бата болуу үчүн ошончолук көп колдоно алат.
17 – Акчага болгон сүйүү — бардык жамандыктын тамыры.
18 – Биз акчаны Кудайды бактылуу кылуу үчүн эмес, өзүбүздү бактылуу кылуу үчүн коротобуз.
19 – *Аптанын биринчи күнү, ар бириңер өзүңөрдүн тапкан акчаңарга жараша акча чогулткула, мен келгенде чогултуунун кажети калбасын.*
20 – Акчаны курмандыкка берүүгө даяр болуу үчүн, каражатыңыз болгон кезде чогулта бериңиз.
21 – *Ким иштегиси келбесе, ал тиштебесин!*
22 – Жалкоо, иштегиси келбеген адамга акча бербегиле.
23 – *Бири-бириңерди сүйгөндөн башка эч кимге эч нерсе менен карыз болбогула. Анткени жакынын сүйгөн адам мыйзамды аткарган болот.*
24 – Карыздарыбыздан тезирээк кутулушубуз керек!
25 – 1) Бизге Кудай берген акчаны кантип туура пайдалануу боюнча акылмандык керек;
2) берешен болууга даяр болгула;
3) Биз башкаларды иштебей, бош жүрүүгө үндөгүбүз келбейт;
4) Достукту жана жыйынды бузбоо үчүн карыздарыңызды тез арада төлөңүз!

33-сабак:

# Жакшы кабарды башкалар менен бөлүшүү



## Бардык улуттар

**Башталыш 12:1–7**-аяттарда Кудай Ыбрайымга эмнени убада кылган? [1]

Эки миң жылдан кийин, Кудай Өз убадаларын аткарып жатканын көрүп жатабыз!

Байыркы Келишимде Кудай убада кылган Машаякты кантип жибергенин көрдүк. Биз бардык элдер куткарылуу үчүн Машаяк жөнүндө уга турган мезгилде жашап жатабыз.

**Матай 28:18–20**-аяттард Ыйса шакирттерине эмне деген? [2]

**Элчилердин иштери 1:8** окуңуз. Кантип шакирттер аркылуу бардык элдер Ыйсанын жолдоочулары боло алышкан? [3]

Бул иш аягына чыга элек, анткени Ыйса жөнүндө уга элек улуттар бар. Ыйык Китеп өз тилине которула элек жана бир да адам ишенбеген улуттар бар. Мисалы, Дагестан Республикасында (Каспий деңизинин жанында) мындай топтор көп!

Биздин милдетибиз жана максатыбыз — бардык элдердин Ыйса жөнүндө угушу!

Элчилердин иштери китебинде бул процесс кандайча башталганын көрөбүз.

## Иерусалимден

Ыйса шакирттерине Анын күбөлөрү болууну кайсыл жерде айткан (**Эл. иш 1:8**)? [4]

Келгиле, бул жерлер жөнүндө ойлонуп көрөлү.

## 1. Иерусалимде

Эл. иштери китебинде 12 шакирт «элчилер» деп аталат.

Жүйүт Ыйсага чыккынчылык кылып, өмүрүнө кол салгандан кийин, анын ордуна ким тандалган **(Элчилердин иштери 1:26)**? [5]

Бардыгы болуп 12 гана элчи болгон, алар Жыйындын биринчи жетекчилери болгон.

Элчи катарына кийин ким кошулган? **(1 Корунттуктарга 1:1)** [6]

**Элчилердин иштери 6:7** окуңуз. Шакирттер кайсы жерлерде жакшы кабар тарата башташкан? [7]

Бирок Жүйүт башчылары менен Жүйүт падышасы элчилерге каршы чыгышкан.

**5:17–20**-аяттарда жүйүттөр эмне кылышкан? [8]

**7:59–60**-аяттарда эмне болгон? [9]

**5:41–42**-аяттарда элчилер эмне кылышкан? [10]

Көптөгөн адамдар Ыйсага ишенип калышты!

## 2. Жүйүт жеринде жана Самарияда

**Элчилердин иштери 8:2–5:** Катуу куугунтук болгондо эмне болду? [11]

Картаны караңыз. Самария — Иерусалимдин түндүк аймагы.




## 3. Бүткүл дүйнө

**10-бөлүмдү** окуңуз.

Кудай Петирди эмнеге үйрөткөн? [12]

Бул абдан маанилүү учур болгон, анткени ушул маалда биринчи машаякчылар Жакшы Кабар бир эле жүйүттөргө эмес, башка элдерге да арналганын түшүнүшкөн!

**Элчилердин иштери 11:19–21:** Ишенгендер каяка тарашты? [13]




Картаны карагыла.


Финикия — азыркы Ливан.

Учурда Кипр — Түркиянын түштүгүндөгү чоң арал.

Антийохея — Түркиянын Түштүк-Чыгышы — азыркы аты Антакия.

Көптөгөн жүйүттөр жана башка улуттагылар Ыйсага ишенип калышкан!

# Саякат уланууда




**Элчилердин иштери китебинин 13–20**-бөлүмдөрүндө биз Пабыл жана башка элчилер азыркы Түркия менен Грецияны кыдырып, көптөгөн жыйындарды ачышканын окуйбуз. Кийинчерээк Пабыл ошол жыйындарга барган.

Картадагы сызыктар анын саякат кылган жерлерин көрсөтөт.

Элчилердин иштери китебинен Ыйса жөнүндөгү Жакшы Кабарды бардык элдерге таратуу процесси кандайча башталганын көрөбүз. 8-бөлүм 26–40 аяттарда, эң алгачкы африкалык кандайча машаякчы болуп калганын баяндалган. Биз бул процессти кантип уланта алабыз?

Эч качан Ыйса жөнүндө укпаган адамдар менен Жакшы Кабарды кантип бөлүшсөк болот?

Элчилердин иштери китебинде башталган ишти кантип уланта аласыз? Буга байланыштуу кандай ойлоруңуз бар? [14]

### Ыйса шакирттерине ишенип тапшырып берген ишин улантышыңар үчүн бири-бириңер үчүн сыйынгыла!

# Жооптор

1 – Ал андан улуу эл чыгарын, аларга жер берип, ал аркылуу жер жүзүндөгү бардык элдер бата аларын убада кылган.
2 – Баргыла да, бардык элдерди Мага шакирт кылгыла. Аларды Ата, Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга чөмүлдүргүлө.
3 – Ыйык Рух муну кылууга күч берет.
4 – Иерусалимде, бүткүл Жүйүт жеринде, Самарияда жана жердин учу-кыйырына чейин.
5 – Матий.
6 – Пабыл.
7 – Иерусалимде.
8 – Алар кээ бир шакирттерди түрмөгө отургузушту.
9 – Алар Жакыпты өлтүрүштү.
10 – Алар Ыйса жөнүндө Жакшы Кабарын айта беришти!
11 – Көптөгөн ишенгендер Иерусалимден качып кетишкен. Алар бүт Жүйүт аймагы жана Самария боюнча Иерусалимдин түндүгүнө жөнөштү.
12 – Адегенде алар Ыйса жөнүндө эврейлерге гана айтышкан, эми башка улуттагылар (эврейлер бутпарастар деп атаган) менен да бөлүшүшү керек эле — бул адамдар эврей эмес эле, Байыркы Келишимди билишчү эмес жана жалгыз Кудайга сыйынышчу эмес.
13 – Финикияга, Кипрге жана Антиохияга чейин.
14 – Идеялар төмөнкүлөрдү камтыйт:
- Ыйса жөнүндө (сиздин өлкөдө жана башка өлкөлөрдө) такыр укпаган адамдар үчүн сыйынгыла;
- үй-бүлөңүзгө, досторуңузга жана кошуналарыңызга Ыйса жөнүндө айтып, бири-бириңизге колдоо көрсөтүү үчүн досторуңуз менен сыйынгыла;
- башкаларга ишенимдүү түрдө түшүндүрүп берүү үчүн, Ыйык Китептеги окуяны бири-бириңерге түшүндүрүп бергиле.
- Ыйсанын сүйүүсүн айланадагыларга кантип көрсөтө алышыңыз жөнүндө ойлонуп көрүңүз.
- Кудай Ыйса жөнүндө такыр укпаган жерге көчүп барышыңды ачып берип жатабы?

## 34-сабак:

# Жаңы Келишимдеги каттар



Ошол кездеги ишенгендерде Инжил жок болчу. Алар көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Ишенгендерге Ыйсага туура кызмат кылуу боюнча акылмандык керек болчу.

Жаңы Келишимде 21 кат бар. Жыйындар бири-биринен алыс жайгашкандыктан, элчилер жыйындарды бекемдөө үчүн кат жазышкан.

Бул каттарды алган жыйындар аларды көчүрүп жазып, башка жыйындарга жөнөтүшчү. Ушундай жол менен башка жыйындар бул каттардан акылмандуулукка үйрөнө алышкан.

## Инжил бурмаланганбы?



Кээ бир адамдар Инжилдеги Жазуулар бурмаланган деп айтышат.

Бирок бул мүмкүн эмес, анткени каттар жана Жакшы Кабарлар күбөлөр тарабынан же күбөлөрдү билгендер тарабынан жазылган. Аларды биринчи ишенгендер туура деп кабыл алышкандан кийин гана ошол убактагы аймактарга кеңири таратышкан. Буга чейин жазылгандардын баарын чогултуп, анан жаңы версияларды жөнөтүү мүмкүн эмес болчу. Анан дагы, алгачкы ишенгендер чындык деп кабыл алынган нерсени эч кимге өзгөртүүгө уруксат беришмек эмес!

Жаңы Келишимдин 24 миңден ашык кол жазма үзүндүлөрү табылган. Бул кол жазмалардын эки жүз отузу Мухаммед төрөлгөнгө чейинки мезгилге таандык. Кол жазмалардын бул бөлүктөрү маанилүү, анткени алар Жаңы Келишимдин өзгөрүлбөгөндүгүн далилдейт!

Эмне үчүн Инжилдеги Жазууну өзгөртүүгө мүмкүн эмес? [1]

# Каттар:

- ишенгендерди Ыйса жөнүндө жана ишенимде бек турууга жардам берген Ыйса калтырган куткарылуу жөнүндө үйрөткөн;
- ишенгендер туура эмес нерсеге ишенип, кетирген күнөөлөрүн оңдоо үчүн жана чындыкты билиши үчүн керектелген;
- ишенгендерге Кудайга жаккыдай туура жашашты үйрөткөн.

Кат жазгандар кандай үч максатты көздөшкөн: [2]

1.

2.

3.

# Бул каттардын автору ким?

**Жакып, Петир, Жакан** жана **Жүйүт** машаякчыларды бекемдөө үчүн каттарды жазышкан.

**Пабыл** жыйындарга 9 кат жана жеке адамдарга 4 кат жазган: жыйындарды туура башкарууга жардам берүү үчүн **Тиметейге** 2 кат жана **Титке** 1 кат жазган. Ал **Филемонго** жеке кат жазган.

Пабылдын бул 13 каты Жаңы Келишимдин аягында берилген. Алардан кийин Аян китеби турат.

Биз Эврейлерге катты ким жазганын билбейбиз, бирок көптөр аны Пабыл же анын жардамчылары (мисалга алсак, Барнаба же Апполлос) жазган деп эсептешет.

Жаңы Келишимдеги каттардын көбүн ким жазган? [3]

# Бул каттарды кантип түшүнсөк болот?

Каттардын кайсы бир бөлүгүндө эмне жөнүндө жазылганын түшүнүш үчүн, 4 суроо берсек болот:

1. Бул кат жазылганда жыйында кандай көйгөйлөр болгон?

2. Кайсы сөздөр кайталанат? Көптөр өздөрү үчүн кайталануучу сөз айкаштарынын астын сызганды жакшы көрүшөт.

3. Негизги тема эмнеде жана автор эмнени үйрөткүсү келет? Муну жөнөкөй сөз менен айта аласызбы?

4. Ошол жыйын биздин жыйынга эмнеси менен окшош? Биздин кыйынчылыктарыбыз алардыкына эмнеси менен окшош? Бул үзүндүдөгү кайсы маанилүү ой биздин бүгүнкү жыйынга тиешелүү?

Кайсы 4 суроо Жаңы Келишимдин каттарын түшүнүүгө жардам берет? [4]

1.

2.

3.

4.

Келгиле, Колосалыктарга жазылган каттын айрым аяттарын изилдеп көрөлү.

**Колосалыктар 1:9–20** окуңуз.

**1. Аларда кандай көйгөйлөр болгонун элестете аласызбы?** [5]

Жалган окутуучулар ишенгендерге алар билбеген окуулар бар экенин жана Ыйса менен болгон мамиле жетишсиз экенин айтышкан.

**2. Кайсы сөз айкаштар же сөздөр кайталанып жатат?** [6]

**«Бардык»** деген сөз кандай сөз айкаштарында колдонулган? [7]

Ыйсада Кудай менен болгон мамилеге керектүү болгон бардык нерсе бар экенин жана түбөлүк өмүр үчүн дагы бардыгы бар экенин Пабыл аларга айткан!

**3. Негизги тема эмнеде жана автор аларга эмнени үйрөткүсү келген?** [8]

**4. Бул жыйын биздин жыйынга эмнеси менен окшош? Биздин кыйынчылыктарыбыз алардыкы менен кандайча окшош? Бул үзүндүдөгү кайсы маанилүү ой биздин бүгүнкү жыйынга тиешелүү?** [9]

Ыйса жетишсиз бизге дагы башка пайгамбар керек дегендерге эмне дей алабыз? [10]

## *Кошумча:*

Каттарды (же Ыйык Китептин кайсы бир үзүндүсүн) изилдөөнүн дагы бир жолу — окуган бөлүм же үзүндү боюнча 5 суроо берүү. Келгиле, муну чогуу жасап көрөлү.

**1. Бул үзүндү Кудай (Ата, Уул жана Ыйык Рух) жөнүндө эмнени айтып турат?** [11]

**2. Бул үзүндү бизге адамдар жөнүндө эмнени айтып турат?** [12]

**3. Баш ийишибиз үчүн буйрук, эскертүү же үлгү барбы?** [13]

**4. Бул үзүндү аркылуу Кудай бизди эмнеге үйрөтүп жатат?** [14]

**5. Муну ким менен бөлүшө алам?** [15]

Ыйсада Кудай менен болгон мамилебиз үчүн жана түбөлүк өмүр үчүн **бардыгы** бар!

## Үй тапшырма

Биринчи Тесалоникалыктарга окугула, аны эмки сабакта биз чогуу изилдейбиз.

## Жооптор

1 – Анткени каттар жана Жакшы Кабарлар күбөлөр тарабынан же күбөнүн көзү тирүү кезинде жазылган. Алар биринчи ишенгендер тарабынан чындык катары кабыл алынып, андан кийин ошол убакта аймактарга кеңири таралган. Буга чейин жазылгандардын баарын чогултуп, анан жаңы версияларды жазып жөнөтүү мүмкүн эмес болчу. Алгачкы ишенгендер чындык деп кабыл алынган нерсени эч кимге өзгөртүүгө уруксат беришмек эмес!

2 – 1) ишенгендерди Ыйса жөнүндө жана ишенимде бек турууга жардам берген Ыйса калтырган куткарылуу жөнүндө үйрөткөн;
2) ишенгендер туура эмес нерсеге ишенип алып кетирген күнөөлөрүн оңдоо үчүн жана чындыкты билиши үчүн керектелген;
3) ишенгендерге Кудайга жаккыдай туура жашашты үйрөткөн.

3 – Пабыл.

4 – 1) Алардын кандай көйгөйлөрү болгон?
2) Негизги тема эмнеде жана автор аларга эмнени үйрөткүсү келген?
3) Кандай сөз айкаштар же сөздөр кайталанган?
4) Бул жыйын кандайча биздин жыйындарга окшош? Биздин кыйынчылыктарыбыз алардыкына кандайча окшош? Бул үзүндүдөгү кайсы маанилүү ой биздин бүгүнкү жыйындарга тиешелүү?
5 – Алар Ыйсаны жетишсиз деп ойлошту.
6 – Пабыл «бардык» деген сөздү көп жолу кайталаган.
7 – *Ага **бардык** жагынан жагып,*
***бардык** жагынан Кудайды таанып билүүсү өсүп,*
***бардык** жаратылгандан өйдө,*
*Ал аркылуу асмандагы жана жергегинин **бардыгы** жаратылган,*
***бардык** көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөнү,*
***бардыгы** ал аркылуу жана Ал үчүн жаратылган,*
***бардыгын** Ал кармап турат,*
***бардыгынын** башталышы Ал,*
***бардыгынын** туңгучу болуш үчүн ушундай кылган,*
*Ал аркылуу **бардыгын** Өзү менен элдештириш үчүн, айкаш жыгачта канын төгүп,*
***баары** менен тынчтык түзгөн.*
8 – Ыйса — Кудай (15-аят), Ал — көрүнгүс Кудайдын бейнеси, (16-аят), Анын айкаш жыгачта төгүлгөн каны аркылуу тынчтык орнотуп, жердегинин, асмандагынын баарын Ал аркылуу Өзү менен элдештирүүнү туура көрдү (20-аят). Демек, бардыгыбызга эң керектүү жалгыз гана Ыйса!
9 – Кээде адамдар Ыйык Китеп же Ыйса бизге жетишсиз жана дагы башка нерсе керек деп айышат.
10 – Бул үзүндүдөн сиз колдоно турган сөз айкаштарын табыңыз!
11 – Ыйык Рух бизге акылмандык жана түшүнүк берет. Атабыз бизди Өзүнүн ыйык элинин жарык Падышачылыгындагы мурасынан үлүшүн алууга татыктуу кылды.
Ата бизди караңгылыктын бийлигинен куткарып, сүйүктүү Уулунун Падышачылыгына алып келди.
Ыйса Өзүндө бизге көрүнбөгөн Кудайды ачып берди. Ыйса бардык жаратуулардан жогору турат.
Бардык асмандагы жана жердеги нерсе Ыйса аркылуу жаратылган.
Баары Ыйса аркылуу жана Ал үчүн жаратылган.
Бардык нерсе жаратылганга чейин эле Ыйса бар болчу жана бүт баары Ал болгон үчүн турат.
Ыйса дененин башчысы, башкача айтканда, Анын жолдоочуларынын жалпы жамааты.
Ыйса бардык нерсенин башталышы, бардык нерседе тунгучтукка ээ болуу үчүн өлгөндөрдүн арасынан тирилгендердин биринчиси.
Кудайдын жеткилеңдиги Машаякта болушу Кудайга жаккан.
Куткарылууну, күнөөлөрүбүздүн кечирилишин кабыл алышыбыз үчүн Ыйса биз үчүн курман болгон.
12 – Бизди Кудай жараткан жана Анын Уулу куткарган.
13 – Пабыл алар үчүн дайыма сыйынган — бул биз үчүн жакшы үлгү.
Биздин милдет:
- Теңирге татыктуу жашоо жана бардык нерседе Ага жагуу;
- тынымсыз жакшы иштерди кылуу;
- биздин Кудайды көбүрөөк таанып-билүүбүз;
- биз Анын күчү жана улуулугу аркылуу күчтөнүп, чыдамдуу жана кубанычтуу болушубуз;
- бизди Жарык Падышачылыгында, Өзүнүн ыйык элинин мурасынан үлүшүн алууга татыктуу кылган Асмандагы Атабызга биздин ыраазычылык билдирүүбүз.

14 – Бул аяттар аркылуу Кудай сизге эмнени көрсөткөнүн бөлүшүңүз.
15 – Бул сабакты ким менен бөлүшө аласыз, атын атаңыз.

## 35-сабак:

# 1 Тесалоника



## Бул кат жөнүндө жалпы маалымат

Бул кат Грециядагы Тесалоникадагы ишенгендерге жазылган. Картаны карап, Тесалониканы табыңыз.




Балким, бул Пабылдын жазган каттардын биринчиси.

**Эл. иштери 17:1–10:** жыйындын Тесалоникада кантип ачылганын баяндайт.

Пабыл ал жакта канча убакыт болгон? [1]

Тесалоникага биринчи жолу баргандан кийин, Пабыл аларга дагы бир жолу баргысы келген, бирок бара алган эмес.

Ошондуктан, ал аларга кат жазган. Бул, Кудайдын биздин көйгөйлөрүбүздү жакшылыкка айландыргандыгынын жакшы мисалы. 2000 жылдан бери Кудай бул кат аркылуу миллиондогон адамдарга батасын берип келет!

## Бул катта Пабыл төрт нерсе жөнүндө жазган:

1. Пабыл өзүнүн жакшы адам экенин далилдейт. Кээ бир ишенбегендер ал жөнүндө туура эмес сөздөрдү айтышкан **(2:1–3:10)**. Эгерде ишенгендер аны жаман адам деп чечишсе, анын үйрөткөн нерселерине ишенишмек эмес.

2. Пабыл ишеними үчүн куугунтукталган бир туугандарды бекемдеген **(1:2–10; 2:14; 3:1–5)**.

3. Пабыл аларга ыйык жашоону эскертет **(4:1–12; 5:12–22)**.

4. Пабыл муну ишенүүчүлөр өлгөндө эмне болорун жана Ыйса келген учурда алар үчүн кандай келечек даярдалганын түшүндүрүш үчүн жазган **(4:13–5:11)**.

Пабыл Тесалоникадагы ишенгендерге кайсы төрт нерсе тууралуу жазган? [2]

1.

2.

3.

4.

## Биринчи бөлүм

Келгиле, Ыйык Китептин кайсы бир үзүндүсүн изилдөө үчүн колдонула турган 5 суроого жооп берели.

Бул кайсы 5 суроо? [3]

1.

2.

3.

4.

5.

**1. Бул үзүндү бизге Кудай (Ата, Уул жана Ыйык Рух) жөнүндө эмнелерди айтат?** [4]

**2. Бул үзүндү бизге адамдар жөнүндө эмнелерди айтат?** [5]

**3. Баш ий деген буйрук, же эскертүү, же биз туурай алчу үлгү барбы?** [6]

**4. Бул үзүндүдөн Кудай бизди эмнеге үйрөтөт?** [7]

## Ишеним, сүйүү жана үмүт

Ишеним, сүйүү жана үмүт — Пабылдын каттарында маанилүү сөздөр болуп саналат.

Ишеним, сүйүү жана үмүт — жашообуздун пайдубалы. Бул сапаттардын бири бизде жок болсо, ишенимибиз оңой эле куурап калат.

**Ишеним:** Ыйса жакында дүйнөнүн Соту катары кайтып келерин билүү менин күнүмдүк жашоомо таасир этеби?

**Сүйүү:** мага жакпаган, сыйлабаган адам барбы? Эгер ушундай болсо, Кудайдан ага сүйүү көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк беришин сурашым керек. Сүйүүнү иш жүзүндө көрсөтүү аркылуу, биз аларды сүйө алабыз!

**Үмүт:** Ыйсага болгон ишенимибиз үчүн адамдар бизге жаман мамиле жасаса, Ыйса жакында бизди Аны менен бирге болушубуз үчүн алып бараарын билебиз. Ыйса бизге ишенимибизде бекем турууга кайрат берет!

Биз билебиз, Ыйса келгенде, биздин көйгөйлөрүбүз Жаңы Жерге салыштырмалуу эч нерсеге татыбай каларын!

Качан биз кыйынчылыкты кубаныч менен өткөргөндө, адамдар биздин жашообузда Ыйык Рухтун күчүн көрүшөт.

Кызыктуу жагдай, жыйын куугунтукка кабылганда тез өсөт.

**Кандай сапатта Кудайдан өсүшүңүзгө жардам беришин сурашыңыз керек: ишенимде, сүйүүдө же үмүттөбү?**

**5. Муну ким менен бөлүшсөм болот?** [8]

## Үй тапшырма

Ушул жумада катты толугу менен окуп чыгыңыз. Ар бир бөлүмдөн кийин өзүңүзгө ушул беш суроону бериңиз.

# Жооптор

1 – Болгону эки жума (3 ишемби).

2 – 1) Пабыл өзүнүн жакшы адам экенин далилдейт. Кээ бир ишенбегендер ал жөнүндө жамандаган сөздөрдү айтышкан. Эгерде ишенүүчүлөр аны жаман адам деп чечишсе, анын үйрөткөн нерселерине ишенишмек эмес.
2) Пабыл ишеними үчүн куугунтукталган бир туугандарды бекемдеген.
3) Пабыл аларга ыйыктык менен жашоо керек экендигин эскерте кетет.
4) Пабыл ишенүүчүлөр өлгөндө эмне болорун жана Ыйса келгенде алар үчүн кандай болорун түшүндүрүш үчүн жазган.

3 – 1) Бул үзүндү бизге Кудай (Ата, Уул жана Ыйык Рух) жөнүндө эмнелерди айтат?
2) Бул үзүндү бизге адамдар жөнүндө эмнелерди айтат?
3) Баш ий деген буйрук, же эскертүү, же биз туурай алчу үлгү барбы?
4) Бул үзүндүдөн Кудай бизди эмнеге үйрөтөт?
5) Муну ким менен бөлүшө алам?

4 – Кудай аларды жакшы көрөт (4-аят).
Кудай аларды тандап алган (4-аят).
Ыйык Рух адамдарга Кудайга келүү мүмкүнчүлүгүн берет (5-аят).
Ыйык Рух бизге азап тартууда кубаныч тартуулайт (6-аят).
Ал чыныгы жана тирүү Кудай (9-аят).
Ал Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен (10-аят).
Ыйса келет (10-аят).
Ыйса бизди Кудайдын каарынан куткарат (10-аят).

5 – Биз алардын ишениминин иштери жөнүндө, сүйүү менен кылган иштери жөнүндө, Ыйса Теңирге болгон үмүттө бекем турганы жөнүндө билебиз (3-бөлүм).
Алар Пабылды, Сыласты жана Тиметейди туурагандай эле, башка ишенгендер да аларды туурашкан (1,6–7-аяттар).
Ар бир адам алардын ишеними жөнүндө укту, анткени алар көп азап чегишсе да, Жакшы Кабарды кубаныч менен кабыл алышкан (8-аят).
Бир кезде алар буркандарга сыйынышса, азыр тирүү жана чыныгы Кудайга сыйынышат (9-аят).

6 – Пабыл бул шаардагы ишенгендер үчүн Кудайга дайыма ыраазычылык билдирет (2-аят).
Ал дайыма алар үчүн сыйынат (2-аят).
Ишенүүчүлөр башкалар үчүн жакшы үлгү болушкан: алардын иштери ишеним менен жасалган, эмгектери сүйүү менен жасалган, ал эми алардын туруктуулугу үмүт менен шыктанып турган (3-аят).
Алар кыйынчылыктардан өтүп жатып дагы, кубанычын жоготушкан эмес. Бул башка ишенгендер туурай ала турган жакшы үлгү болгон (6-аят).
Алар үчүн эң негизгиси, Ыйса жакында дүйнөнү соттош үчүн келери болгон (10-аят).

7 – Ар ким өз жообун берсин.

8 – Сиз муну менен бөлүшкүңүз келген адамдын атын атаңыз. Аракетиңер ийгиликтүү болсун десеңер, бири-бириңер үчүн сыйынгыла.

## 36-сабак:

# Ыйсанын кайтып келиши жана Кыямат Күн



## Ыйсанын келиши

Бүтүндөй Жаңы Келишимде Ыйсанын келиши жөнүндө айтылат. Ал бизди үйгө алып кетет! Акыры, Кудай Ыбрайымга берген бардык убадаларын аткарат!

Башталыш 12:1—7-аяттарда Кудай Ыбрайымга кандай убадаларды берген? [1]

**Кудайдын эли** кереметтүү жаңы жерде жашайт, ал жерде биз элестеткенден да көп **баталарды** алабыз!

Келгиле, Ыйсанын келишине чейинки күтүү убактысы тууралуу билүү үчүн **Матай 24:1—44**-аяттарын окуйлу.

6—8-аяттарда Ыйса эмне деген? [2]

14-аятта Ыйса эмне деген? [3]

*Кошумча:*

**Матай 24:15—21:** ***ошентип, Даниел пайгамбар аркылуу айтылган кыйратуучу жийиркенич ыйык жайда турганын көргөнүңөрдө...***

Бул аят Даниелдин ийбадатканада коркунучтуу курмандыктар колдонула турган убакытты, андан кийин сот боло турган үрөй учурган мезгил тууралуу пайгамбарлыгына болгон шилтеме (Даниел 9:27; 11:31; 12:11).

167-ж. б.з.ч. Рим императору чындап эле ийбадатканада маскаралык курмандыктарды чалган, анын натыйжасында жүйүттөр көтөрүлүшкө чыгышкан.

Бирок Ыйса эки окуяны алдын ала айтуу үчүн бул сөздөрдү колдонот:

1. Ийбадаткана талкаланат. Бул биздин замандын 70-жылы болгон жана жүйүттөргө эң оор мезгил болгон. Бирок мындан ары Кудай Өз элин кечирүү үчүн ийбадаткана жана анын курмандыктарына муктаж эмес экенин билебиз. Эмнеге? [4]

2. Ыйса ошондой эле Өзүнүн кайтып келиши жөнүндө айтат. Ал келгиче, Кудайдын эли коркунучтуу тирешүүгө туш болот.

15–20-аяттарда Ыйса кайсы эки окуя жөнүндө айткан? [5]

Ыйса кайтып келгенге чейин абал кандай болот **(21-аят)**? [6]

Ыйса Ышайа китебинен цитата келтирет. Ал эмне деп айтты **(29–30-аят)**? [7]

Ыйсанын келгенин ким билет **(30-аят)**? [8]

Бул дүйнөдө жер титирөө сыяктуу табигый кырсыктар болгондо, көптөгөн адамдар бул тууралуу алдын ала телевизор же телефон аркылуу биле алышат. Бирок кээ бир адамдар эмне болорун билбей калышат. Ыйса келгенде, дүйнө жүзүндөгү бардык адамдар бул жөнүндө дароо билишет. Уктап жаткандар ойгонот. Бул тууралуу укпай калган бир да адам болбойт.

Эмнеге Ыйса периштелерин жиберет **(31-аят)**? [9]

Эмне жок кылынат жана эмне түбөлүккө калат **(35-аят)**? [10]

Ыйсанын келер убактысын ким билет **(36-аят)**? [11]

Ыйса жерде Адам болуп жүргөндө, Ал баарын билген эмес. Ал качан келерин билген эмес. Эгер кимдир бирөөлөр Ыйсанын кайтып келген күнүн билебиз десе, ишенбегиле. Кылымдар бою адамдар Ыйсанын кайтып келе турган күнүн алдын ала айтууга аракет кылышкан. Бир да адам туура айткан эмес! Биздин жеткилең Асмандагы Атабыз, мунун качан болорун билет. Биз Ага ишенишибиз керек!

Нух топон суу жөнүндө айтканда, адамдар эмне кылышкан **(37–39 аят)**? [12]

Алар менен эмне болду? [13]

Азыркы адамдар кандайча Нухтун доорундагы адамдарга окшош? [14]

Бул аяттар Ыйсанын келиши жөнүндө эмне дейт (**42–43 аят**)? [15]

Биз эмне кылышыбыз керек (**44-аят**)? [16]

# Сот Күнү

Ыйса бул мисалды Кыямат Күнүн түшүнүшүбүз үчүн айткан.

**Матай 25:31–46** окуңуз.

Ыйса бардык адамдарды экиге бөлөт. Ыйса аларды кайсы жаныбарга салыштырат? [17]

Ыйса кайсы топту Өзүнүн Падышачылыгына чакырат? [18]

Койлор кимдер? [19]

Ыйса бизди кантип соттойт? [20]

Жакан 3:16 түбөлүк өмүрдү ким алат? [21]

Алар бири-бирине карама-каршы келеби? [22]

- Баарыбыз күнөө кылдык. Бирок Кудайдын ырайымы менен Машаяк биздин күнөөлөрүбүздү төлөп, биз кечирилдик. Ушундай жол менен биз Кудайдын алдында акталдык (Римдиктерге 3:23–24)!
- Ыйсанын окшоштугун колдонуу менен баарыбыз «эчки» элек, бирок Кудай бизди кечирип, бизди «койго» айландырды (Римдиктерге 3:23–24)! Биздин Кудай керемет!
- Ыйса бизди куткарганда, Анын элине кызмат кылууну каалашыбыз үчүн, жүрөгүбүздү өзгөртөт;
- Биздин кылган иштерибиз Ыйсага чындап ишенерибизди же ишенбесибизди көрсөтөт. Биз эчкибизби же койбузбу?

Сиздин кылган иштериңиз сиз жөнүндө эмнени күбөлөндүрөт?

Сиз койсузбу же эчкисизби?

Матай менен Жакан экөө тең биздин иш-аракеттерибиз ишенимибиздин далили экенин түшүнүшкөн. Экөө тең Ыйсага ишенсек, жакшы иштерди кылган адамдар болушубуз керек деп жазган. Жакан 3:16 эле эмес, **Жакан 5:28–29** жазган. Бул аяттарда жакшылык кылгандарга эмне болот? [23]

Жамандык кылгандарга эмне болот? [24]

## Бейиш жана тозок

Биз Матай 25:31–46 эки башка жер бар экенин көрөбүз: бейиш жана тозок.

Өзү үчүн жашагандарга Ыйса эмне дейт (34-аят)? [25]

Бул биз уга турган эң сонун сөздөр!

Кудай Асман Падышачылыгын Аны менен түбөлүк өмүр сүрүшүбүз үчүн даярдап койду (Аян 21:3–4).

Эгер Ыйсага ишенсек жана Ага баш ийсек, Кудай бизге мол батасын берет!

41-аятта өздөрү үчүн жашап, Кудайга каршы чыккандарга Ыйса эмне дейт? [26]

Бул адам уга турган эң коркунучтуу сөздөр. Ага баш ийбегендерди Кудай жазалайт.

Алар шайтан жана жиндер менен бирге Кудайдан түбөлүккө ажырашат. Бул түбөлүк өлүм өкүм сүргөн жай болот.

## Ишенимдүүлүк

**1 Жакан 4:15–18** окуңуз.

Кыямат күнүн күтүүдө бизге Ким жардам берет? [27]

Кудайдын биздин ичибизде жашап жатканынын эң чоң далили кайсы **(16–17-аят)**? [28]

## Кудай биздин ичибизде жашап жаткандыгынын кандай далилдери бар?

# Биз Ыйсаны канчалык сүйүп, Ага баш ийебиз?

## Өзүбүздү сынай турган суроолор

**Үйдө:**
Үй-бүлөбүздө бири-бирибизди сүйүүгө жана колдоо көрсөтүүгө болгон күчүбүздү жумшайбызбы? Бизге кызмат кылгандарга (тамак бышырган, тазалаган, кир жууган ж.б.) ыраазычылыгыбызды айтабызбы?

**Жумушта:**
Биз кандай иштеп жатабыз? Жумушубузду көңүлсүз аткарып жатабызбы? Мүмкүн болушунча аз жана мүмкүн болушунча тез иштеп жатабызбы? Же Ыйсаны да, жетекчибизди да ыраазы кылуу үчүн болгон күчүбүздү жумшап, көңүлдүү иштеп жатабызбы?

**Жыйында:**
Биз лидерлерибиз үчүн сыйынып, аларды кубаттап жатабызбы? Биз аларды сыйлайбызбы?
Башкаларга кызмат кылууга жардам берип, чогулуштун аягында тазалашабызбы?
Же бирөө жардамга муктаж болуп турганда биз баш тартып, жардам берүүнү каалабайбызбы?
Биз: «Бул менин проблемам эмес, өз көйгөйлөрүн өздөрү чечишсин», — дейбизби?

**Достук:**
Башка адамдар жөнүндө эмне деп сүйлөйбүз, алар жөнүндө жакшы сөздөрдү айтабызбы же жаман сүйлөйбүзбү?
Эреже мындай: эгер сиз айтып жаткан адамга ал тууралуу сөздөрдү айткыңыз келбесе, анда ал жокто такыр айтпаңыз.
Бизди капа кылып, бизге жакпаган сөздөрдү айткандар үчүн сыйынып жатабызбы?
Эгер кимдир бирөө менен урушуп кетсек, аны менен жарашуу үчүн болгон күчүбүздү жумшап жатабызбы?

### Бул боюнча эмне кылуу сиз үчүн кыйын деп эсептейсиз?

## Чакырык

Ыйсанын келишине даяр болуу деген эмнени билдирет? Ыйсанын кайтып келишине кандай практикалык кадамдарды жасоо керек? [29]


### Бул сабактагы материалдар аркылуу Кудай сизди эмнеге чакырып жатат?

# Жооптор

1 – Эл, жер жана бата.
2 – Көйгөйлөр ар дайым боло берет, бирок бул дүйнөнүн акыры жакында келет дегенди билдирбейт.
3 – Жакшы Кабар бүт дүйнөгө жарыяланат, ошондон кийин гана Ыйса келет.
4 – Ыйсанын өлүмү биздин күнөөлөрүбүз үчүн жалгыз курмандык болгон!
5 – Ийбадаткана талкаланат. Ыйса кайтып келгиче Кудайдын эли катуу каршылыкка дуушар болот.
6 – Өтө оор күндөр болот.
7 – Асманда коркунучтуу алааматболуп баштаганда — бул Ыйсанын кайтып келеринин белгиси болот.
8 – Баары!
9 – Кудайга ишенгендерди чогултуп, үйүнө алып кетиш үчүн.
10 – Ыйсанын сөздөрү түбөлүктүү! Ыйсанын сөздөрү чындык жана эч качан унутулбайт.
11 – Бир гана Кудай.
12 – Алар мурункудай эле жашоосун уланта беришти. Алар жашоодон ырахат алып, каалагандай жашай беришти. Алар Кудайга баш ийишпеди. Алар жашоо түбөлүк уланат деп ойлошту.
13 – Кудай аларды айыптады. Алар топон сууда каза болушту.
14 – Адамдар мурункудай эле жашоосун улантышууда. Алар жашоодон ырахат алып, каалагандай жашап жатышат. Алар Кудайды угушпай эле. Алар жашоо түбөлүк улана берет деп ишенишет.
15 – Бул капысынан, күтүүсүздөн болот.
16 – Биз Ыйсанын келишине даяр болушубуз керек.
17 – Койлор жана эчкилер.
18 – Койлор
19 – Жакшылык кылгандар.
20 – Ыйса бизди кылган иштерибизге жараша соттойт.
21 – Ыйсага ишенгендердин баары.
22 – Жок.
23 – Алар түбөлүк өмүргө ээ болушат.
24 – Алар соттолот.
25 – *Атамдын батасын алгандар, келгиле. Дүйнө жарала электе эле силер үчүн даярдалган Падышачылыкты мураска алгыла!*
26 – *Каргышка калгандар, Менин жанымдан кеткиле! Шайтан менен анын жиндери үчүн даярдалган түбөлүк отко түшкүлө.*
27 – Эгерде биз Ыйсаны Кудайдын Уулу катары таанып, Ага ишенсек, анда Кудай биздин ичибизде жашайт жана бизге Кыямат Күнүн ишенимдүүлүк менен күтүүгө жардам берет.
28 – Биздин Кудайга жана бири-бирибизге болгон сүйүүбүз.
29 – Биз күнүгө Ыйсанын кайтып келишине акыркы күн калгандай жашашыбыз керек.
Кудай күнөөлөрүңөрдү ачып берүүсүн сурангыла жана тобо кылгыла.
Кудайдан сураныңыз, сиз кечиришиңиз керек болгон адам барбы деп?
Досторуңар жана туугандарыңар Ыйса жөнүндө угушуна мүмкүнчүлүк бергиле.

# 37-сабак:

# **Аян** (1-бөлүм)



Биз Аян китебин изилдеп баштоо алдында,изилдөөбүздү эки бөлүккө бөлөлү. Биринчи бөлүктө, биз бул китепте берилген кээ бир ойлорду карап чыгабыз. Экинчи бөлүктө биз бул китептен бир үзүндүнү изилдейбиз.

## Кубаттоо

Жакан Аян китебин жазып жаткан учурда, көптөгөн машаякчылар Ыйсага болгон ишеними үчүн каза табышкан. Рим императору элдердин ага сыйынышын каалаган, бирок машаякчылар андай кылышкан эмес.

Аян китеби ишенгендерди кубаттап, аларга:

- Ыйса — дүйнөнү башкарган чыныгы Падыша экенин,
- Балким, шайтан күчтүү жана арамдыр, бирок ал Ыйса тирилгенде жеңилип калганын,
- Жакында Ыйса дүйнөнү соттош үчүн кайтып келээрин, шайтанды жана Ыйсанын бардык душмандарын тозокко жибererин,
- Ыйсага ишенгендердин баары сонун Жаңы Жерде түбөлүк жашаарын эскертип туруш үчүн жазылган.

Эмне үчүн Жакан жазган адамдар колдоого муктаж болушкан? [1]

Кудай бул китеп аркылуу ошол убактагы ишенгендерге жана бизге эмнени эскерткиси келген? [2]

1.

2.

3.

4.

Биз дем-күчкө канчалык муктажбыз? [3]

Бул китеп аркылуу Кудай бизге эмнени эскерткиси келген? [4]

# Аян

Аян китеби Ыйык Жазуудагы башка китептерден абдан айырмаланып турат. Бул Кудайдын Жаканга берген аяны. Бул аянда ал кызык нерселерди көрүп, угат: алар мааниси бар символдор. Бул жөн гана окуя эмес. Мисалы, бул Элчилердин иштери китебине окшош эмес. Эгерде биз аяндан бир нерсени окугандан кийин түшүнбөсөк, өзүбүзгө: «Бул эмнени билдирет?», — деген суроону беришибиз керек.

Байыркы Келишимде биз пайгамбарларга аян берилген жерлерди табабыз. Алардын көрүнүштөрү мааниге ээ болгон. Мисалы, Даниел, Жезекиел жана Захариянын китептеринен айрым үзүндүлөр.

Аян китебинде көргөн бардык сүрөттөрдү биз Байыркы Келишимден таба алабыз. Эски Келишим бизге Аян китебин гана эмес, Жаңы Келишимдин бардык китептерин түшүнүүгө жардам берет!

Бул китеп Ыйык Жазуудагы башка китептерден эмнеси менен айырмаланат? [5]

Байыркы Келишимде дагы кайсы пайгамбарлар өзгөчө мааниге ээ болгон аян, көрүнүштөрдү алышкан? [6]

Келгиле, Аян китебиндеги кээ бир символдорду карап көрөлү:

# Ажыдаар жана мүйүз

Аян 12:3 Жакан кайсы жаныбарды көргөн? [7]



Ажыдаар кандай мүнөздөмөлөргө ээ? [8]

Ажыдаар кимди чагылдырат? [9]

Анын канча мүйүзү бар? [10]

Келгиле, Байыркы Келишимде 10 мүйүздүү коркунучтуу жаныбар тууралуу айтылган жерди карап көрөлү.

**Даниел 7:7:** Даниел эмнени көргөн? [11]

**Даниел 7:24** бул жырткыч эмнени билдирерин айтып берет.

Он мүйүз эмнени билдирет? [12]

Шайтан бардык жаман саясий күчтөрдүн артында турат. Буга кандай мисалдарды келтире аласыз? [13]



## Сандар

Аян китебинде өзүнчө мааниге ээ көптөгөн сандарды көрөбүз. Булар түз маанидеги сандар эмес — булар белгилер.

Келгиле, Аян китебинде келтирилген айрым сандарды карап көрөлү.

### 7 саны



**Башталыш 2:2** окуңуз. 7 саны эмнени билдирет деп ойлойсуз? [14]

**Аян 1:11** окуңуз. Ыйса Жаканга эмне кылууну буйруган? [15]

Демек, Аян китеби ошол убактагы жана азыркы бардык жыйындарга жазылган кат экенин билдирет!

Кээде биз математикага муктажбыз!

**Аян 12:6** окуңуз. Аял жыйынды билдирет.

Кудай канча убакыт бою ага кам көрүп келет? [16]

Бул канча ай? [17]

Канча жыл? [18]

Эгерде жети жыл түбөлүктүүлүктү билдирсе, анда үч жарым жыл — жети жылдын жарымын түзөт — демек, биздин чөлдөгү убакытыбыз түбөлүккө созулбайт!

### 6 саны



6 саны эмнени билдирет? Бул жетидей эле мааниге ээби? [19]

Алты жети эмес, алты — кемчиликтин саны, демек, ал жаман нерсени билдирет.

Шайтан Кудайды тууруганды жакшы көрөт. Кээде алты саны жетинин жанында эле болгондуктан, биз адашып аны «жети» деп ойлоп алышыбыз мүмкүн, бирок алты — жети эмес, ал сан алты. Шайтан бизди алдаганды жакшы көрөт, ал биздин Кудайга эмес, өзүнө баш ийишибизди каалайт.

Биз кантип Кудайдан же шайтандан экенин айырмалай алабыз? [20]

Жүйүттөр бир нерсеге басым жасагылары келсе, аны үч жолу кайталашкан.

**Ышайа 6:3** сераптар Кудайды кандайча сүрөттөшкөн? [21]

Алар Кудайдын бардык жагынан ыйык экенин айтышкан.

Эгерде 7 кемчиликсиздиктин санын билдирсе жана Кудайга бир санды беришибиз керек болсо, анда биз Ага 777 санын бермекпиз, анткени Ал абсолюттук кемчиликсиз.

Бирок шайтан бизди алдаганды жакшы көрөт. Ал эч качан жакшы боло албайт. Ал толугу менен жаман. Ал Кудайдай боло албайт. **Аян 13:18** ага кандай сан берилген? [22]

Бул эмнени билдирет? [23]

## 10 саны

Жакан убакыт жөнүндө жазганда он күн — бул кыска мөөнөт, ал эми миң жыл — бул узак мезгил. Мисалы:

**Аян 2:10** окуңуз. Алардын куугунтуктары канчага созулат? [24]



Бул кыска убакыт.

**Аян 20:1–6** окуңуз.

Шайтан канча убакытка байланган? [25]

Ишенгендер Ыйса менен канчага чейин бийлик жүргүзүшөт? [26]

Миң жыл — узак убакытты билдирет. Бул Ыйсанын биринчи жана экинчи келишинин ортосундагы (Анын тирилүүсү менен дүйнөнү соттош үчүн келишинин ортосундагы) мезгил. Биз ушул мезгилде жашап жатабыз! Ыйса Өзүнүн Жыйынын башкарып, куруп жатат. Шайтан байланган жана ал каалагандай зыян келтире албайтат. Бир аз убакытөткөн соң, ал коркунучтуу иштерди кылыш үчүн бошотулат, андан кийин Ыйса келет.

Он күн эмнени билдирет? [27]

Миң жыл эмнени билдирет? [28]

Бүгүнкү күндө Ыйсанын жолдоочулары келише албаган чоң маселе — бул Аян 20:1–6 түшүнүү.

Төмөнкүлөрдү эстей жүрөлү:

- Аян китебинде көптөгөн белгилер бар жана алардын бири «1000 жылдык»;
- Эгер бир нерсе маанилүү болсо, Кудай ал жөнүндө Ыйык Китепте көп жолу айтат;
- Биз Ыйык Китепте ачык айтылган нерсеге көңүл буруубуз керек: Ыйса биздин күнөөлөрүбүз үчүн өлдү, Ал тирилди, Ал дүйнөнүн Соту катары кайтып келет, ошондо Ал үчүн жашагандардын баары Аны менен түбөлүктүү Жаңы Жерде жашайт;
- Биз Ыйык Китепте дүйнөнүн акыры жөнүндө так жана кайталанып айтылгандарга бир нерсе кошуудан сак болушубуз керек.
- Ошондой эле биз менен макул болбогондорду да сыйлашыбыз керек!

Башка машаякчылар биз менен бир ойду бөлүшпөгөндө эмнени эстен чыгарбашыбыз керек? [29]

1.

2.

3.

4.

5.

## 12 саны

**Мисирден чыгуу 24:4** окуңуз. Ысрайылда канча уруу болгон? [30]




**Лука 6:13** окуңуз. Ыйса канча шакирт тандаган? [31]

Сиздин оюңузча, 12 саны эмнени билдирет? [32]

**Аян 21:12–14** окуңуз — Бул Жаңы Иерусалимдин сүрөттөлүшү.

Жаңы Иерусалимде канча дарбаза болот? [33]

Дарбазада канча периштелер болот? [34]

Дубалдын канча негизи бар? [35]

Бул коопсуз эң сонун шаар!

Дагы бир аз математика!

12 x 12 көбөйтсө, канча болот? [36]

144 x 1000 көбөйтсө, канча болот? [37]

**Аян 7:4** окуңуз.

Ыйса менен асманда канча адам болот? [38]

Бул ишенүүчүлөрдүн жалпы санына («12») көбөйтүлгөн ишенүүчүлөрдүн жалпы саны («12»), аны эсептеп чыгыш кыйын, аны өтө көп санга көбөйтүү керек (1000).

12 x12 x 1000 = 144 000

144 000 деген эмнени билдирет? [39]

Асмандагы Атабыздын үйүндө бардык ишенүүчүлөр үчүн орун бар! Бул жер тандалган ишенүүчүлөр үчүн гана дегендерге ишенбегиле.

Аян китебиндеги бардык сандар — жөн гана символдор жана түз мааниде кабыл алынбашы керек. Бул сандар аркылуу Кудай бизге эмнени айткысы келет деп өзүбүзгө суроо беришибиз керек.

Жакан Аян китебин эмне үчүн жазган? [40]

## Жаттоо үчүн аят

Бул жерде Ыйсанын жыйынга берген сонун убадасы. Бул Ыйсанын Өз элине айткан сөзү. Ал биздин жаныбызда турат! Ал бизди Өзү менен тыгыз байланышта болууга чакырат!



**Аян 3:20:** *Мына, Мен эшиктин алдында туруп, эшикти чертип жатам. Ким Менин үнүмдү угуп, эшигин ачса, Мен аныкына кирип, аны менен бирге тамак ичем, ал да Мени менен бирге тамак ичет.*

## *Кошумча:* **Сандык тест**

7 саны эмнени билдирет? [41]

6 саны эмнени билдирет? [42]

10 күн деген эмнени билдирет? [43]

12 саны эмнени билдирет? [44]



**Ыйсага ишенгени үчүн куугунтукталып жаткан адамга кантип кайрат бере аласыз?**

**Аян китебиндеги кайсы ойлорду аны менен бөлүшсөңүз болот?**


# Жооптор

1 – Анткени көптөгөн ишенүүчүлөр Ыйсага болгон ишенимдери үчүн өлүшкөн.
2 – 1) Ыйса дүйнөнү башкарган чыныгы Падыша!
2) Балким шайтан күчтүү жана жамандыр, бирок Ыйса тирилип чыкканда, ал жеңилген.
3) Жакында Ыйса дүйнөнү соттош үчүн келет жана шайтанды жана Ыйсанын бардык душмандарын тозокко ыргытат!
4) Ыйсага ишенгендердин баары сонун Жаңы Жерде түбөлүк жашашат!
3 – Күн сайын!
4 – Ыйса дүйнөнү башкарган чыныгы Падыша! Балким шайтан күчтүү жана жамандыр, бирок ал Ыйса тирилип чыкканда жеңилип калган. Жакында Ыйса дүйнөнү соттош үчүн келет жана шайтанды жана Ыйсанын бардык душмандарын тозокко ыргытат!
5 – Бул Кудай Жаканга берген аян. Бул аңгеме эмес!
6 – Даниел, Жезекиел жана Захария.
7 – Ал кызыл ажыдаарды көрдү.
8 – Жаман жана коркунучтуу.
9 – Шайтан.
10 – Он мүйүз.
11 – Ал он мүйүздүү коркунучтуу жырткычты көрдү.
12 – Он падыша.

13 – Гитлер, Сталин, ИГИЛ, Талибан.
14 – Кудай дүйнөнү алты күндө жаратып, жетинчи күнү эс алган. Жети — «кемчиликсиз» же «толук» дегенди билдирет. Жети — Ыйык Китептеги идеалдуу сан.
15 – Жети жыйынга кат жазуу.
16 – 1260 күн.
17 – 42 ай (1260:30 = 42).
18 – Үч жарым жыл (он экиге бөлүнгөн 42 = 3,5).
19 – Жок.
20 – Биз Кудайдын Сөзүн канчалык көп окусак, ошончолук көп чындыкты жалгандан ажырата алабыз.
21 – Ыйык, ыйык, ыйык.
22 – 666.
23 – Ал толугу менен, өтө жаман.
24 – 10 күн.
25 – 1000 жыл.
26 – 1000 жыл.
27 – Кыска убакыт.
28 – Абдан узак убакытты.
29 – 1) Аян китебинде көптөгөн символдор бар жана «1000 жыл» — алардын бири.
2) Эгер бул маанилүү болсо, анда Кудай бул жөнүндө Ыйык Китепте көп жолу айтат.
3) Биз Ыйык Китепте эмне жөнүндө ачык-айкын айтылганына көңүл бурушубуз керек: Ыйса биздин күнөөлөрүбүз үчүн өлдү, Ал тирилди, Ал дүйнөнүн Соту катары кайтып келет, ошондо Ал үчүн жашагандардын баары Аны менен түбөлүктүү кооз жерде — Жаңыдан Жаратылган жайда жашайт.
4) Биз Ыйык Китепте дүйнөнүн акыры жөнүндө так жана кайталанып айтылгандарына бир нерсе кошуудан сак болушубуз керек.
5) Жана биз менен макул болбогондорго да сүйүү көрсөтүшүбүз керек!
30 – 12.
31 – 12.
32 – Толук сумма же толуктук — бири да жок болуп кетпейт.
33 – 12.
34 – 12.
35 – 12.
36 – 144.
37 – 144 000.
38 – 144 000.
39 – Бүткүл ишенүүчүлөрдүн жалпы саны! Бул бардык ишенгендер, мурда жашап өткөн жана азыр жашап жаткан жана бизден кийин да жашай турган бардык ишенүүчүлөрдүн саны!
40 – Ал катуу куугунтукка кабылган жыйынга дем берүү үчүн китеп жазган.
41 – «Кемчиликсиз» же «толук».
42 – Жамандык.
43 – Кыска убакыт.
44 – Толук сумма же толуктук.

## 38-сабак:

# **Аян** (2-бөлүм)



Келгиле, Аян китебинин биринчи бөлүмүндөгү үзүндүнү изилдеп көрөлү.

**Аян 1:12–18** окуңуз.

**12-аят:** Жети чырак эмнени билдирет (20-бетти караңыз)? [1]

**Жакан 8:12:** Ыйса өзүн эмне деп атаган? [2]

Жарык эмне кылат? [3]

Ысрайылдыктар чөлдө баратканда каякка басыш керек экенин кайдан билишкен (Мисирден чыгуу 13:21)? [4]

**Забур 26:1** Кудайды кандай сүрөттөйт? [5]

**Забур 118:105** Кудайдын сөзүн кандай сүрөттөйт? [6]

Ошондо, Ыйса Өзүн «дүйнөнүн жарыгымын» дегендиги менен эмнени айткысы келген? [7]

Эгерде жыйындар — чырактар болгон болсо, алардын милдети кандай? [8]

**Аян 1:13:** Ыйса кайда? [9]

Бул эмнени билдирет? [10]

Ыйса эмне кийип турган? [11]

**Мисирден чыгуу 28:4:** Ким узун белдемчи кийим кийген? [12]

Анын чачы жөнүндө эмне деп жазылган (**Аян 1:14**)? [13]

Ак чач эмнени билдирет? [14]

Даниел 7:9-аятындагы аянда Даниел Кудайды көргөндө, анын чачы да агарып калган.

Бул Кудай жөнүндө эмнени билдирет? [15]

Аян 1:14 Ыйсанын көздөрү жөнүндө эмне деп жазылган? [16]

Бул эмнени билдирерин сиз божомолдой аласызбы? [17]

Ыйсанын буттары жөнүндө эмне деп жазылган (**Аян 1:15**)? [18]

Коло — катуу, жалтырак металл. Мурда колону күзгү катары колдонуш үчүн жылмалап жылтыратышчу. Коло эмне экенин божомолдой аласызбы? [19]

Даниел аянда көзү күйүп турган, колу-буту жездей болгон коркунучтуу адамды көргөн (Даниел 10:6).

**Аян 1:15** Ыйсанын үнү жөнүндө эмне деп жазылган? [20]

Бул эмнени билдирерин божомолдой аласызбы? [21]

Ошол үндү Жезекиел аян көрүп жатканда уккан (Жезекиел 43:2).

Ыйсанын оң колунда эмне болгон (**Аян 1:16**)? [22]

Бул эмнени билдирет (**Аян 1:20**)? [23]

Ыйса бардык периштелердин үстүнөн толук бийликке ээ!

Периштелер эмне кылышат**? Эврейлерге 1:14** окуңуз. [24]

**Аян 1:16** Ыйсанын оозунан эмне чыгат? [25]

Бул эмнени билдирет? **Ышайа 11:4** окуңуз (Машаяк жөнүндөгү пайгамбарчылык). [26]

Анын жүзү жөнүндө эмне деп жазылган? [27]

Инжилде Ыйсанын жүзү качан жаркыраган? **Матай 17:1–2** окуңуз. [28]

Ал эмнени көрсөтөт? [29]

Ыйса Жаканга эмне дейт (**Аян 1:17**)? [30]

Ыйык Китепте «Коркпо!» деп канча жолу айтылат? [31]

Жылдын ар бир күнүнө бир жолудан! Кудай күн сайын коркпошубуз керек экенин эсибизден чыгарбоону каалайт! Биз бир гана Кудайдан коркушубуз керек!

Ыйса бул бөлүмдө дагы эмне деген (**Аян 1:17–18**)? [32]

Бул эмнени билдирет? [33]

## Досторуңузга Ыйсаны кандай мүнөздөйт элеңиз?


## Ыйсаны даңктоо үчүн бул бөлүмдүн сөздөрүн колдонуңуз.

# Жооптор

1 – Жети жыйынды.
2 – Дүйнөнүн жарыгы деп.
3 – Жарык көрүүгө мүмкүнчүлүк берет!
4 – Кудай аларды күндүзү булут мамысына, түнү от мамынын жардамы менен алардын жолун жарык кылган.
5 – *Ал менин жарыгым жана куткаруучум.*
6 – *Бутума чырак, жолума жарык.*
7 – Ал Кудай деп айткан. Бир гана Кудай бизге жүрөгүбүздү көрсөтө алат жана кантип жашашыбыз керектигин көрсөтө алат.
8 – Биздин жамаатыбыздагы жыйын аркылуу Ыйсанын жарыгы жаркырап турсун! Эл биз аркылуу Ыйсанын мээримин жана боорукердигин көрсүн!
9 – Ал чыракпаялардын ортосунда турган.
10 – Ыйса биз менен — Ал бизди таштаган жок!
11 – Ал узун кийим кийип, көкүрөгүн алтын кемер менен курчап алыптыр.
12 – Бул башкы ыйык кызмат кылуучу Аруундун кийими эле.
13 – Анын башындагы чачы ак жүндөй, кардай аппак эле.
14 – Бул адамдын акылмандыгын билдирет — Орто Азияда карыларды «ак сакал» деп коюшат!
15 – Кудайдын акылмандыгы бар.
16 – Көздөрү алоолонгон оттой эле.
17 – Кудай баарын билүүчү. Кудайдан эч нерсени жашыра албайбыз!
18 – Анын буттары мешке ысытылган жездей.
19 – Даңк, күч жана коопсуздук.
20 – Ыйсанын үнү чоң суулардын аккан дабышына окшош.
21 – Ыйса күч жана бийлик менен сүйлөйт.
22 – Жети жылдыз.
23 – Булар жети Жыйындын элчилери же периштелери.
24 – Периштелер биз аларды көрбөсөк дагы, бизге дайыма жардам беришет!
25 – Эки миздүү кылыч.
26 – Ыйса бүт дүйнөнү соттойт!
27 – Анын жүзү жаркыраган күндөй эле.
28 – Ыйса Петир, Жакып жана Жакан менен тоого чыкканда, алардын алдында өзгөргөндө.
29 – Бул Ыйсанын даңкын көрсөтөт.
30 – Коркпо!
31 – 365 жолу.
32 – *Мен биринчимин жана мен акыркымын! Мен тирүүмүн. Өлгөн элем, азыр болсо түбөлүккө тирүүмүн, оомийин. Өлгөндөр жаткан жай менен өлүмдүн ачкычтары Менде!*
33 – Ыйса Машайак түбөлүктүү. Ал өз жанын курмандыкка берип, кайра тирилген. Ошентип, Машаяк бар өлүмдү жеңди! Ошентип, Ал бул дүйнөдө жана Ал бизге эмне болорун чечет биздин түбөлүк келечегибизди чечет.

## 39-сабак:

# Жаңы жаралуу



## Кудай Өз убадаларын аткарат!

Кудай Ыбрайымга кандай убадаларды **Башталыш 12:1—7** берген? [1]

Кудай качан Ыбрайымга берген убадаларын толук аткарат? [2]

## Эл, жер, бата кандай болот?

Жаңыдан Жаратылган дүйнөдө **адамдар** кандай болушат? Кудай менен ким түбөлүк жашайт? **Аян 7:9** окуңуз. [3]

**Жер** кандай болот? **Аян 22:1—5** окунуз. [4]

Кудай бизге кандай **батасын** берет? **Аян 21:3** окуңуз. [5]

Келгиле, бул үч нерсени жакшыраак түшүнүү үчүн **Аян 21:1—8**-аяттарын окуйлу.

## Жаңы Жер

Адам ата менен Обо эне күнөө кылганда, жерге эмне болгон Башталыш 3:17—18? [6]

**Аян 21:1:** Биринчи асман менен жерге эмне болот? [7]



**Аян 21:5:** Кудай эмнени жаңы жаратат? [8]

Кудай Өз элине жаңы үй убада кылган. Ал убадаланган жерден же Эйден багынан алда канча жакшы болот! Жаңы үйүбүздү эч ким буза албайт. Анда шайтан жана Кудайдын башка душмандары болбойт.

**1 Корунттуктарга 15:42–44**-аяттарды окуңуз. Биздин денебиз кандай болот? [9]

Кудай бизди оорусуз жана күнөөсүз кемчиликсиз дене менен жеткилең кылат!

# Эл



**Аян 21:2** окуңуз. Кайсы үч башка сөз айкаштар жыйынды сүрөттөйт? [10]

Алар бизди эмнеге үйрөтөт?

- **Ыйык шаар** — жаман ою жок адамдарды жана бири-бирине таарынычы болбогон коомду элестете аласызбы?

- **Жаңы Иерусалим** — эң сонун шаар! Анда боло тургандын баары жаңы болот жана эч качан эскирбейт!

  Таптаза, таштандылары жок , эски үйлөр жок, аң-чөнөгү жок жолдор, кайырчылык кылган адамдар жок, болбогон нерсени мактаган жарнактары жок.

  Баары сонун, жаңы, таза, тынч жана жакшы!

  Бизди бул дүйнөдө бир нерсе кыжырданткан сайын, биздин чыныгы үйүбүз бул жерде эмес деген Кудайдын эскертүүсү — Ал биз үчүн алда канча жакшы үй даярдап жатат!

- **Күйөөсү үчүн жасалгаланган колукту** — бул ишенүүчүлөрдүн эң сулуу, мээримдүү адамдарга айланганын билдирет!

Ыйса бизди кантип сулуу кылат? **Эфестиктерге 5:25–27** окуңуз. [11]

Анан, албетте, Ыйык Рух Ыйсага көбүрөөк окшош болушубуз үчүн биздин жашообузда иштеп жатат.

Жыйындын бул сүрөттөлүшү анын Кудайдын алдында баалуу экенин түшүнүүгө жардам берет! Биз бири-бирибизге асыл бир туугандай мамиле кылышыбыз керек. Жыйындын ар бир мүчөсү баалуу!

Кудай ар бирибиз менен, биз көбүрөөк Ыйсага окшош болушубуз үчүн иштеп жатат. Бирок азыр биз Жаңы Иерусалимге бараткан жолдо болгондуктан сабырдуу болуп, бири-бирибизди кечиришибиз керек! Биз бири-бирибизге Бейишке жетиш үчүн колубуздан келгендин баарын кылышыбыз керек!

# Бата



**Аян 21:3** окуңуз. Кудай каякта? [12]

Биз жаңы үйдө жаңы адамдар менен гана болбостон, Кудай менен жаңы достукка ээ болобуз!

Эгер биз Ыйсага ишенген болсок, анда биз эле Кудай менен достук мамиледебиз! Бирок жаңы жерде бул мамилебиз алда канча жакын болот! Бул укмуш болот!

**Аян 21:4** окуңуз. Кудай биз үчүн эмне кылат? [13]

Жаңы Иерусалимде эмне болбойт? [14]

**Ышайа 35:10** окуңуз. Жаңы Иерусалимдин тургундары өздөрүн кандай сезишет? [15]

**Аян 21:6** окуңуз. Ыйса Өзүн кандай сүрөттөйт? [16]

Бул эмнени билдирет? [17]

Ыйса бизге эмне берет? [18]

Өмүр суусун Ыйса кимге берет? [19]

Суусап кыйналуу деген эмнени билдирет? [20]

Өмүр суусун ичүү деген эмнени билдирет? **Жакан 7:37–39** окуңуз. [21]

Сиз жашоо суусун күнүгө ичесизби?

# Азыркы учур менен акыр замандын ортосунда

**Аян 21:7** окуңуз. «Жеңүүчү» деген эмнени билдирет? [22]

Качан Ыйсаны ээрчүү кыйын болот? [23]

Биздин сыйлык кандай болот? [24]

Жаңы үйүбүзгө киргенде, ал биз ойлогондон да жакшы болот!

**Аян 21:8** окуңуз. Бардык күнөөкөр адамдарга эмне болот? [25]

## Чакыруу:



Бул аят башка, күнөөкөр адамдар жөнүндө деп ойлоо оңой.

Бирок...

- Биз Ыйсаны ээрчигенден коркобузбу?
- Биз Ага ишенимсиздик кылып алабызбы?
- Биздин ойлорубуз ар дайым тазабы (ички каалоолорубуз Матай 5:27–29)?
- Биз ар дайым башка адамдарды сүйөбүзбү жана аларга жылуу сүйлөйбүзбү (ойлорубузда да — Матай 5:21–22)?
- Биз буркандарга табынбайбызбы? Эң жакшы көргөн нерсебиз — бул биздин бурканыбыз.

**Мыйзамды кайталоо 6:5** окуңуз. Кудайды канчалык сүйүшүбүз керек? [26]

Кудай Аны баарынан да көбүрөөк сүйүшүбүздү каалайт! Бирок биз Жаңы Жерге киргиче, күнөөлөрүбүз менен Аны капа кылабыз.

Кудай бизге күнөөлөрүбүздү көрсөткөндө эмне кылышыбыз керек? [27]

Кудай ар дайым бизди кечирүүгө даяр!

### Кудайдын сизди Ыйсага көбүрөөк окшоштуруусуна жол берип жатасызбы?

Биз бүгүн Жаңы Жаратуу жөнүндө эмне биле алдык? [28]

### Келгиле, Кудай жараткан сулуу колукту болуш үчүн талыкпай эмгектенели!

# Жооптор

1 – Эл, жер жана бата.
2 – Биз Ыйык Китептин тарыхында Кудайдын бул убадалары кантип ишке ашып жатканын көрүп жатабыз. Бирок Кудай убадаларын Бейиште гана толугу менен аткарат, ал жаңы Иерусалим деп да аталат.
3 – Кудайдын Элинде ар улуттагы, уруудагы, элдеги жана тилдеги адамдар болот!
4 – Ал эң сонун жер болот: ачарчылык, күнөө, оору, өлүм, караңгылык, көйгөй жок болот жана биз эч нерседен коркпойбуз.
5 – Кудай бизди биз ойлогондон да көп баталайт. Ааламдын Жаратуучусу, ырайымдуу, боорукер, мээримдүү Кудай, Өзү биз менен жашайт!
6 – Кудай жерди каргаган. Биздин дүйнө бузулган жана талкаланган.
7 – Жакында алар жок болот.
8 – Баарын!
9 – Өлбөс, даңктуу, күчтүү жана рухий!
10 – Ыйык шаар, Жаңы Иерусалим, Күйөөсү үчүн жасалгаланган колукту.
11 – Ал бизге Өзүнүн сөзү аркылуу сүйлөйт, ошондо биз күнөөбүздү түшүнүп, Андан өзгөртүүгө жардам беришин сурайбыз.
12 – Ал Өз эли менен!
13 – Көзүбүздөгү ар бир жашты аарчыйт. Ал биздин бардык түйшүгүбүздү түшүнөт. Ал бизди сооротот.
14 – Мындан ары өлүм, кайгы, ый, оору болбойт.
15 – Адамдар элестетиши кыйын болгон кубанычка толушат!
16 – Альфа жана Омега, Башталышы жана Аягы.
17 – Альфа жана Омега грек арибиндеги биринчи жана акыркы тамгалар болгон. (Жаңы Келишим эң башында грек тилинде жазылган.) Ыйса дүйнөнүн жаралышынын башында болгон, Ыйса дүйнөнүн акырында да келет.
18 – Жашоо суусу.
19 – Суусагандарга.
20 – Бул Кудайга канчалык муктаж экенибизди билдирет. Кудайсыз өлөрүбүздү түшүнөбүз.
21 – Бул Ыйсадан бизди Ыйык Рухуна толтуруусун сурануубу билдирет!
22 – Кандай гана кырдаал болбосун, Ыйсаны ээрчиген адам. Ал акырына чейин ишенимдүү.
23 – Качан:
- Ыйсага ишенгенибиз үчүн адамдар бизге жаман мамиле кылганда.
- Бизди куугунтуктаганда.
- Бул жашоодо эч нерсе окшошпой жатканын сезгенибизде — баары биз каалагандай болбой жатканда.

24 – Биз бардыгын мураска алабыз жана Кудайдын балдары болобуз! Биз түбөлүккө Кудайга таандык болобуз!
25 – Алардын орду күкүрт күйгөн көлдө.
26 – Чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен.
27 – Тобо кыл жана Ыйсадан жүрөгүңдү өзгөртүүнү суран.
28 – Кудай Ыбрайымга берген убадасын Ыйса кайтып келгенде аткарат.
Биз жеткилең денелүү, жаңы үйдө, Кудай менен болгон жаңы достукка ээ жаңы адамдардан болобуз!
Ыйса бизге ал жакка жетишибиз үчүн керектүү нерселердин баарын берет.
Биз Ага акырына чейин ишенимдүү болушубуз керек.

# 40-сабак:
# Ыйык-Китеп окуясы 8 сүрөттө

Бул сабактан үйрөнгөн нерселерибизди кайталоо үчүн, биз бул сүрөттөрдү акыркы жолу, Ыйык Китептеги чоң окуянын негизги ойлорун түшүндүрүш үчүн колдонолу.




Биринчи сүрөттө эмне жөнүндө айтылганын чогуу окуйлу; анан группадагы бир адам бул маалыматты окубастан кайталасын; андан кийин экинчи сүрөттө эмне деп жазылганын чогуу окуп, аны башка бирөө кайталасын. Биз бардык 8 сүрөттү окуп, кайра айтып бергенден кийин, группадагы ар бир адам өз кезеги келгенде текстти окубастан, бардык 8 сүрөттү айтып бере алышы керек.

Сүрөттөрдөгү окуяны айтып жатканда, сиз сабактардан каалаган кошумча деталдарды кошсоңуз болот.




## 1. Жаратуу

Кудай жараткан ар бир нерсе жакшы болду. Кудай биринчи адамдар, Адам ата жана Обо эне менен Эйден багы деп аталган кооз бакчада сүйлөшкөн.




## 2. Күнөөнүн башталышы

Адам ата менен Обо эне Кудайга баш ийбей, шайтанга баш ийишти. Бул аларды Кудайдын баталарынан жана түбөлүк жашоодон ажырап калышына алып келди.

Сүрөттөгү жебе Кудай Эйден багынан жана Өзүнүн катышуусунан биринчи адамдарды кууп чыкканын билдирет.

Ошондон бери адамдар Кудай менен болгон баарлашууну жана Анын алдында болуу мүмкүнчүлүгүн кайра калыбына келтирүүнү каалашат.




## 3. Убадалар

Кудай Ыбрайымга Ал үчүн өзгөчө боло турган **элдин** атасы болорун убада кылган. Ошондой эле Кудай Ыбрайымга бул эл менен чогуу жашай турган **жерди** убада кылган. Ыбрайым аркылуу Кудай бардык элдерге **баталарды** убада кылган.

Таажы — Кудай алардын кайрымдуу падышасы болот дегенди билдирет.

Көк желе — Кудай Өз убадаларына ишенимдүү экенин билдирет (Башталыш 9:13–16). Ал сиз ар дайым ишене турган Адам!




## 4. Мисирден чыгуу

Кудайдын эли бөтөн өлкөгө, Мисирге барып, кул болуп калышат. (Пирамидалар Мисирди билдирет).

Жебе Кудай аларды Мисирдеги кулчулуктан куткарганын билдирет.




## 5. Жер

Кудай Өз элин убадаланган жерге алып келди. Алар бул жерде жашаган канаандыктарды жеңишкен. Канаандыктар жаман эл болушкан.

Кудай Өз элине батасын берип жатты, бирок алар башка кудайларга табынганын токтотушкан жок. Кудай аларды көп жолу эскерткен, акыры аларды кууп жиберген.

Анан Кудай аларды убадаланган жерге алып келди, бирок алар дагы деле Кудайдын мыйзамдарына баш ийбей, күнөө кылгандарын уланта беришти. Аларды күнөөлөрдөн куткаруу үчүн Куткаруучу керек болчу. Аларга адилеттүү башкара турган Падыша керек болчу. Кудай бир күнү мындай адамды: Машаякты жиберерин убада кылган.




## 6. Ыйса Машаяк

Кудай Өз убадасын аткарды! Кудай бул дүйнөгө анын Куткаруучусу болуш үчүн келди. Ыйса деген ысым «Кудай куткарат» дегенди билдирет. Ыйса Кудайдын Машаягы болгон. Ал жеткилең ысрайылдык катары жашап, Кудай менен жеткилең мамиледе болгон жана айкаш жыгачта өлгөн. Анын өлүмү биздин күнөөлөрүбүз үчүн эң сонун курмандык болду, ошондуктан Кудай бизди кечире алат.

Анын тирилүүсү Ал күнөөнү, өлүмдү жана шайтанды жеңгенин көрсөттү! Эми адамдар кайрадан Кудай менен мурдагыдай дос мамиледе боло алышат!




## 7. Ыйсанын кайтып келиши

Азыр Ыйса бейиште.

Жебе Ыйсанын бул дүйнөгө акыры кайтып келип, адамдарды соттой турганын көрсөтүп турат. Кудай Ыйса аркылуу бардык адамдарды соттойт.




# 8. Жаңыдан жаралуу

Падыша Ыйса Өз элин үйүнө алып кетет. Биз Кудай менен жаңы, түбөлүк, убадаланган жерде жашайбыз!

Мындан ары күнөө, кайгы жана өлүм болбойт!

Ыйса Шайтанды тозокко айдайт.

Кудайдын эли жаңы жерде Кудай менен бирге түбөлүк өмүргө ээ болушат!

## Ушул аптада Ыйык Китептеги бул сүрөттөрдүн окуясын кимге айтып бере аласыз?

## Кудайдын Улуу Окуясын билүү бүгүн сизди кандайча бекемдейт?

# Мазмуну


**1-сабак:** Ыйык Жазуунун Китептери . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 5

**2-сабак:** Эң башында . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10

**3-сабак:** Күнөө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 15

**4-сабак:** Кудай жамандыкты жактырбайт . . . . . . . . . . . . . 20

**5-сабак:** Ыбрайымга берилген убада . . . . . . . . . . . . . . . 24

**6-сабак:** Кудайдын убадасы Ыбрайымдын урпактарына өттү . . . . . . . 28

**7-сабак:** Куткаруучу Кудай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35

**8-сабак:** Кудай курмандыктар аркылуу куткарат . . . . . . . . . 40

**9-сабак:** Деңиздин түбү менен басып өтүү . . . . . . . . . . . . 44

**10-сабак:** Курмандыктар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48

**11-сабак:** Он осуят . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 52

**12-сабак:** Жыйын чатыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 59

**13-сабак:** Чөлдөгү жашоо . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63

**14-сабак:** Ыйык-Китеп окуясы 8 сүрөттө . . . . . . . . . . . . . 67

**15-сабак:** Нундун уулу Жашыя . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 69

**16-сабак:** Башкаруучулар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 74

**17-сабак:** Падышалар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 80

**18-сабак:** Дөөт — эң улуу падыша . . . . . . . . . . . . . . . . . 86

**19-сабак:** Даанышмандык китептери: Аюб . . . . . . . . . . . . . 92

**20-сабак:** Даанышмандык китептери: Забур . . . . . . . . . . . . . . . . . . 96

**21-сабак:** 90-Забур. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 100

**22-сабак:** Даанышмандык китептери: Сулаймандын Накыл сөздөрү, Насаатчы жана Ырдын Ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 105

**23-сабак:** Ысрайыл менен Жүйүт пайгамбарлары . . . . . . . . . . . . . . 110

**24-сабак:** Ышайа пайгамбар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 116

**25-сабак:** Некемия . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 120

**26-сабак:** Ыйык-Китеп окуясы 8 сүрөттө. . . . . . . . . . . . . . . . . . . 125

**27-сабак:** Кудайдын адам болушу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 128

**28-сабак:** Машаяк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 131

**29-сабак:** Коркунучтуу трагедиябы же Кудайдын планы аткарылдыбы?. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 136

**30-сабак:** Ыйсанын тирилиши жана асманга көтөрүлүп кетиши. . . . . . 140

**31-сабак:** Ыйык Рух . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 145

**32-сабак:** Жыйын. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 150

**33-сабак:** Жакшы кабарды башкалар менен бөлүшүү . . . . . . . . . . . . 156

**34-сабак:** Жаңы Келишимдеги каттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 160

**35-сабак:** 1 Тесалоника . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 165

**36-сабак:** Ыйсанын кайтып келиши жана Кыямат Күн . . . . . . . . . . . 169

**37-сабак:** Аян (1-бөлүм) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 175

**38-сабак:** Аян (2-бөлүм) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 183

**39-сабак:** Жаңы жаралуу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 187

**40-сабак:** Ыйык-Китеп окуясы 8 сүрөттө. . . . . . . . . . . . . . . . . . . 192

Бул 40 сабактан турган курс сизди Ыйык Китептин окуясы боюн алып барат, ар бир бөлүгүн кантип көрүү бизди Исага көрсөтөт. Башынан баштап биздин Орто Азия маданиятына, курс актуалдуу маселелерди карайт. Ар бир сабакта суроолор көп, жооптор бар баары аягында. Ыйык Китептеги билимдин бардык деңгээлдериндеги машайакчылар дагы ушундай жол менен аны колдонсо болот. Максаты бардык машайакчыларга үйрөнүүгө жардам берүү Кудайдын сөзүн окуганды жакшы көрүү.

KY